

(Кирг)
Э 45



# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР





КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# ЭЛДИК ПОЭМАЛАР

«КЫРГЫЗСТАН»
БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1978

$\frac{743-192}{М 451 (17)-72}$ 190—198—73

Элдик поэмалар. Ф., «Кыргызстан», 1973. ©

156-бет (Кыргыз ССР Илимдер Академиясы. Тил жана адабият институту).
20 см. 5000 экз. 80 т.

Бул китепке элдик ооз-эки чыгармалар: «Карагул ботом», «Кулмырза менен Аксаткын», «Шырдакбек», «Эр Эшим» жана «Мендирман» аттуу поэмалар кирген. Мында элдин өткөн замандагы оор кайгысын, ый-муңун, азап-тозокторун ачыкдаана кылып көрсөтөт.

Народные поэмы.

С (Кирг.)

7—4—3

© «Кыргызстан» басмасы — 1973 ж.

# КИРИШ СӨЗ.

Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында эпикалык жанр аябагандай өнүккөнүн, ал эми «Манас» сыяктуу эпосторду аткаруу бир нече айларга созулганын айрым окумуштуулар туура байкашкан[1]. Дал ушул баатырдык жана турмуштук эпостордун өнүгүшү менен бирдей эле ошол элдин башынан өткөн тарыхий окуяларынын майда издерин өзүнө чагылтып келген татынакай элдик поэмалар да жолугат. Элдик поэмаларда окуялар эпостордой кеңири сүрөттөлбөстөн, каармандын турмушундагы орчундуу бир учуру гана алынат. Буларды жазма адабияттагы жанрларга салыштырсак ыр түрүндөгү повесть же аңгеме деп атоого болот. Мисалы, жыйнакка кирген «Карагул ботом», «Аксаткын менен Кулмырза» поэмалары ыр түрүндөгү аңгемеге окшосо, «Шырдакбек», «Эр Эшим» ыр түрүндөгү повестке окшоп кетет. Ырас, кээде бул чыгармаларды эпос деп да атап жүрөбүз. Бирок бул жыйнакка кирген варианттарын элдик поэма деп атасак туура келет. Анткени, эл оозеки чыгармаларында бир эле чыгарманын ар түрдүү жанрда жана түрүндө жашап калышы ыктымал. Бул жөнүндө алтайлыктардын баатырдык эпосторун изилдеген Н. К. Дмитревдин пикирине кошулбай коюуга болбойт. Ал баатырдык эпостор айрым учурларда майдаланып жөө жомокторго айланып кете турганын көрсөтөт[2]. Мындай фактылар кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынан да көп жолугат. Мисалы, Чоң-Алайдан жыйналган «Эр Манас», «Эр кошой», «Камбар» жөө жомоктору бул ойду далилдеп турат[3]. Жыйнак «Карагул ботом» поэмасы менен башталат. «Карагул ботом»

---

[1] В. В. Радлов, «Түндүк түрк урууларынын элдик адабиятынын үлгүлөрү». I., V, баш сөзүн кара.

[2] Жирмунский, «Народный героический эпос», М—Л., 1962, 271-стр. Н. К. Дмитрев, Предисловие к Алтайскому героическому эпосу «Когут эй», М—Л., 1935 г.

[3] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазма фондусу, Инв. 385, 386.

кыргыз элинде кеңири айтылып келген лиро-эпикалык поэмалардан. Азырынча «Карагул ботомдун» төрт варианты кол жазмалар фондусунда. Алардан башка радиодон берилип, газет бетине жарыяланганлары да бар. «Карагул ботом» эпикалык чыгарма катары белгилүү сюжет, мазмунга ээ. Бирок ошол окуялар негизинен лирикалык планда ишке ашат. Поэманы окуганда өмүр боюнча мергенчилик менен күн көргөн жана баланын зарын тарткан адамдын турмушу көз алдыга элестейт. Карыганда балалуу болуп кубанычка батат. Бирок ал кубаныч көпкө созулбайт. Карыган мерген элик экен деп өз баласын атып алат.

— Мен аркар атып тийгиздим, ботом,
Мен аркар тон кайдан кийгиздим, ботом.
Элик атып тийгиздим, ботом
Элик тон кайдан кийгиздим, ботом.

. . . . . . . . . . . . . . . .

Кулуну өлгөн бээдей, ботом!
Кууратып кеттиң, Карагул ботом!
Ботосу өлгөн төөдөй, ботом
Боздотуп кеттиң, Карагул ботом!
Оо... Карагул ботом!

Мергендин ички сезими, жүрөктөгү кайгысы адамдын каңырыгын түтөтөт. Мурдагы өлгөн төрт баласынын өлүмү чалды мөгдүрөтүп кетсе, Карагулдун өлүмү айтып бүткүс трагедияга айланды. Бул трагедия жалаң баласыздык эмес, ал ошол трагедияга өзү себепчи болгону үчүн өзүнө айтылган каргыш, наалаты сыяктуу. Ошондой эле, «Карагул ботомдо» элдин эң байыркы тотемдик түшүнүктөрү да сакталган. Анткени Ашыр мергендин өз баласын атып алышы кийикти көп кыргандыктан дегендей түшүнүк поэманын негизги идеясынан сезилет. Кийик ээсинин каргышына калган мергендер өлгөн же өмүр боюнча унутулгус жапа чеккен. Бул ойду «Кожожаш» эпосу да далилдеп турат. Ал эми «Карагул, ботомдо» бул мотив эжесинин кошогунан ачык сезилет.

— Кайрыларым бир боорум,
Каруумдан сынды оң колум.
Каруудан колум сындырган,
Кайгылуу как баш оңбогун.
Кайберенге каршыгып,
Карагулумду сомдодуң.

Эл чыгармаларында кийик ээси — Кайберендер ыйык тотем катары каралган. Алар кээде адам болуп көрүнүп, кээде кийик кейпинде эле жолугат деген ишеним сакталган.

«Карагул ботомдун» эл арасында кеңири айтылышына мазмунуна айкалыша келген обону да негизги мүмкүнчүлүктү түзгөн. Ал обон поэмада экинчи өмүр берип баласын аткан чалдын оор кайгысын, түгөнбөс ыйын, боздогонун угуучуга толук элестетүү менен жеткирген. Ал обондон адамдын жан сезимин козгогон оор үшкүрүктөр да угулат.

Ушул эле «Карагул ботом» поэмасы сыяктуу трагедиялуу мотив жыйнакка кирген «Кулмырза менен Аксаткын» поэмасында да көрүнөт. Эл ичинде Аксаткын менен Кулмырзанын окуясын тарыхый болгон окуя катары карашат. Айрым уламаларда бул Алай тарабында болгондугун эскерет. Чындыгында да бул чыгарма «Ак Мөөр» поэмасы сыяктуу турмуш чындыгына эң жакын. Азыркы учурда Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазма фондусунда төрт варианты сакталып турат. Өткөн заманда сүйүшкөн эки ашыктын тилегине жетпей өтүшү же күйүткө чыдабай өлүп кетиши элдик чыгармаларга көп изин калтырган. «Ойдай», «Чалга берген кыздын арманы» сыяктуу майда лирикалык ырларды эске албаганда да «Олжобай менен Кишимжан», «Кулмырза менен Аксаткын», «Ак Мөөр» поэмаларындагы трагедия коомдогу турмуш элестерин сактап келген. Бул поэмалардагы өзүн-өзү өлтүрүү пессимизмге батуу же диндик фанатизмдин көрүнүшү эмес. Турмуштун өзүндө же жалпы эле коомдогу элдик моралда чыныгы сүйүүнү көрсөтүүчү бир белги катары сүйгөнү үчүн өлүүнү далазалап келишкен. Поэманын негизги идеялык багыты башкы каармандарынын өзүн-өзү өлтүрүшү менен адамды өлүмгө түртпөйт. Мында ошол теңсиз турмуштагы ак сүйүүгө каршы чыккан ичи тар бузукуларга, «ата-салты» деген жаман жөрөлгөлөргө, коомдогу адилетсиздикке кыжырланткан күч бар. Сүйгөнү үчүн курман болгон Кишимжандын, Канышайдын же Аксаткындын өлүшү өтө эле кейиштүү элес калтырат. Адам өкүнөт. Аларды ошондой абалга жеткирген адамдарды жек көрүүгө чакырат. Кээде кыялый болсо да өлгөн адамдарды тиргизип сонун ырларды чыгарат. Же ак сүйүү үчүн өлгөн ашыктардын мүрзөсүнүн үстүнө эки гүл чыгарып, булак агызып түбөлүктүү актыгын далазалап муңдуу күүгө салат. Буга Дагестан элинин «Казикумлактык жигит жана азайланттык кызы», казак элинин «Козу көрпөш менен Баян сулуусу», кыргыз элинин «Олжобай менен Кишимжан», «Кулмырза менен Аксаткын» күбө болуп турат. Бул поэмаларда сүйүшкөн жаштар тилегине жетпей курман болушса да, бороон алдындагы чагылгандай ошол өткөн теңсиз турмуштун кайгылуу жарчысындай эсте кала берет.

Элдик оозеки чыгармалардын негизги темасы ошол коомдогу турмуштун орчундуу окуяларын ар дайым чагылдырып келген.

Айрыкча элдик поэмаларда, эпостордо бүтүн бир улуттун башына түшкөн кыргын согуштар, эл азаттыгы жөнүндөгү ойлор менен бирге үй-бүлө турмушундагы трагедия, жалгыздык, баласыздык, сүйгөнүнөн айрылуу иштери да көрсөтүлгөн. Бул жыйнакка киргизилген чыгармаларды негизги мазмунуна карап эки чоң топко бөлүүгө болот. Биринчи топко социалдык-турмуштук маанидегилери. Буга: «Карагул ботом», «Кулмырза менен Аксаткын», поэмаларын кийрүүгө болот. Экинчи топко баатырдык мүнөздөгүлөрү жатат. Алар «Шырдакбек», «Эр Эшим», «Мендирман».

XIV кылымдын аягында батыш Монголияда ойроттордун (калмактар) ири феодалдуу жунгария мамлекети өсүп чыгат. Калмактар Орто Азияда жашаган элдердин көпчүлүгүн каратып катуу эзүү жүргүзө баштаган. Бул кагылыштар калмакка каршы жергиликтүү элдин эркиндик күрөшүн пайда кылган. Алар кийин элдик оозеки чыгармалардын ар түрдүү жанрында чагылтылып келген. Эл ал эзүүдөн куткаруучу легендардык баатырларды жараткан. Орто Азия элдеринде буга далил болуучу — каракалпакта, өзбекте, казакта «Алпамыш» эпосунун версиялары, кыргызда «Манас» трилогиясынан баштап баатырдык кенже эпостордун көпчүлүгү «Эр Табылды», «Эр Эшим», «Шырдакбек» поэмалары кирип кетет.

Калмактар Орто Азиядагы жергиликтүү элдерди басып алгандан кийин чексиз зомбулукту жүргүзгөн. «Эр Солтоной» эпосунда бул мындай сүрөттөлөт:

«Эпсиз калмак кыргыздан,
Эр өлтүрсө кун бербейт.
Эсил кыргыз аздыгы,
Эркисиз жүрүп күн көрбөйт.
. . . . . . . . . . . . .
Же
Кыйынсынып калмактар,
Кыргыздын малын талаган.
Кыйналгандар көп болгон,
Кыз, аял, жаш баладан».

Ушундай эле элдин кыйналганын баяндаган түшүнүк «Шырдакбек» поэмасында да бар. Качан Шырдакбек төрөлгөндө көп кыйноону көргөн эл абдан сүйүнөт:

«Кылымдан көрдүк зордукту,
Кытайдан көрдүк кордукту.
Калчадан көрдүк зордукту,
Калмактан көрдүк кордукту.
Аяк асты болгондо,
Айрып алчу бала деп.

Кордук көрүп жүргөндө,
Коргоп калчу бала деп.
Сынчылар сынап отурду,
Шырдакты сынга толтурду»[1].

Ошентип, эзүүгө каршы жалпы элдин көтөрүлүшү чыгат.

Тарыхый маалыматтарга караганда калмактардын жунгария мамлекети кылымдын башында эч кимге көз каранды болбогон төрт чоң уруунун (Чорос, Хошот, Дурбот, Тургут) хандыгы болгон. Ар бир уруунун башында өзүнүн башкаруучулары турган менен Чорос уруусуна баш ийишкен[2]. Бирок изилдөөчү А. Голубев ал калмак ханы ким болгондугун эскерген эмес. Ага карабастан элдик оозеки чыгармада калмактардын башкы ханы Контажы болгону баяндалат. «Шырдакбек» эпосунда Контажынын Калдама, Ажаан деген эки уулу Чүй боорун жана Анжиянды бийлеп турганы, андан башка калмактардын Чагай, Амурсан деген хандары болгону айтылат. «Эр Солтоной» эпосунда калмак жаны Уюл деп көрсөтүлгөн. Кандай болсо да Жунгария мамлекетинин Орто Азиядагы 2—3 кылымдык бийлиги учурунда бир канча хандар которулганы белгилүү. Кеп мына ошол хандардын көркөм образга кириши жөнүндө болуп жатат. Эпостордогу калмак хандарынын кайсынысын албагын өздөрүнүн кара мүртөс, адилетсиздиги менен белгилүү. Анткени алар ар убактарда эзүүнү, баскынчылыкты жактап турушат. Ал эми баскынчылык согушту баштаган адам канчалык акылдуу болгонуна карабастан адилеттүү боло албасы тарыхтан маалым. Дал ушул жерден «Шырдакбек» эпосундагы бир эпизод эске түшөт. Калмак ханы Чагай Шырдакбектин чебин ала албай койгондон кийин анын аялы аркылуу чептин сырын билүүнү ойлоп, аялды алдыртадан буза баштайт. Аял Шырдакбектин Боз жоргосун минип Чагайга качып барат. Калмак ханы «кантсе да Шырдакбек катынынын баркына жеткен эмес экен, байкушка көп кордук көрсөткөн го» деп ойлойт да сырын сурайт. Анда аял Шырдакбектин аны көлөкөдө бактырып, күнүнө кырк кара койдун шыймылчагындагы чучукка палоо бастырып, алдына мамык төшөп турарын айтат. Ошондо Чагайдын ачуусу келип, аялды эки төөгө тарттырып өлтүрүп, этин кескилеп итке салып жиберет. Шырдакбектин боз жоргосун өзүнө берип достошот.

Негедир эпостун ушул эпизодунда душмандын ханынын адилеттүүлүгүнө эл ыраазы болгонсуйт, табаасы канат. Анткени, аял-

---

[1] Фонд, Инв. 1014, 10-бет.

[2] А. Голубев, «Отрывок из Путешествия в Среднюю Азию — заилкийский край» («Записки императорского Русского географического общества») 1861, Книжка третья Санкпетербург, стр. 106.

дын каргашалуу чыккынчылыгы душманга жакканы менен дегеле адам иштей турган иш эмес. Анын үстүнө элдик чыгармаларда коркок, чыккынчы адамдарды душмандар да жакшы көрбөсү, алар убактылуу гана согушта утуш үчүн пайдаланышканын көрсөтөт. Дал ошонун негизинде Чагайдын Шырдакбектин аялын жазалашы адилеттүүлүктү көрсөттү. Бирок калмак ханы муну башка максатта иштеди. Ал кыргыздарды дагы көпкө эзүү максатын көздөп, Боз жоргону кайра Шырдакбекке берип достошту. Элдик реализм турмуштун эң терең катмарына чейин көрсөтө турганын дал ушул «Шырдакбек» поэмасынан дагы бир жолу түшүнөбүз. Шырдакбек Боз жоргону чөлдөн кармап келгенден кийин калмакка каршы көтөрүлгөн элди бириктирип, Анжиянды бийлеп турган Контажынын Калдама деген баласын кубалап чыгат. Калдама кышында качып келатып көчкүдөн өлөт. Бирок Шырдакбек калмактарды кыргыз жеринен бүтүндөй айдап чыга албаган.

«Ош, Анжиян, Маргалаң,
Ордосу Кокон, Наманган
Аягы Кожонт, Чоң Ташкен,
Сурап турду Шырдакбек»[1].

Буга караганда ал Орто Азиядагы калмактарды түштүктөн гана кубалап чыккан.

Поэманын пайда болушу XVIII кылымдын акырына туура келет го деген ойду пайда кылат. Анткени, А. Голубевдин берген маалыматына караганда калмак мамлекетинин эң акыркы хандыгы кара кыргыздар тарабынан Балкаш көлүнүн жээгинде 1771-жылы талкаланган[2]

Биз бул жерде «Шырдакбек» поэмасындагы окуялар XVIII кылымда өткөн деген пикирди айтканда ошол эле мезгилде поэма жарала калды деген пикирден алыспыз.

Себеби, Боз жорго жана Шырдакбектин аялы жөнүндөгү окуя өзүнчө легенда, жомок катары айтылып көп замандардан бери келаткан сыяктуу. Анда кошумчалар өтө күчтүү.

Шырдакбектин Боз жоргосу «кайыптан бүткөнүн, ал чөлдө туулуп, чөлдө өскөн бир күндө Кашкарга барып, Анжиянга келип турганын» өтө эле апыртып баяндайт. Сынбаты да өзгөчө:

«Атасы тоонун тобурчак
Энеси чөлдүн музбурчак.

---

[1] Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазма фондусу, инв. № 1014, 23-бет.

[2] Отрывок из путешествия в Среднюю Азию — заилийский край» записки И. Р. Общ. 1861, кн. 3., стр. 108.

Кара байыр казан ат,
Калбыр өпкө, жез канат.

. . . . . . . . . . . .

Канаты бар өзүндө
Шарапаттуу буудандын
Шам күйөт эки көзүндө
Бар мүчөсү келишкен
Марал шыйрак, кең соору

. . . . . . . . . . . .

Өркөчү бийик зээри пас,
Өйдөгө салса чарчабас
Аркасы бийик, зээри пас,
Адырга салса чарчабас
Тайкы жал келген чара баш

. . . . . . . . . . . .

Жото жилик жонгондой,
Кар жилиги каккандай,
Казанат буудан боз жорго

. . . . . . . . . . . .

. . . . . . . . . . . .

Жебелеп кетсе жел жетпейт,
Жебеден аткан ок жетпейт[1]
(32—34-беттер)

Эпостук чыгармадагы канаттуу тулпарлардын укмуштуу касиеттери эң байыркы убактагы көрүнүш экенин айрым изилдөөчүлөр абдан туура белгилеп отурат[2].

Ширдакбектин Боз жоргосу да, Эр Эшимдин Шарп куласы да ошол жомоктук тулпарлардан. Учуучу жана сүйлөөчү тулпарлар элдин учкул кыялында жаралган. Экинчи жагынан адамдардын байыркы тотемдик, магиялык түшүнүгү мезгилинде чын эле учуучу жана сүйлөөчү тулпарлардын болушуна ишенишкен.

Эпостогу негизги окуянын бири катары калмактарга каршы Ширдакбектин жүргүзгөн күрөшү болсо да окуянын өнүгүшүндө эки башкы маселе бөлүнүп чыгат. Мунун биринчиси Боз жоргонун өзгөчөлүгү, экинчиси Ширдабектин аялы жөнүндөгү окуя. Боз жоргонун айрым касиеттери легендага айланып кеткендиктен элдик оозеки чыгарманын башка түрүнө да таасирин тийгизген.

---

[1] Көрсөтүлгөн фондуда, инв. 1014.

[2] В. Жирмунский. «Народный героический эпос» 1962, 211-б. 1962, 211-б.

Ал түгүл «Жаңыл Мырза» эпосунда Жаңылды кармаш үчүн кыргыздан эр тандап, тулпар камдаган да эрден Аккочкорду, тулпардан Шырдакбектин Боз жоргосун жактырышкан. Мында экинчи жагынан айтуучулар «Жаңыл Мырза» менен «Шырдакбек» поэмасын байланыштырганы да байкалат. Анын үстүнө карыялардын айтууларына караганда Жаңыл Мырза да, Шырдакбек да XVIII кылымдарда жашаган тарыхый адамдар катары берилген. Эмнеси болсо да тарыхый чындыктын үлүшү бул эки чыгармада бар деп айтарлык Тарыхий фактыларга караганда «Шырдакбек» поэмасында айтылган Амурсан Ойрот мамлекетинин Орто Азиядагы эң акыркы ханы болгон. Ал чечек менен ооруп 1757-жылы өлгөн[1].

Контажынын[2] тушунда Калмада Анжиян тарапты башкарып турган жана ал Шырдакбек менен болгон согушта качып келатып көчкүнүн астында калып өлгөнү поэмада кеңири берилет. Ушул факты да тарыхый изилдөөлөрдө жолугат[3]. Калмак бийлигинин мезгилиндеги окуяларды изилдеп жүргөн А. Вышнегорскийдин «Предания из калмыцского времени у современных кара киргиз Аулиатынского уезда» деген эмгегинде Галден — цэрэн Ташкенди башкарып турганын келтирет[4]. А. Вышнегорский ушул эле эмгегинде калмактардын мамлекетинин талкалана башташын, анын себептерин келтирет да, Кокондо бек болуп турган Шырдакбек менен калмак ханынын ортосунда 12 айга созулган согуш болгонун, ал чатак Боз жоргодон чыкканы кыскача баяндалат.

Согуштун акырында калмак ханы, Шырдакбектин аялынын чыккынчылыгы менен Коконду алып, Шырдакбек жана анын Муратбек, Чурубек (Шурубек болуу керек — С. З.) деген бир тууғандарын даргага тартып, бешиктеги Кабылбек деген баласына Боз жоргону таштап, «Күйөөсүнө жакшылык кылбаган мага жакшылык

---

[1] В. В. Бартольд, «Очерк истории Семиречья» Фрунзе, 1943, 88-бет.

[2] Эскертүү: Кыргыздар Контажыны эпостордо калмактардын башкы каны катары көрсөтөт. Чынында хун-тайчжи калмак ханынын башкы чени болгон. Калмак бийлигинин убагында бир канча хандардын муундары хун-тайчжи деп аталган. 1634-жылы хандык кылган Хара-Хула баласы Батур андан кийинки Галдан жана Галдан-Цэрен да хун-тайчжи деп аталып келген. Тайчжи калмак тилинде төрө, князь, хан деген мааниде колдонулган. Хун деген чоң, башкы деген түшүнүктө болгон. Эпостук чыгармаларда башкы хан же төрө деген түшүнүк кишинин аты катары колдонулуп кетиши ыктымал.

[3] В. В. Бартолддун жогорку эмгегинде, 87-бет.

[4] А. Вышнегорский. Предания из калмыцкого времени у современных — кара киргиз. Аулиатинского уезда» 4-бет (Бул китептин чыккан жылы белгисиз. XIX кылымдын акырында чыккан болуу керек — С. З.)

кылабы» — деп Шырдакбектин аялы Сулуубекти өлтүрүп кетет. Ушинтип, бул улама сөзгө караганда да «Шырдакбек» поэмасындагы окуялар болгон сыяктуу. Бирок биз буга карап Шырдакбекти тарыхий поэма деп айтуудан алыспыз. Анткени поэманын негизи тарыхий чындыкка барып такалса да, абдан көп кошумчаларга дуушар болгон. Ал жогоруда айтылган Боз жоргонун образынан да көрүнүп турат. Поэманын жаралышына алгачкы түрткү Боз жорго жөнүндөгү легенда болсо да, калмак доорундагы кагылыштар, элдик баскынчылардын алдында жабыр тартышы негизги себептерден болгон. Дал ошол учурда Шырдакбек сыяктуу элдик баатыр керек болду. А. М. Горькийдин сөзү менен айтканда алгачкы коомдогу адамдардын өзүн-өзү тарбиялоо ыктары эң эле жөнөкөй болгон. Алар өздөрү күрөшкөн жырткыч айбандардан күчтүүлүгүн көрсөтүп, жеңип чыгуудан мурда арстандарды жеңип чыккан Самсон жана Геркулестер жөнүндөгү жомокторду жараткан[1].

«Шырдакбек» поэмасынын жаралышы да баскынчыларды элдик баатырлардын тайманбаган күрөшү менен гана кубалап чыгууга мүмкүндүгүн көрсөткөн идеяда экенин танууга болбойт. Экинчи четинен алганда ал идеянын турмуштагы чындыгы да болгон. Шырдакбек поэмадагы сүрөттөөдөгүдөй болбогон менен элдин камын ойлогон баатырлардын элесинен, реалдуу образынан келип чыкканы байкалат. Поэма боюнча Шырдакбектин образындагы негизги идея эзилген элди азаттыкка чыгаруу.

— «Казак, кыргыз балдары,
Калкымдан кабар албасам.
Келген калмак бетине,
Келтирип ордо салбасам.
Коломолуу кол баштап,
Кошунум менен барбасам.
Атпай журттун убалы,
Анда менин мойнумда».
(26-бет)

Шырдакбектин мындай бел байлаган сөзү «Курманбек» эпосундагы Курманбектин монологуна окшогон менен конкреттүү бир окуяны кубалап, өнүкпөйт. Мында уруштун жүрүп жаткан майданы, кырк жигиттин же коломолуу колдун согуштук картинасы тартылбайт.

Калмактардын өздөрүнчө гана дүбүрөшүнөн:
«Солондорду сойлотту,

[1] М. Горький «О литературе», 1953, стр. 189.

Соолотмок болду ойротту» (29-бет) деген сөзүнөн кандуу согуш болуп жатканы байкалат. Кыргыздын баатырдык эпосторуна мындай ыкма мүнөздүү эмес. Бирок ага карабастан «Шырдакбекти» баатырдык поэмага кошпой коюуга болбойт. Анткени «Шырдакбек» эпосунун окуясына таандык өзгөчөлүктөр (коргон, Боз жорго, аялынын окуясы) кеңири сүрөттөлгөнү менен эпостун борбордук идеясы калмактар менен болгон күрөшкө арналат. Бирок кийинчерээк эпостогу баатырдык көрүнүштөрдүн жүрүшү анча маанилүү болбостон Шырдакбектин Боз жоргосу жана чыккынчы катыны жөнүндөгү легендага көңүл бөлүнүп негизги багыты бурулуп кеткен.

«Эр Эшим» поэмасы «Шырдакбектеги» калмак менен болгон күрөштүн уландысын көрсөткөн сыяктуу. Элдик уламага караганда Эр Эшим XVII кылымда болгон тарыхий адам. Ошол эле поэмадагы Хан Турсун, Түгөл деген адамдар менен замандаш болуп сырткы жана ички баскынчыларга каршы күрөшөт. Ал кыргыз жеринен сүрүлгөн калмактарды биротоло келгис кылуу үчүн бир топ чабыштарды өткөзөт. Мында дагы «Шырдакбек» поэмасы сыяктуу Эр Эшимдин минген аты Шарпкулага көңүл бөлүнгөн. Тулпардын шумдуктуулугун даңктоо негизги окуяга айланган. Азырынча — «Эр Эшимдин» Тоголок Молдонукунан башка ыр менен берилген варианты жок. Бирок кара сөз түрүндөгү уламыштар кезигет[1]. Ага карабастан эл оозеки чыгармачылыгында «Эр Эшимдин» кеңири айтылып келгенин ал жөнүндөгү «Бадик» ыры да далилдеп турат. Ошондуктан поэманын аягында Эр Эшим жөнүндөгү «Бадикти» кошо берүүнү туура таптык. Эр Эшимдин тарыхий болгондугун далилдөөчү элдик ылакаптар да кезигет. Мисалы — «Эңгечер бойлуу Эр Эшимдей», «Катагандын Кан Турсун, Кан Турсунду ант урсун» (Эр Эшимге дос болуп ант берген, кийин Эшим калмактарга кеткенде антынан танып, Эр Эшимдин элин чаап алганда айтылган — С. З.).

«Эдил кайда, эл кайда,
Карача Торгой жер кайда»

(Эр Эшимди Эдил, Нура жактан келген дешет.— С. З.)
Бул сыяктуу макал ылакаптар бекер жерден пайда болбойт. Ага карабастан «Эр Эшим» поэмасында элдик сонун фантазия эрдик жөнүндөгү ойлору көркөм формада кеңири чагылтылган.

Бул «Элдик поэмалардын» жыйнагы алгачкы гана кадам. Бул жыйнакка кирген поэмалардан башка чакан формада, ар түрдүү маз-

---

[1] Кыргыз ССР Илимдер академиясынын Тил жана адабият институтунун кол жазма фондусу, инв. 1165.

мундагы поэмалар дагы көп. Аларды терең изилдеп элдик варианттарын басмадан чыгаруу негизги милдеттерден. Анткени, бул эпикалык чыгармаларда элдин кылымдардан бери келаткан эң сонун ойлору: эл-жерин сүйүү, мекенин коргоо, адамдык асыл сапат, таза сүйүү даңкталат. Алар ар түрдүү формада бирде адамды суктанткан фантазияда, бирде кашкайган чындыкта, жүрөк элжиреткен көркөмдүктө берилген.

*Сапарбек Закиров.*

**Айткан: САРЫКУНАН.**
**(Сагынбек) ДЫЙКАНБАЕВ.**

## КАРАГУЛ БОТОМ.

Бир чалдын беш уулу болот. Экөө айтышып доодо өлөт. Экөө атышып жүрүп жоодо өлөт. Жалгыз Карагул калат. Бир чети балдарынын кайгысынан, бир чети көнүп калган кесибин таштай албай, чыдап үйдө тура албай чал мылтыгын көтөрүп тоого чыгып кетет. Атама барамын деп Карагул ыйласа бир аз какус-кукус кылып коёт. Бала энесине таарынып, атасын издеп чыгат. Чарчап талыкшып арчанын түбүндө уктап калган Карагулду жолу болбой келе жаткан мергенчи эликтин баласы деп атып алат. Ошондо чал:

— Карагул кулунум, бутум,
Убайым тартып курудум, ботом.
Ушул беле көрөрүм, ботом,
Кыска беле өмүрүң, ботом.
Эрмегим сенден айрылып,
Эмне болот көрөрүм, ботом.
Эркелик менен эригип, ботом,
Кой десе болбой жөнөдүң, ботом.
Койбой жүрүп мергенди, ботом,
Кокуйдан чыкты өнөрүм, ботом.
Адырда аркар жатканда, ботом,
Андып барып атканда, ботом.
Алыска кетчү куу мылтык, ботом.
Менин ардагыма түз тийип, ботом.
Айламды таппай курудум, ботом.
Амалсыздан ич күйүп, ботом.
Жеринде жатып атканда, ботом,
Жетпей калчу куу мылтык, ботом.

Менин жетимиме түз тийип, ботом.
Жетимиш жаштан ашканда, ботом,
Жексен болуп калганча, ботом,
Жерге эле как баш кирсеңчи, ботом.
Менин желегиме түз тийдиң, ботом,
Желегим өлүп ич күйдүм, ботом.
Балдыркандын бар ойлоп,
Бала деп билбей чала ойлоп.
Балалуу элик деп ойлоп,
Бараңдай сага ок койдум, ботом.
Мергендигим карачы,
Атып салдым баламды ай, ботом,
Апаң менен эжеңе,
Аркама салып барамбы, ботом,
Жалгызым сенден айрылып,
Жарык күн болду караңгы ай,
ботом.
Бешөөнөн бирдей ажырап,
Как баш чал болуп каламбы, ай
ботом,
Алгачкы өлгөн Дүйшөнкул, ботом,
Артынан өлгөн Мырзакул, ботом.
Эртелеп кеттиң Эбекул, ботом,
Эмгекке салдың Карагул, ботом.
Мергендиктин акыры,
Мерт таптырды мени бу, ботом.
Экөө айтышып жүрүп доодо өлдү,
ботом,
Экөө атышып жүрүп жоодо өлдү,
ботом.
Какбаштын колу түзүнөн,
Карагул байкуш тоодо өлдү, ботом.
Ак бараң мылтык эгемби, ботом,
Атканда көрдүм сени да, ботом.
Аңтара элик терисин, ботом,
Апаң кийгизиптир тонуңду, ботом.
Качып келип сен жатып, ботом,
Катырдың менин шорумду, ботом.
Атам эки-үчтү атты деп, ботом,
Эликти аңдып жатты деп,
Бөйрөгү менен жүрөгүн,
Мага деп атам бышырып.
Кисесине катты деп.

Турчу элең чуркап жолумду тосуп,
Келчү элең бер деп колуңду созуп.
Айтпай келип артыман,
Атаңды койдуң боздотуп, ботом.
Торпунун жолун торполоп, ботом,
Атамды тосом дедиңби, ботом.
Алдымдан ойноп эркелеп,
Бышырган бөйрөк жүрөгүн,
Берет деп жолго токтойсуң.
Мен кара жолтой как башты,
Келет деп күткөн окшойсуң.
Көзүмдү туман боз чалып,
Коргошун куйма ок салып.
Томпоюп жаткан кысылып,
Тонуңдан бутуң үзүлүп.
Тооруп байкап билбестен,
Тартып ийдим мен карып, ботом.
Эртеңден бери кыдырып,
Эчтеме таппай кайрылдым, ботом.
Элик деп атсам бала экен.
Эрмегим сенден айрылдым, ботом.
Өзүмдүн кылган ишиме,
Өксүдүм өзүм кайгырдым, ботом.
Чыйырчык боздон кийипсиң, ботом,
Чырпыктын башын ийипсиң, ботом.
Чын келер атам жолу деп,
Чындап бир мени кейиттиң, ботом.
Чырпыгым сенден ажырап,
Чыркырап ыйлап күйүктүм, ботом.
Бешөөнөн калган бир жалгыз,
Чынары элең бийиктин.
Каргышына калгамбы,
Кайберен теке, кийиктин, ботом.
Күтсөм бир атам келер деп,
Көлөкөлөп жатыпсың,
Жалбырак үзүп, таш жыйнап,
Көп кызыкка батыпсың.
Атамдын жолун тосом деп,
Апаңа болбой качыпсың.
Айыл кайда мен кайда,
Аябай узак басыпсың.
Өлүмгө жетпей өксөгүр,
Өлгөнүңчө шашыпсың.

Акыры деле барат өлүмгө,
Эмне мынча ашыктың.
Эчкисин аттым эгизден,
Серкесин аттым сегизден.
Жолукканын жөн атпай,
Жонун бастым семизден.
Ажалың менден экен да,
Айланайын бериштем.
Текесин аттым тегизден,
Тең жара аттым чекесин.
Короодон аттым кулжасын,
Кубалай келип артымдан,
Кууратты менин чал башым.
Куураган как баш дедирдиң,
Кудайым мендей кылбасын.
Арык деп эч ким атпаган,
Ээрчите келген мырзасын.
Бастырып ийдим маралын,
Байкабай элик экен деп,
Башын жедим баламын.
Кара канын чууртуп,
Кантип үйгө барамын.
Атаны арман күн болду,
Калган атакең кара жер менен тең
болду.
Букасын башын бургузбай,
Жуушаган жерден тургузбай.
Бугусун койбой көп аттым.
Булчуң эттен, моюндан,
Бузуп тийсин деп аттым.
Кайберенге каршыгып,
Кастарым тигип неге аттым.
Каргышыката болбостон,
Каралдым жалгыз сени аттым.
Кайберен этин тууратты,
Карыганда атаңды,
Как жыгачтай кууратың.
Күйдүрдүң, ботом,
Күйдүрүп кеттиң сүйдүргүм, ботом.
Оо, Карагул жалгызым, ботом,
Жашында кеттиң байкушум, ботом.
Бурчтан түтүн булаттым, ботом,
Бугунун этин тууратты, ботом.

Мусапыр кылып кууратгын, ботом.
Капталдан улап карасам,
Кара улак дедим кара сан.
Эликче бугуп жатыпсың,
Эңкейип өңүп карасам.
Кара каныц чууртуп,
Каруугa салып баратам.
Карагул аткан как баш деп,
Калкымда кимге жанашам.
Эликтин этин жедирдиң, ботом,
Элиме как баш дедирдиң, ботом.
Өлсөм турпак салaрым, ботом,
Өксүсөм колдон аларым, ботом.
Өзөнүмдөн ай батып, ботом,
Өчтүңбү күйгөн панарым, ботом.
Атып алдым сени деп,
Апаңа кантип барамын.
Кара бет эжең чыркырап,
Канакей десе бөбөгүм,
Кандайча жооп табамын.
Ой, Карагул чырагым,
Ойронум чыккан убагым.
Үйгө кантип барам деп,
Ордуңду сыйпап турамын.
Ушак менен өзөктөн,
Кутулбай калды кулагым.
Ушул күнгө туш кылып,
Умсунтуп кетти улагым.
Урушу менден арылбас,
Улуу эжең Зууранын.
Улгайып калган кезимде,
Үшкүрүк тартып куурадым.
Түбүнөн сынды чырпыгым,
Түтүндө калды мылтыгым.
Уча элек темир канаттуу,
Өзөндөн учтуң чымчыгым.
Аркамдан сени ээрчитип,
Асылын көрчү убагым.
Айлыма как баш атандым,
Айламды кандай кылайын.

Эжеси Карагулга арнап жаргактан шым тигип, жол карап эшикке чыкса коктудан кайгылуу үн чыгат. Кыз-

дын жүрөгү опколжуп апасына кайрылып айтып турган жери:

— Ой, апа кайрылыштан чуу чыгат,
Кандайча шумдук болду экен.
Каралдым Карагул деген үн чыгат,
Ой апа, көгүрүм көлдөн буу чыгат.
Көк кайың кессең суу чыгат,
Көрүнбөй Карагул деген чуу чыгат.
Тентегим тектирге чыга жаткан
бейм,
Теке деп как баш аткан бейм.
Теңирден келип шум ажал,
Тентегим өлүп жаткан бейм.
Кубанарым жалгызым,
Курбуга чыга жаткан бейм.
Кубанарым күйөрүм,
Күйгөн канга баткан бейм.

Ошол учурда чал баланы көтөрүп келип, жерге сулк таштап жиберет. Эжеси чыркырап ыйлап, жанын кыйнап айтып жаткан жери:

— Кагылайын бир боорум,
Менин каруумдан сынды оң колум.
Каруумдан колум сындырган,
Кайгылуу как баш оңбогун.
Кайберен деп карышып,
Карагулду сомдодуң.
Менин толгонорум бир боорум,
Томуктан сынды оң колум.
Тозоку как баш оңбогун.
Топ кийикке асылып,
Толгонорум сомдодуң.
Келери менен кийсин деп,
Сары жаргактан шым сайдым.
Садагаң кетсем болбойбу,
Санааңды тартып сумсайдым.
Мен шордуу түр жибектен түр
сайдым,
Бүтүмүн көрдүм кудайдын.
Жалгызым сенден айрылып,
Күйүтүң тартып сумсайдым.
Кайрылышта олтурсам,

Кара атың минип барарым.
Каралдым келе жатыр деп,
Каткырып тосуп аларым.
Агалуу кыздар көп болор,
Менин асти чыкпас кабарым.
Толгонушта олтурсам,
Тору атың минип барарым.
Толукшуп жаркып кубанып,
Жолдон тосуп аларым.
Төрөлгөндөн калбады,
Менин түбүндө чыкпас кабарым.
Атаны как баш оңбогун,
Мурда Дүйшөнкулду жедиң тойбодуң,
Түк да канат койбодуң.
Түгөтсөм деп ойнодуң,
Мырзакулду жедиң тойбодуң.
Бүтүн канат койбодуң.
Карагул жедиң какшаттың,
Таштан тайбас кезимде,
Таманымды аксаттың.
Талыкшып канча ыйласам,
Карагулду таппасмын.
Адырды, адырдай басып бугу аттың,
Адырдан аткан бугуңду,
Ак тексей ылдый кулаттың.
Ак кайыпка асылып,
Ардагым атып сулаттың.
Эчкисин аттың бооз деп,
Улагын аттың кооз деп.
Кысырын аттың семиз деп,
Экөөнү аттың эгиз деп.
Кайрыларым Карагул,
Кайрылып таппай мени издеп,
Уругу бирге чолпонум,
Учуп бердиң эңиштеп.

**Айткан: САДЫКОВ ЧАЛ**

## КУЛМЫРЗА МЕНЕН АКСАТКЫН

Аксаткын Иманалы кызы Кубаттын уулу Кулмырзага ашык болот. Аксаткын кыпчак уруусуна, Кулмырзанын атасы Бек Найман, энеси Кыпчак экен.

Ошентип Аксаткын кызга Кулмырза жээн экен. Бул мындан 100—200 жыл чамасыда мурун болгон иш.

**Аксаткын:**
— Ата бир Задиң[1]
Бек Найман, досум,
Чакмагың болот, кош бычак, досум,
Эне бир задиң сарт, кыпчак, досум.
Сыпа бир мата кызыл кур, досум,
Сыпайы өскөн Мырза уул, досум.
Кытайы жоолук кызыл кур, досум,
Кылапат жигит Мырза уул, досум.
Кылапат жигит Мырза уул, досум.
Өйүз-өйүз өрт албай, досум,
Өрт алган жерге мал салбай, досум.
Чынжырлуу темир коргондо, досум,
Экөөбүз ашык болгондо, досум.
Ал бир баары жаз эле, досум,
Жалама айран аз эле, досум.
Куурай бир терип чыгайын, досум.
Ырдачы аван угайын, досум.
Алтындан алкак, жез сырга, досум,
Алыстан көрсөң кол булга, досум.

---

[1] Задң — түпкү теги.

Кол булгасаң биз мында, досум.
Кызыл гүл лала[1] толо элек, досум,
Кызыксаң ашык бололу, досум.
Миңгениң буудан көк кашка, досум,
Канжыгаң кайыш ак тасма, досум.
Саймалуу калпак, сары шым, досум,
Саякта барбы таанышың, досум.
Кештелүү калпак, сары шым, досум,
Кесекте[2] барбы таанышың, досум.
Булгаары токум, буурул ат, досум,
Бултара чапсаң тер болот, досум.
Бурулуш жайда биздин үй, досум,
Буруп бир өтсөң не болот, досум.
Коён боз кулак боз аттай, досум,
Коктулай чапсаң не болот, досум.
Комуздан ичке биздин бел, досум,
Колтуктап жатсаң не болот, досум.
Адырдагы коёнду, досум,
Атып бир өтсөң не болот, досум.
Алмадан жыттуу койнум бар, досум,
Жатып бир өтсөң не болот, досум.
Жатпай бир өтсөң кэ болот, досум.
Медиян чөлдө не турат, досум,
Безбелек байлап, суксар ат, досум,
Беш көкүл чачым кулпурат, досум.
Кулпурган чачты сылап өт, досум,
Бейпаян жигит Мырза уул, досум.
Бир келип алым сурап өт, досум.
Карай бир көлдө не турат, досум,
Каш калдак байлап, суксур ат досум.
Карай бир чачым кулпурат, досум.
Карай бир чачты сылап өт, досум,
Кайрыкер досум, Мырза уул, досум.
Кайрылып алым сурап өт, досум,
Кубаттын уулу Кулмырза, досум.
Чөнтөгүң толгон пул Мырза, досум.
Ычкырың папик[1] кырк муун, досум,
Ышкыман кетпейт Мырза уул, досум.
Кубаттын уулу Кулдаяр, досум,
Кудайдан досу шумдай ай, досум.

---

[1] Лала — жоогазын.
[2] Кезек — уруунун аты.
[1] Папик — чачы, чачык маанисинде.

Боз аттуу киши көрүнсө, досум,
Болжошкон жарым деп турам, досум.
Боз аттуу киши болбосо ай, досум,
Тулку бир боюм жерге урам, досум.
Кара аттуу киши көрүнсө ай, досум,
Кайым айткан жарым деп турам, досум.
Кара аттуу киши болбосо, досум,
Как төбөмдү жерге урам, досум.
Чакмагың болот куурасам, досум,
Уйкум бир келбейт оонасам, досум.
Аташым жигит салтанат, досум,
Кийген бир тонуң ак манат, досум,
Ак уруп жарың дак[1] калат, досум,
Сарайдан чыккан сарт уул, досум,
Сагынсам келбейт Мырза уул, досум.
Арс ичик кийсең дилегей, досум,
Азанда чыктың желбегей, досум.
Азанда чыксаң кел бери, досум.
Түлкү ичик кийдиң дилегей, досум,
Түндөсү чыктың желбегей, досум.
Желбегей чыксаң кел бери ай, досум.
Укурук сүйрөп жылкы айдап, досум,
Урматы кайсы оюндун, досум.
Кымыз бир ичпей кыз кучпай[2], досум.
Кызыгы кайсы оюндун, досум.
Ак-Жунус ылдый чаңдаттың, досум,
Ашкере сулуу мен турсам, досум,
Алейне сулуу тандаттың, досум.
Көк-Жунус ылдый чаңдаттың, досум,
Көрүнө сулуу мен турсам, досум,
Көркөм бир сулуу тандаттың, досум.
Мырза уул эмес молдо уул, досум,
Эки бир көзүм жолдо уул, досум.
Аташым жигит салтанат, досум,
Ак уруп жарың дак калат, досум.
Саймалуудан сарт өттү ай, жигит,
Экөөбүз ашык болгондо, досум,
Ала бир баар жаз эле, досум.
Жалама айран аз эле, досум.
Эл эңкейип көчкөндө, досум,

---

[1] Дак калат — айласыз арманда калат.
[2] Кучпай — кучактабай.

Энекем үйүн чечкенде, досум.
Биз суу бойлоп барып конгонбуз, досум,
Мен сөбил калган сеп жайып, досум,
Үлкү түшкөн үй жыйып, досум,
Мен керege жайып, уук улап,
Турат элем гүл бурап, досум.
Мен ашкана түрүп, чий калап, досум,
Адамдын ичин куйкалап, досум,
Айылдан чыктым гүл бурап, досум.
Сен жогортон келдиң жорго боз, досум,
Жорго боз минип жок сурап, досум.
Жоготкон жогуң айтканда, досум,
Энекем айтты ат ал деп, досум.
Эки бир жагым карасам, досум,
Илгенчи[1] бала жок экен, досум.
Атыңды алып байларда, досум.
Жылооңдон кармарда, досум,
Сүйөнүп түштүң мен жакка, досум.
Мен шойкомуң шондо билгемин, досум,
Мыйыгымдан күлгөмүн, досум.
Мен назарыма илгемин, досум.
Мен кайрылып эшик ачарда, досум,
Кабыргамдан кармадың, досум.
Энекем как баш билет деп,
Кайкалап барып токтодум, досум.
сүйрөп бир кийиз саларда, досум.
Сүбөөмдөн кармадың, досум.
Мен сүйрөлүп барып токтодум, досум.
Байтал бээнин бал кымыз, досум,
Кулан бээнин курч кымыз, досум,
Кытайдан келген кыр аяк, досум
Кырмачы кырган сыр аяк, досум.
Илеби жука сары аяк, досум.
Энекем куйду мен сундум, досум,
Бармагым баса кармадың, досум,
Кара бир көздөн жаш чыкты ай, досум.
Сен атганып кеттиң бел жакка, досум
Мен чакырып алдым бер жакка, досум.
Күндүзү келбей түндө кел, досум,
Аттуу келбей жөө кел, досум.
Экөө бир келбей бирөө кел, досум,

[1] Илгенчи — жумшоочу бала.

Кокту бир менен келбегин, досум,
Койчуман кулдар жүрүүчү, досум,
Коктулай шоокум салбасын, досум.
Жылга бир менен келбегин, досум,
Жылкычы, кулдар жүрүүчү, досум
Жылгалай шоокум салбасын, досум.
Оң капшыт менен кирбегин, досум,
Атакемдин үч түлөк болгон кушу бар,
досум,
Этегиң тийип калбасын, досум.
Шыркырап дабыш бербесин, досум.
Уйкусу каткан атам бар, досум,
Сүрүп бир шоокум салбасын, досум.
Коломто менен келбегин, досум,
Өзүмдөн кичик сиңдим бар, досум.
Түн ортосу болгондо, досум,
Тууралапып кетичү, досум,
Анын балтырын басып албагын, досум.
Бакырып шоокум салбасын, досум.
Эми сен кой аралай качпагын, досум,
Коңшунун уулу Коңурбай, досум,
Катуу бир чаап койбосун, досум.
Аташым жигит салтанат, досум,
Ак уруп жарың дак калат, досум.

Эми Аксаткын менен Мырза уулдун бирге жаткан түндөрү. Экөө бирге уктап жатканда, Аксаткын чочуп ойгонуп кетти.

**Аксаткын:**

Абада торгой сайрады досум.
Таң атканга окшойду досум.
Козголчу менин койнумдан, досум.
Короодо койлор бышкырат, досум,
Козголчу менин койнумдан, досум.
Сопу атам азан чакырат, досум.
Таң атканга окшойду, досум.
Козголчу менин койнумдан, досум.

**Мырза уул**

— Абада торгой сайраса жаным,
Ач турумтай жолуксун жаным.
Козголбойт сенин койнуңдан, жаным:
Короодо койлор бышкырса жаным,

Ач бөрүгө жолуксун жаным.
Козголбойт сенин койнудан жаным
Сопу атаң азан чакырса жаным,
Кой оору дартка жолуксун жаным.
Козголбойт сенин койнуңдан жаным.

**Аксаткын:**

Кош камчы тиет сооруңа, досум,
Козголчу менин койнуман, досум.
Кош бычак кирет бооруңа, досум.
Козголчу менин койнуман, досум.

Ошо тапта сырттан бир киши кирип келип Кулмырзаны бычак менен бир уруп өлтүрөт. Өлтүргөндөн кийин Аксаткын арс ичигин колтуктап, түлкү ичигин чүмкөнүп алып, эшикке чыкты да Кулмырзанын тушунда туруп ыйлады.

— Эчки бир жеген эрмендей, досум,
— Энди эле болдум шермендей, досум.
Кыр-кырда басып ыйлайын, досум,
Кылыгыңды сыйлайын, досум.
Ой-ойдо басып ыйлайын, досум,
Арбагыңды сыйлайын, досум.
Өзөлөнүп ыйларга, досум,
Өз алган жарың мен эмес, досум.
Кызырканып ыйларга, досум,
Кыз алган жарың мен эмес, досум.

Мырза уулдун өлүгүн эшикке чыгарып, жылаңач таштады. Аксаткын өлүгүн көрүп дагы үн салды:

— Үй айланып карасам,
Түлкү ичик жатат жеңи жок.
Там айланып карасам,
Мырза уул жатат жаны жок.
Алапар итиң кабаган,
Кубат байдын айлына,
Азанда барды чабаган.

Анан кийин кыз атасы калкты чогултту да Аксаткынга: — Балам, сен Кулмырзага мынча күйүп ыйладың балам, мен тобуман улан жыйайын, каалаганыңдын атын Кулмырза коюп берейин. Калкымдан улан жыйайын балам, каалаганыңды Кулмырза коюп берейин — дейт.

**Аксаткын:**

— Калкымдан улан жыйгандай, ата,
Кайыбас карала каймал мен эмес, ата.
Кайыта турган кара ала атан сен эмес, ата.
Тобумдан улан жыйгандай, ата,
Токтобос тору ала байтал мен эмес, ата.
Токтото турган тору ала айгыр сен эмес, ата.
Менин Кулмырзам өлсө куп болот, ата.

Таежеси Аксаткын өлсө, жуп болот ата — деп Аксаткын өзүн бычак менен бир коюп өлтүрдү.

Айткан: **ТОГОЛОК МОЛДО**

## ШЫРДАКБЕК

Шырдакбек Кыпчак уруусунан Эшимкандын тукуму. Тейитбек, Курманбек, Сейитбек, Шырдакбек болуп, бүткүл Анжиян каратып, калмак менен беттешип турган. Бул кезде калмактын ханы Чагай болуп, бүтүн алты шаар Кашкарды бийлеп турган. Амурзан Атбашыда туруп, бул арада Контаажы менен Чагай хандык талашып, калмактан калаба[1] салып Чагайга келет. Буга Чагай орун бербей Контаажыны Ала-Тоого айдап жиберген.

Контаажы ээн жер, ээн элге келип, Чуйдүн башы Кеминден орун алган. Башы Ысык-Көл, Кызыл-Кыяга чейин, аягы Талас түн тарабы Иле, күн жүрүш тарабы Анжиянга чейин хандык кылып кылкты сурап турган. Калдама деген уулун Анжиянды суратып койгон. Ажаан деген уулу Сары өзөн Чүй, Кочкор, Жумгал, Нарынды сурап турган. Контаажы өзү Иле, Ысык-Көлдү сураган.

— Сөзгө көңүл салгыла,
Баатыр Шырдак хан болгон.
Нечен түрлүү иш кылган,
Кабарын угуп алгыла,
Анжиянда туулган,
Ааламга кенен чуу салган.
Туйгун Шырдак баатырдай,
Туулбайт адам уулдан
Хан Шырдактын энеси,
Боюна Шырдак болгондо,

[1] Калаба — Чатак, чыр.

Үч ай бүтүн толгондо,
Талгак болду энеси.
Кабылан жолборс этине,
Жан чыдабай бетине.
Тамак ичпей талыгып,
Жолборстун эти табылбай,
Жаман болду зарыгып.
Жалаң жолборс эти эмес,
Талгак болгон жүрөгү.
Толуп жатат дүмөгү.
Катыны жатып калган соң,
Капа болгон талыгып.
Карап туруп Сейитбек,
Капа болуп жүдөдү.
Айтып сөзүн шар кылды,
Калкын жыйып жар кылды.
Эртең ууга барам деп,
Жолборс атып бериңер,
Бурулбастан калың журт,
Буйругума көнүңөр.
Эртеңден калбай уу кылып,
Жолборс атып келиңер.
Жоругума көнүңөр.
Кош бойлуу болгон кезеги,
Жүрөгүнө жолборстун,
Талгак болду дешеди.
Тамак ичпей талыгып,
Талыкшып жатат күн-түнү.
Уккан көргөн бар бекен,
Мындай кызык үлгүнү
Байбичем талгак болгону,
Кабыландын жүрөгү,
Саргарып жатып алган соң,
Жаныма батты дүбөгү.
Боюндагы баласы,
Тегин бала болбойт го.
Теңдигинен ажырап,
Темтейип бекер жүрбөйтко.
Ичимде жүрөм сүйүнүп,
Кабыл болсо тилегим,
Баатыр бала болот го.
Баркын байкап билемин,
Хан Сейитбек калк баштап,

Жолборско чыкты камынып.
Байбичеси үйүндө,
Жолборстун этин сагынып.
Тоого чыгып уу кылып,
Алда канча дуу кылып.
Калба салды калкына,
Канча түрлүү чуу кылып.
Мергендерин келтирип,
Атар жерин өндүрүп,
Добул кагып карсылдап,
Мылтык атып тарсылдап.
Айдап чыгып токойдон,
Ак жолборстон үчтү атты.
Үчөөн бирдей сойдуруп,
Жүрөгүн алып койдуруп.
Хан Сейитбек шаттанып,
Байбиченин алдына,
Барып түштү мактанып.
Тамак ичсем кусам деп,
Жайын байкап байбиче,
Жаткан экен сактанып.
Жолборстун этин сагынып,
Жатуучу эле сабылып.
Жүрөгү келди дегенде,
Ыргып турду камынып.
Можуга[1] келген таш казан,
Сууну арбын куюптур.
Таза жууп жүрөктү,
Жер казанга салыптыр.
Үч жолборстун жүрөгүн,
Бүт бышырып алыптыр.
Жан адамга бербестен,
Жанына адам келбестен.
Жалгыз жеп тоюп алыптыр.
Талгак канып калыптыр,
Талгагы канык канган соң,
Эч нерсени ойлонбой,
Үч күн уктап калыптыр.
Уйкусу тарап ойгонуп,
Түрлүү нерсе ойлонуп
Түлкүдөй болуп жойлонуп.

[1] Можу — чакага окшогон казан.

Арасынан жай өтүп,
Тогуз толук ай өтүп.
Онунчу айга барганда,
Он күн өтүп калганда.
Толгоосу келди баланын,
Байбичени боздотуп,
Карагай бакан койдуруп,
Кадимки сөздөн козголтуп.
Байбиче боздоп чыңырды,
Бекем-бекем ыйынды.
Келишимдүү кемпирлер,
Этек-жеңин кымырды.
Аңгемени козгоду,
Чыдай албай толгоого,
Байбиче жаман боздоду.
— Балакеттүү бала бейм,
Бала мени алат бейм.
Баркымды билген Сейитбек,
Байым жесир калат бейм.
Ушу бала оңбойт го,
Оң жакшылык болбойт го.
Эмчи-домчу кемпирден,
Бир печени келтирген.
Бүбү менен бакшыдан,
Алып келсе эмдеген.
Чыдай албай байбиче,
Эки көзү алайды.
Жаным чыгып барат деп,
Эстен танып далайды.
Тартыңар деп бакырды,
Табыптан канча чакырды.
Тогуз күнү толготту,
Сай сөөгүн какшатып,
Байбичени боздотту.
Сейитбек жүрөт эндиреп,
Этек-жеңи делбиреп.
Куруп калсын баласы,
Байбичем аман калса экен.
Ак боз бээ алдырып,
Түлөө кылып чалдырып.
Сары улактан тарттырып,
Садаганы чаптырып.
Тогуз күн толук болгондо,

Толгоосу бышып толгондо.
Каканагы шар этип,
Баланын үнү бар этип.
Оң колуна кап ууштап,
Сол колуна дагы ууштап.
Бала түштү баркырап,
Маңдайы ысык жаркырап.
Эркек экен бала деп,
Чорбоюп турат чочогу,
Ишенбесең кара деп.
Эми тынды сагаа деп,
Алты эркек, үч катын,
Сүйүнчүгө жүгүрүп.
Калктын баары сүйүнүп.
— Хан Сейитбегим, сүйүнчү,
Байбичең эркек тапты деп,
Абийиринди жапты деп.
Калмаматка жолдош деп,
Мындай сонун болбос деп,
Сейитбек анда кеп айтат,
Сүйүнгөндөн деп айтат:
— Байбичем аман калдыбы,
Бала болсо табылды.
Бактыма келип кабылды.
Сүйүнчүсүн мол кылды,
Эр башына тогуздан,
Сарпай кымкап тон берди.
Жан башына экиден,
Жарамдуу жакшы ат берди.
Сүйүнүп турган Сейитбек,
Ат бергенде бат берди.
Сүйүнчү келген тогузун,
Сүйкүмдүү кылып жөнөттү.
Баланы багып көрмөккө,
Табылган жаңы эрмекке.
Той камына киришти,
Атадан калган өрнөккө.
Басып кирип Сейитбек,
Байбиче айым үстүнө:
— Бешик боон бек болсун!
— «Өмүрүң узун болсун» —
деп,
Байбичеси балкайып,

Баласын алып чалкайып.
Аябай тердеп нымыгып,
Кашында турат бир катын.
Этек-жецин кымырып.
— Бул баланын калбасы,
Аябай арбын көп болду.
Балацдын жүзүн көрөйүн,
Мен көрүүгө эп болду.
Айта жүрчү кеп болду.—
Баланы алып колуна,
Карап туруп Сейитбек
Бешенеси жарык деп,
Белгилүү болор соцума,
Баланы берип Айымга,
Батып чыкты айлына.
Аман турса бул балам,
Кез болдум деп кешикке.
Эч кимге сырын айтпастан,
Айткан сөздөн кайтпастан.
Жети бээ сойду жентекке,
Катындын баарын тойдурду.
Ацгемени болтурду.
Акыл ойлоп олтурду.
Төөдөн тогуз мал союп,
Жылкыдан токсон бээ союп,
Аябай арбын той союп,
Алда канча кой союп,
Калкын жыйып эт берип,
Тоюн кылып өткөрүп.
Атын койду Шырдак деп,
Атагы дайын Шырдакбек.
Дөөлөтү каркап болсун деп,
Жөө бөрүсү болсун деп.
Баланын түрү башкача,
Баатырлык атак алсын деп.
Басташып келген душманды,
Айдап жолго салсын деп.
Айтылуу Шырдак баланын,
Артына дацкы калсын деп.
Эли бата беришип,
Эңилип баары келишип.
Той тарап баары кайтышты,
Саламат болсун бала деп,

Жалпы журту айтышты.
Кылымдан көрдүк зордукту,
Кытайдан көрдүк кордукту.
Калчадан көрдүк зордукту,
Калмактан көрдүк кордукту.
Аяк асты болгондо,
Айрып алчуу бала деп,
Кордук көрүп жүргөндө,
Коргоп алчуу бала деп.
Сынчылар сынап олтурду,
Шырдакты сынга толтурду.
Сейитбек калды сүйүнүп,
Сынчынын айткан бул сөзү
Көңүлүнө түйүлүп.
Баласын Сейит жактырып,
Бапестеп жакшы бактырып.
Сегиз жашка келгенде,
Сейитбек өлүп жаш калды.
Жетим калган хан Шырдак,
Жетилерге аз калды.
Атасы бардай дуулабай,
Акылынан адашып.
Кимден да болсо жазганды.
Арасынан күн өтүп,
Алты-жети жыл өтүп.
Кедейликтин өзүнөн,
Көнүк болду Шырдакбек.
Кеп сураса укпаган,
Жөнүк болду Шырдакбек.
Элдин баары кеп айтат,
Кеп айтканда көп айтат:
— Сейитбектин баласы,
«Зөөкүр болду» — деп айтат.
Аны да Шырдак аңдабайт,
Илгери басып умтулуп,
Аракет кылып чамдабайт.
Он бешке жашы келгенде,
Оён Шырдак оолукту...
Баштагыдан демденип,
Баш көтөрүп толукту.
Уктап жатып түшүндө,
Ак сакал чалга жолукту.
Ак сакал чал кеп айтат,

Көп айтканда деп айтат:
— Шырдак мындай жатпа,—
дейт,
Жатын шоруң катпа дейт.
Баштагыдай затың жок,
Алдыңда минген атың жок.
Аттан башка картың жок.
Эртең турбай жөнөгүн,
Эске албадың бөлөгүн.
Беш күн тынбай жол жүрсөң,
Күндөп-түндөп сен жүрсөң,
Кайнаган ысык чөл келет,
Чөлдүн баары кум болот.
Сенин кылар ишиң бул болот:
Чөлдүн орто ченинде,
Кайнаган кара кудук бар,
Кашкайып суудан тунук бар.
Кудуктан агып көл болгон,
Токтогон суу өзөн бар.
Көлдө сонун кеби бар,
Ушу көлгө барганың,
Балам Шырдак эби бар.
Көрүнбөйт сенин көзүңө,
Көлдү баккан ээси бар.
Ушу сөзүм угуп ал,
Ушул көлдөн суу ичкен,
Кулундуу боз бээси бар.
Кай жерден барып от оттоп,
Келгенин адам билбеген.
Кайсы жерди туруктап,
Жүргөнүн адам билбеген.
Өзү кайып тукуму,
Үч күндө келет булакка.
Түк илинбейт тузакка.
Бул кулундуу боз бээ,
Тууганына көп болгон.
Башынан бери макталган,
Сен үчүн Шырдак сакталган.
Алты ай сапар жол жүрсөң,
Арыбаган мал болот.
Алтымыш асыл жүргөнчө,
Арыбаган мал болот.
Кулун тийсе колуңа,

Бактыңды кудай бергени.
Дөө болосуң Шырдакбек,
Дөөлөттүн сага келгени.
Энеси боз бээ адамга,
Өмүрүнчө карматпайт.
Кайыптан бүткөн жан ошо,
Касиеттүү мал ошо.
Боз бээден тууган боз кулун,
Айтайын сага түп сырын.
Өзү жорго басаган,
Майда жашын жашаган.
Колуна тийсе ат болот,
Колкосун берип алам деп,
Көп адам сенден жат болот.
Касиеттүү ат болот,
Кандар сурап жат болот.
Периштелүү ат болот,
Бектер сурап жат болот.
Боз жоргонун үстүнө,
Минсең балам өлбөйсүң,
Эрегишкен душмандан,
Эч жамандык көрбөйсүң.
Айтып берип Шырдакка,
Ак сакал түштү жолуна.
Бактысы артык Шырдактын,
Байкаңар сөздүн соңуна.
Ойгонуп кетсе Шырдактын,
Кайрат айткан өзүнө,
Кашында турган чалы жок,
Түшүнө түлөө кылганга,
Кембагал Шырдак малы жок,
Акыры кудай берер деп,
Алынча дөөлөт келер деп.
Айран болуп түшүнө,
Алданып кылган ишине.
Түпейил болуп ишине,
Түшүн айтпай кишиге.
Санаа тартып саргарып,
Жаратканга жалбарып.
Бала Шырдак бел байлап,
Жөнөп калды саңдалып.
Кыбыланы бетке алып,
Боз жоргону нээтке алып.

Аз гана эмес мол жүрдү.
Сапалуу он күн жол жүрдү.
Алы куруп алсырап,
Эси кетип эндиреп.
Чөлдүн келди четине,
Кумдун келди бетине.
Байкаңар Шырдак сөзүнө,
Кайрат келди өзүнө.
Анча-мынча жол басып,
Кудуктун келди өзүнө.
Келсе кудук таш экен,
Ташып суусу көл болгон.
Айланасы кызыл кум,
Адам жүргүс чөл болгон.
Кудукту көрүп кубанып,
Сууну көрүп сүйүнүп.
Издеген жогум таптым деп,
Бул дагы менин бактым деп.
Суудан ичип тоюнуп,
Көңүлү калды коюлуп.
Эки жагын караса,
Ажап кызык тамаша.
Өзүнүн көргөн түшү бар,
Тегин кудук бул эмес,
Ээлеп жүргөн киши бар,
Бир чоң жылкы, бир кулун,
Эки малдын изи бар.
Камгак-самгак куурайдан,
Жардам тилеп кудайдан.
Көлөкө кылып кудукка,
Жатып алды Шырдакбек.
Кулунду кудай бертин деп.
Үч күн удаа өткөн соң,
Кулуну менен бээ келди.
Өзү түшүп адырдан,
Кулун тийсе колуна,
Калбасмын деп кадырдан.
Кутулармын башымда,
Толуп жаткан жабырдан.
Аңдып жаткан кезинде,
Ар түрлүү сөз эсинде.
Суусап келген боз бээ,
Көзүнчө салды көлүнө.

Адам чыдап тургусуз,
Айласыз ысык чөлүнө.
Сууну ичип болгон соң,
Ысыган ичи толгон соң,
Жыгылды боз бээ кырынан,
Эми кабар алыңар,
Боз жоргонун чырынан.
Асыл болгон Шырдакбек,
Апыл-тапыл жүгүрүп,
Ач арстандай бүгүлүп.
Басып калды кулунду,
Арстандыгы билинип.
Нокто салып төндүрүп,
Сылап-сыйпап көндүрүп.
Тилекти кудай берди деп,
Тиктеген ишим келди деп,
Жүгөн салып башына,
Кулунду алып кашына.
Сүйүнүп жүргөн кезинде,
Боз бээ мунун эсинде.
Жыгылып калган боз бээ,
Көздөн кайып болуптур.
Небак кетип калыптыр,
Бул алда кандай жорук деп,
Ажап айран калыптыр.
Сылап-сыйпап көндүрүп,
Боз кулунду жетелеп,
Бактыма кулун келди деп,
Бачым басып энтелеп.
Он күн барган жолуна,
Алты күндө келиптир.
Кайра басып темселеп,
Эчкимге сырын айтпастан,
Ак сакал айткан кебинен.
Айныбаптыр шегинен.
Аман болсо кулунду,
Ат кылып минем деп айтып,
Аңгемелүү кеп айтып.
Базардан сатып алдым деп,
Максатка жетип калдым деп.
Жетелеп, багып өстүрүп,
Жем берип бага көндүрүп,
Ардактап багып өстүрүп,

Арпа берип көндүрүп.
Асыл жабуу жаптырып,
Азем менен бактырып.
Мойнуна тумар тактырып,
Болжолсуз муну бактырып.
Үкүнүн жүнүн тактырып,
Урматтап жакшы бактырып.
Ар сөз бар Шырдак эсинде,
Асый болгон кезинде.
Боз жорго колго тийгенде,
Арааны мыкты жүргөндө,
Асыл Сейит бегимдин,
Баласы жакшы болду деп,
Өзүнүн ордун жоктотпой,
Олутуна конду деп.
Шырдактын көөнү кош болду,
Минген аты боз болду.
Ат жетелеп кой союп,
Адамдын бары дос болду.
Ал кезекте Шырдакка,
Тенелер пенде жок болду.
Айдап чыккан калмакты,
Атпай элет журтунан.
Ашкере болгон арбактуу,
Карап кылган кандарды.
Калмактан келген жандарды.
Анжияндан айдады.
Контаажы уулу Калданды.
Күйгөн отун өчүрдү,
Малдан-жандан кечирди.
Калдан тентек төрөнү,
Кышында айдап көчүрдү.
Аралбай деген жигити,
Кордугуна чыдабай,
А да көчтү тура албай.
Сыпатын карап корккондон,
Шырдакка кайрат кыла албай.
Ажырап барган тууғандан,
Иниси Ажаан буудандан.
Чилдеде көчтү чыркырап,
Баатыр Шырдак куугандан.
Хан Шырдактын кайраты,
Калмактын көбүн жайлады.

Карга камап какшатып,
Калганын сүрүп айдады.
Ыңгемеси мына бул,
Асыл кыпчак уругу.
Ак калпак кыргыз кулуну,
Анжиянды бүт сурап,
Ала-Тоого уругу.
Жети шаар Анжиян,
Жергеси менен караткан.
Карабайм деген жан болсо,
Каршылык кылган жан болсо,
Калк ичинде бар болсо,
Калтырбай айдап тараткан,
Адылдык менен журт сурап,
Калктын көөнүн жайлаган.
Урушам деген душманды,
Убада сөзгө байлаган.
Сурагы адыл мунайым,
Жакшы жаман дебестен,
Адамдын акын жебеген.
А дөөлөт болуп жудайын.
Анжияндын бетинен,
Жакындап белге келгенде,
Туман болуп бургактап,
Жер көрүнбөй чырмады.
Каргашалуу калмактын,
Абыдан иши ырбады.
Адашып кетти Көк-Арттан,
Арылбас болду чоң дарттан.
Чоң-Алайдын башынан,
Чубуруп кирди туралбай.
Катуу шамаал бороондо,
Калдама кайрат кыла албай.
Жакын дабан ушу деп,
Чоң-Алайдын тушу деп.
Көч чубуруп келгенде,
Көчкү жүрдү куркурап.
Көчкү менен аралаш,
Көп калмак кетти чуркурап.
Эки тоо кабышып
Көчкү басты Калданды.
Капчыгайдын алдында,
Канча калмак зарланды,

Кармаган ажал ушу деп,
Калмактар көрдү катарды.
Калдама баатыр өлгөн жер,
Ошо күндөн ушу күн,
Калдама болуп аталды.
Аралбай менен Салбасар,
Көк-Артка салды көчтөрүн.
Тобун бузбай кыргыздын,
Токтотуп алып сөздөрүн.
Бул Аралбай мырзанын,
Коңкул жоо деген аты бар.
Акылы терең билимдүү,
Адамдан артык заты бар.
Бетке алганды сулаткан,
Мергендиги белгилүү.
Белдешкен жоону кыйратып,
Жеңгендиги белгилүү.
Күрөшкөндө билектүү,
Балбандыгы белгилүү.
Күм-жам кылып душманды,
Алгандыгы белгилүү.
Эл алдында чуратып,
Коңкул жоор буудандын.
Оозунан көбүк чубалтып,
Көк-Арттын ашып белинен,
Салынып тумшук кырданып.
Түшүп келген жеринен,
Эр азамат Аралбай,
Түбү менен арчаны,
Кайрып жулуп алыптыр.
Отту мыктап жагыптыр.
Үшүп келген балдарды,
Абышка-кемпир чалдарды,
Тамак берип тойгузуп,
Аман алып калыптыр.
Бул сөздө жок чатагы,
Аралбай мырза от жагып,
Эл жылыткан ошол жер,
Аралбай болду атагы.
Өзү кыргыз уругу,
Тогуз-Торо болуптур,
Ошо күндө туругу.
Аралбай, Шырдак бирлешип,

Убада сөзүн сүйлөшүп,
Сөөлөтү башка баатырлар.
Сөзгө кирди түрлөшүп,
Хан болду кабылан Шырдагы,
Катарга кирди бул дагы.
Айтканын кылып бүтүрөт,
Аралбай мырза чыйрагы,
Толук бекен эрдиги,
Токтогул айткан сындагы.
Шырдакбектин кеби бар,
Сыпатын айтар эби бар.
Кыргыз, кыпчак эли бар,
Кызыгын айтар жери бар.
Ош, Анжиян, Маргалаң,
Ордосу Кокон, Наманган.
Аягы Кожант, чоң Ташкен,
Сурап турду Шырдакбек.
Үзүлгөндү чыйратып,
Кетилгенди кемитпей,
Курап турду Шырдакбек.
Жети шаар Паргана,
Жердеп турду Шырдакбек.
Жергесинде көп кыргыз,
Эр деп турду Шырдакбек.
Эки кайыш, бир тизгин,
Тилип турду Шырдабек.
Анжиян менен Арканы,
Баш коштуруш баарысын,
Билип турду Шырдакбек.
Ачуусу келген адамга,
Анык сырын алдырбай,
Күлүп турду Шырдакбек.
Жергеси менен караттым,
Жерсинип калган калмакты,
Кырып-жоюп тараттым.
Ысык-Көл менен Кочкорду,
Ат-Башы менен Нарынды,
Кабарчыдан кеп угам,
Калмак басты деп угам.
Хан Кошойдун ордосу,
Ат-Башыда деп угам.
Ажаан деген бир калмак,
Чүйдө турат деп угам.

Казак менен кыргызга,
Булук кылат деп угам.
Казактардын хан Тооке,
Алман берет деп угам.
Алмандын арты түгөнбөй,
Азап тартып зыркырап,
Жандан берет деп угам.
Коңтаажы деген бир калмак,
Көлдө турат деп угам.
Кышынкысын болгондо,
Кара кыштак, кош Кемин,
Жердеп турат деп угам.
Кыргызды кудай каргаптыр,
Аялуу жери калбаптыр.
Адидси ашып бул калмак,
Ак калпак кыргыз элине
Кызыталак бул калмак,
Ченемдүү жабыр салбаптыр.
Атым Шырдакбек болсом,
Айтканым калкка эп болсом.
Тууганым көрсө кордукту,
Шырдакбек кайдан боломун.
Уичукпай буга тек болсом,
Бул кабарды укканда.
Муунум кетип шалдырап,
Эч айламды таба албай,
Эсимден тандым алдырап.
Жети сууну аралап,
Жерине калмак толуптур.
Жерге тартып аралап,
Жер жуткан калмак конуптур.
Азамат эрлер бел байлап,
Аттанар кезек болуптур.
Ала-Тоону аралап,
Ант урган калмак толуптур.
Адам дебей кыргызды,
Аралап кирип конуптур.
Ак калпак кыргыз уулунун,
Азабы кыйын болуптур.
Ала-Тоону аралап,
Чалгынды мыктап салбасам.
Казак, кыргыз балдары,
Калкымдан кабар албасам.

Келген калмак бетине,
Келтирип ордо салбасам.
Коломолуу кол баштап,
Кошунум менен барбасам.
Атпай журттун убалы,
Анда менин мойнумда.
Шертим турса ордумда,
Кошунум турса колумда.
Турбас деп калмак колумда,
Баатыр Шырдак көч баштап,
Жөнөп калды турбастан.
Боло турган ишимди,
Кыламын деп бир баштап.
Устадан тандап миңди алды,
Урумдан ылгап бирди алды.
Кесиптен тандап миңди алды,
Келтирип ыргап бирди алды.
Көк-Артты ашып шартылдап,
Азаматы кийгени,
Ак бадана жаркылдап,
Айтылуу Шырдак кол баштап.
Астына түштү каркылдап.
Калкынын баарын дарбытып,
Аңгемесин арбытып.
Сыр сураган адамга,
Сырттан Шырдак оёнуң,
Сырын айтпай шыбырап.
Келип конду хан Шырдак,
Чолок-Кайың чатына.
Буда калмак төрөсү,
Салтаң деген калмактын,
Баса конду кашына.
Санжыргалуу хан Шырдак,
Адамга кабар бербестен,
Атаң-анаң дебестен,
Сырын айтпай кишиге.
Келе замат киришти,
Кыла турган ишине.
Бир жылга ишим бүтөт деп,
Казынам арбын түтөт деп.
Усталарын аянбай,
Кызматыңды күчөт деп,
Кан Шырдак ишин курдурду,

Күлбагын калың урдурду.
Күлбагын калың чеп кылды,
Күн жүрүш жакка каратып,
Дарбазасын бек кылды.
Хан Шырдакта зордук жок,
Калкына сөзүн эп кылды.
Кашында калмак Салтаңы,
Салтаңдын жайын айталы.
Кан Шырдактан корккондон,
Качып кетип калыптыр.
Ат-Башыны жердеген,
Амурсанга барыптыр.
— Шырдакбек деген чоң келип,
Кылган иши оң келип.
Чолок-Кайың жерине,
Солоондор жатчу чебине.
Жаңыртып ордо салды деп,
Жандын баарын алды деп.
Мунун кылган ишине,
Акылым айран калды деп.
Оңой-олтоң эме эмес,
Оңдуруучу неме эмес,
Каары катуу өңү саз,
Каптабай койчу сел эмес.
Анын каарын көргөндө,
Качпай турчу мен эмес.
Чымындай жандан түңүлүп,
Чындап качтым тура албай.
Эсим чыгып эндиреп,
Не кыларын биле албай.
Он жети төрө башчысы,
Ойлонбой уктап жатчуусу.
Ысык-Көлдө Коңтаажы,
Кабар айткын аныңа.
Кара, төрө баарына,
Камынган душман—жоо койбойт.
Катылсак бизди соо койбойт.
Абал мурун жоготуп;
Калдаманы кыйратты.
Каргашалуу Шырдакбек,
Канча жанды ыйлатты.
Солоңдорду сойлотту,
Эмки салган ордосу,

Күлбагын[1] калың чеп кылды.
Күн жүрүшкө каратып,
Дарбазасын бек кылды.
Аргын чоюп ноо кылды,
Күлбагын бийик тоо кылды.
Калмак үчүн даярдап,
Кан Шырдак деген жоо кылды.
Солоондорум кашында,
Салтаң төрө башында.
Кутулуп келдим Шырдактан,
Кутуруп көпкөн Шыйрактан,
Мен кысылып жатканда,
Келбеди кабар бул жактан.
Хан Шырдак аман турганда,
Кыйбай койбойт багыңды,
Соо койбойт сенин башыңды.
Кыйратпай койбойт каныңды,
Албай койбойт тагыңды.
Аман койбойт каныңды,
Деп Салтаң айтып токтолду,
Ал жыйындын ичинде,
Амурсандын алдында,
Айтып келген Салтаңга.
Балан деген жок болду,
Чоочугандан Амурсан,
Жүрөгү чоочуп козголду.
Катчыга катын жаздырып,
Аягына келтирип,
Алтын мөөрүн бастырып.
Он жети төрө башчысы,
Коңтаажыга жиберди.
Кабарын угуп Амурсан,
Жанынан үзду күдөрүн.
Бара турсун канына,
Амурсандын чабары.
Эр Шырдакбек баатырдын,
Элге дайын кабары.
Кайраты кабат таш жүрөк,
Калмакка салып көп дүмөк.
Качпай жоого барары,
Каарданып кан Шырдак,

[1] Күлбагын — тегерегин.

Калмакты жеңип алары.
Калган-каткан калмакты,
Алтайга барып жайлайм деп,
Айдап жолго салары.
Урматы ашык Шырдактын,
Ушул иш эле талабы.
Бир жылы Шырдак күтүндү,
Ордосун салып бүтүрдү.
Күлбагын бийик тоо кылды,
Айланасын Күлбактын,
Аркан бою коо кылды.
Арыктын баары карапа,
Агызып сууну ноо кылды.
Жетиктигин билгизип,
Жерге пайда тийгизди.
Жер алдына көмдүрүп,
Ноо менен суу жүргүздү.
Ордосу бийик тоо болду,
Жер алдынан агызып,
Арыгы терең коо болду.
Камынып чыгып кармашар,
Касташары Шырдактын,
Кара калмак жоо болду.
Шырдактын дагы кеби бар,
Калтырбай айтар эби бар.
Канаттуу куштай боз жорго,
Кастарлап айтар эби бар.
Атасы тоонун тобурчак,
Энеси чөлдүн музбурчак.
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө жез канат.
Кадимден айткан сөзүндө,
Канаты бар өзүндө.
Шарапаттуу буудандын,
Шам күйөт эки көзүндө.
Бар мүчөсү келишкен,
Марал шыйрак, кең соору,
Бар мүчөсүн жаратып,
Сынчылар келип көрүшкөн.
Буюрсун деп ээсине,
Асемдүү тулпар буудандын
Ардактатып бактырган,

4—9642

Абайы менен үртүгүн,[1]
Кымкаптан кылып жаптырган.
Көз тиет деп буудангa,
Үкүнүн жүнүн тактырган.
Жыгачтан акыр сырдаткан,
Сынчыларга сындаткан.
Акыры кандай болду деп,
Аңгемесин ырбаткан.
Курүчтөн кишмиш жем берип,
Боз жоргону жыргаткан.
Боз жоргонун жоругун,
Боз балдарга ырдаткан.
Өркөчү бийик, зээри пас,
Өөдөгө салса чарчабас.
Аркасы бийик, зээри пас,
Адырга салса чарчабас.
Тайкы жол келген чара баш,
Мындай жылкы жаралбас.
Жаралса да көбөйүп,
Калк ичине таралбас.
Жото жилик жоңгондой
Кар жилиги каккандай,
Казанат буудан боз жорго,
Жүнү тайкы макмалдай,
Жорголотуп кеткени,
Чоң байгеге чапкандай.
Каспетин ойлогон,
Кадырлап жакшы баккандай.
Кулагы тип-тик куйгандай,
Куюндан бүтүп туулгандай.
Аябай минсе алты күн,
Сыртына тартып кындыйып,
Чарчоо менен иши жок,
Анык бүгүн суугандай.
Алты ай сапар жол жүрсө,
Арыбаган боз жорго,
Алтымыш асый болгончо,
Карыбаган боз жорго.
Кашка тиши каккандай,
Кызыл тили бүлөөдөй.

[1] Үртүк, абайы — атты сууткандa же күндүн ысык, суугунан сакташ үчүн жасалган кеп жабуу.

Жолго салып кеткенде,
Жоругу башка сүрөөдөй.
Күмүш куйрук сом туяк,
Ак кула жалгыз болбосо,
Айбанда болбойт бул сыяк.
Айтылуу буудан боз жорго,
Буудандыгын мындан бил.
Анык куюн шамалдан,
Туулгандыгын мындан бил.
Жебелер кетсе, жел жетпейт,
Жебеден аткан ок жетпейт.
Алты шаар Кашкарды,
Арстан Шырдак башкарды.
Алты шаар уйгуру,
Айбатынан жазганды.
Лоптун суусун бойлоду,
Алты шаарды тойлоду.
Эриккенде эр Шырдак,
Боз жоргосун салдырып,
Күнүн барып ойноду.
Эрте чыгып ордодон,
Кумары канып жоргодон.
Кең Кашкарга баруучу,
Сурагын кылып бүтүрүп,
Бешимде чыгып Кашкардан,
Кайрылып үйгө баруучу.
Кайта жатып калуучу,
Эриккенде бир кезек,
Эрте чыгып үйүнөн,
Анжиянга баруучу,
Хан Шырдак келип калды деп,
Калкына кабар салуучу.
Өзбек, кыргыз, тажикти,
Өз жанына алуучу.
Ар шайманын бүтүрүп,
Кечки салкын бешимде,
Боз жоргону минүүчү,
Күн батар маал өзүндөй.
Боз жоргосун каркытып,
Чолок кайың ордого,
Кайта келип кирүүчү.
Аттанарда катыны,

Арып[1] менен кеп айтат
— Сагынып кетем байым деп,
Данкын журтка дайын деп.
Бүгүн келгин — деп айтат.
Катынынын жоругун,
Хан Шырдак да жактырган.
Алкылдатып катынды,
Аземин артык бактырган.
Тердирип кебес чигитин,
Кырк кызды салып кызматка,
Ак пахтага жаткырган.
Айымга суук болот деп,
Кырк кара кой сойдуруп,
Шыйбылчагын чактырган.
Шырактын чучук майына,
Келтирип күрүч бастырган.
Жатканы кебез ак пахта,
Жегени күрүч жеңил деп,
Ичкени бээнин кымызы.
Оңолбогон катындын,
Ушундай сөөлөт турушу.
Чыканактап чырм алса,
Хан Шырдак анын жастыгы.
Аягында айтылат,
Катындын кылган кастыгы.
Шырдакбек муну ойлобой,
Хандыкка болгон мастыгы.
Өзү баатыр, өзү хан,
Дөөлөр, шаалар көрүшүп,
Дөөлөтүнө болгон таң,
Кошуну болгон нечен сан.
Каяша айтар адам жок.
Карк дөөлөтү келгенде
Катынга башын бийлеткен.
Хан Шырдак өзү кандай жан.

Бир күнү Шырдакбек тамашага чыгып отурганда, катыны тайрандап кашына келет да айтат: — Бегим, бүгүн тамашага чыгып ушул өз көчөңө боз жоргону салдырып ойноймун — деди. Шырдакбек сөзүн эки дебеген, боз жоргону токутуп, эрке катынга мингизип өзү карап отурду. Катын каркыратып боз жоргону салды-

[1] Арып — муңаюу, кайгыруу.

рып, өөдө-төмөн өттү. Сууп калган боз жорго жоргосуна жан жетпейт. Жан турсун тозоң чаң жетпейт. Ошондо хан Шырдак байбичесине кошомат кылып айтканы:

— Кызыл тоонун эңилчек,
Кызыл тору келинчек.
Кара тоонун эңилчек,
Кара тору келинчек.
Капкалуу сарай дарбаза,
Кайсы кандын ордосу.
Көчөгө салган боз жорго,
Кайсы кандын жоргосу?
Салдырып жүргөн жоргону,
Кайсы кандын айымы?
Жадыраган жан экен,
Хандын сүйгөн зайыбы.
Кылтылдаган келинчек,
Мындан кийин көчөгө,
Жоргосун катуу салбасын.
Кубанып жүрүп жортого,
Куйругу ооруп калбасын.
Анда катын кеп айтат,
Аянбастан бек айтат:
— Таанybасаң айтайын:
Алтын капка дарбаза,
Хан Шырдактын ордосу.
Алтын така кактырган,
Хан Шырдактын жоргосу.
Хандар сурап бербеген,
Каран калган Боз жорго,
Бектер сурап бербеген,
Берен калган Боз жорго.
Кызыл тору келинчек,
Хан Шырдактын айымы.

Мына ушул мезгилде Шырдакбектин катынынын жайын билген Чагайхан арага киши салып, өзүн ашыра мактатып, катынды буза баштайт. Макталган Чагайдын даңкын уккан эрке аны арзып калат да «эбин таап Эр Чагайга тийүү керек» — деп көңүлү бузулат. Чагайхан Шырдакбекке кат жазып, тыңчы жиберет. Жиберген тыңчы калмак келди, хан Шырдакты көрдү. Бөкчөйүп кирип Чагайдын катын хан Шырдакка берди. Окуса

катта башка сөз жок: «Аман-эсен турасыңарбы? Элиңиз тынчпы?» деген сөз.

Эми Чагайдын катынга жазган каты:

«Дүйнөдө эрке сендей катын болбойт, сени сыйлап бакпаган хан Шырдак оңбойт. Мен сени санап, жолуңду карап, делебем козуп, ашык болуп арзып калдым. Аял да болсоң акылың бар, айткан сөзүң шар адам экенсиң. Алдыңа адам жибердим, хан Шырдакты кантип женем, эрке, сени мен кантип алам. Ушунун акыл айласын анык айтып жибер». Катын жооп жазат:

«Сен, Чагай төрө, өзүң төрө туруп, көзүң көрө туруп, бекер жатпа. Хан Шырдак өзү аяр, Акыл, амалы даяр. Амалына амал салбасаң, Амал менен албасаң, Атышып огуң жетпейт. Күрөшүп күчүң жетпейт. Алар жөнүң ушу — жыгар жериң — суусу!» — Сууну жердин алдынан жүргүзүп карападан кылган ноо менен алып келип ордонун ичинен чыгарган. Бул ноону жерге көмгөн. Жөн адам билген эмес, эч адам көргөн эмес. Хандан Шырдак билет, катындан мен билем. Салган усталар билет. Булардан башка жан билбейт. Чагай төрөң мына ушуну менен келсе, Шырдакбекти жеңсе, мен Чагайдын катынымын. Келгенде бекер келбесин, Чолок-Кайыңдын суусунун башын алсын. Суугa агызып саман салсын. Саман агып карапа ноого тыгылат. Суу акпай калган соң, анан Шырдак жыгылат» — деп бардык сыр-сыпатын айтып берип, Чагайдан келген тыңчыны жөнөттү. Келген тыңчы катындын кебин төкпөй-чачпай айтып берди.

Чагай угуп, ичи ысып, сөөгү кызып: — «Акмак эркени акмак кылат экемин» — деп, кубанып калды.— Кой, эми тим турбайлы, башка кепти урбайлы. Солондон[1] тандап беш жүздү алалы, элине кабар салдырбай, Шырдакты тегеректеп калалы. Арзып калган эркени, амал менен алалы» — деп, хан Чагай катын сөзүнөн башка сөзгө көнбөй, ашып-шашып ашууларды ашып, түн катып, түшү качып, суунун башына келип жатып калды. Самандан арбын алды, аябай сууга салды. Бир күн ичинде ноого саман тыгылып суу акпай калды. Ырын ырдап жаткан Шырдак, суудан калды кургап. Ордонун сыртын калмак алды чырмап. Үч күнү чыдап турду, суусап чөлдөп, суудан куруду. Ойлонбой жатып, ойтобой

[1] Солон — эр, азаматтар.

ооруга калды. Кас болуп Шырдакты катыны кайгыга салды. Коргонун камап, калмактар тегеректеп калды. Шырдактын колу буркурап, каны кургап, өлөр алда калганда, калмак Чагайга «баш ийдим» — деп элчи чыгарды. Чагай хан Шырдакты каратып алды, башка сөзгө салды. Алдына обозгер, доргологорун жетик жорголорун алдырды да аларга мындай сөз айтты: — Хан Шырдактын айымы эрке акмакты алмакмын, эркеге берген убадам бар, кандай кылып алсам болот, акылын таап бериңер, хан Шырдак бизге караган менен, жакшы санаган менен катынын тартып алууга колубуздан келбейт. Өзү баатыр, өлбөй туруп Шырдакбек катынын бизге бербейт.

Шырдакбекти өлтүрүп, акмак айымын алып, ит көрбөгөн ыза менен жок кылып салыш керек. Катындын убадасы бек, кандай айтсак көнөт, биздин сөзүбүз эп. Шырдакбек катын колдуу болуп өлөт. «Эми эл өзүңдүкү, жер өзүңдүкү, убаданы кылдык, урушуп тындык» — деп, жайдак жакшы жардык кылсак, көпкөн бурут көнө калат. Анан катынга кабар салсак, кабарын анык алсак. Канжар менен жайлап хан Шырдакты ал союп салмак.

Чоң ханы Чагай кең таштап хан Шырдакты оюна койду. Чагай үч Турпанда туруп, Амурзан ошого баш иет. Чагай Шиктир кул деген жигитти Шырдакбектин катынына дайым жиберип кабар алдырып турат. Жоргону салдырып ойногондо мени карай качып жүрө берсин деп айттырат.

Бир күнү катын жоргону сейилдикке минип салдырып туруп жылт коюп Ат-Башыны көздөй качты да Ат-Башыдагы Амурзанга барды. Барып кабар салды. Амурзан катынды тез Чагайга карай жолго салды. Бул кандай жорук деп Чагай оттой жанды. Чоң ойду ойлонуп калды. Чиркин Шырдак, балакет чырмап бул катынга жамандыкты көп кылып, жабырды көп көрсөткөн экен го. Бул катындан толук сөз сурайын деп катынды сөзгө алды:

— Хан Шырдакты таштап мага келип айым болдуң, башка катындай эмес, даңкың журтка дайын болдун. өрттөнүп жүрүп өлгөнүңө кайыл болдуң. Кана катын хан Шырдак сага кандай жабыр-чара көрсөттү. Мага бир баштан калтырбай айтып берчи? — деп сурап калды. Анда катын:

— Хан Шырдактан катуу жабыр көргөнүм жок, мени жакшылап бакты, пахтаны алдырып, кырк келинге сабатып этиме өтүп калат деп кырк кызга анын чигитин тердирип, пахтанын үстүнө жатуучумун. Бир гана түнөп, эртеси эскирип калды деп талатып жиберип кайра жаңы пахтага жаткыруучу эле. Ар күнү кырк кара кой союлчу да, шыйбылчактын чучугуна палоо бастырып берүүчү эле. Шекер, шербет, кымыз, сыяктуу суусундарды кызматчы кыз-келиндер бири куюп, бири сунуп кашымда карап туруучу эле. Күндүз ар дайым уктасам, мейли үйдө, мейли сураккана-ордодо болсун хан Шырдактын тизесине башымды коюп уктачу элем. Айымдын уйкусу арам болот деп мен ойгонгончо күтүп былк этпей отуруучу эле. Эми мен сенин эрдигиңди угуп арзып келдим. Шырдакбектин бакканын уктуң, мени баксаң андан артык кылып бак. Шырдакбек пахта төшөсө, сен жибек була төшө. Шырдак кырк кара кой союп чучугуна палоо басып берсе сен ар күнү 40 аркар атып, тилин бер. Суусунума ичерим кытайдын кызыл арагы болсун — деди. Чагай сөзүн тыңшап турду, абдан капа болуп ачуусу келди.

— Кайран хан Шырдактын кадыры, катын түбүнө жеткен экен. Жердин жүзүндө мындай залим акмак катын болобу. Муну адам дегени оңобу?! «Жайлап жакшы багайын», эми эсебин жакшы табайын, кутурган жинин кагайын, менин кылган санатым: катындарга кабар берилсин, эркектерге үлгү болсун, төрөлөргө төлгө болсун, бектерге белги болсун. Бул шермендении «даңкы» далайга калсын. «Атагы» акыр замандын журтуна айтылып калсын»,— деп Чагай дароо катынга кара кементайды кийгизет, бетин тилдирип, эрдигин билдирип, үстүнөн койду чубатып, кырк үйду колуна берет, бат саа деп. Карап туруу үчүн кашына күзөтчү коёт. Катын отурар жерди билбей, үй саардын эбин билбей койчо аркасынан барып, бооруна үйдүн тезегин толтуруп, үй бетке тээп сүтү төгүлүп, тизеси менен кыкка башы көмүлүп, бүткөн бою кара терге чөмүлүп, шайманы кетип, өлөр алга жетип, кырк күнү үй саай албай жүрдү. Алсырап көзү боз ала болуп турду. Бети-башы кан болуп, кесепет басып, кементайы чаң болуп, кесири журтка даң болуп, жери куурулгандай, темселеп турганда, атагы дайын айтылуу Боз жоргону Шиктир кул минип, алдына алып келип көрсөттү:

— Боз жорго сууп табына келди жарап, кадырын билбей кор кылдын, көзүңдү ачып кара, тааныйсыңбы жоргону — деп, Шиктир сурап турду. Анда катын:

— Биздин ...биздин бектин жоргосу,— деп калтырап туруп, күнү куруп, арандан зорго айтат. Анда Чагай хан мындай дейт:

— Уу, сылыксынган шерменде! Эрин өзү кор кылып эми «биз» дегенин карачы. Кайран Шырдактын көргөн кордугун куудум, кара бетти какшатам эми суудум. Аман койбой өлтүрүш керек! — деп, жан калтырбай чакырып, калк тартип алсын деп көпчүлүктүн ортосуна салып, бул бети кара катынды эки бутунан байлап аркандын учун эки төөнүн мойнуна байлап эки төөнү эки жакка айдап, айрып таштады. Хан Шырдактын кегин алды, көргөн жан баары кубанып калды.

Бул бетпактын эти да калбасын деп, этин кескилетип итке салды. «Бирдики миңге, миңдики түмөнгө» — деп ошондон кийин элдик ылакап айтылып калган экен.

«Катынды эрке санаган, хан Шырдак сенден кезесин, үйүнө балалуу жолборс бактырган, Тооке хан сенден кезесин» — деп бул макал-ылакап, ошо күндөн ушу күн айтылып калды.

Айтылуу калмак Чагай хан,
Алдында турган нечен жан.
Катынды жайлап өлтүрүп,
Жанына жабыр келтирип:
— Байкап көрдүм сыртынан,
Жүрөгү майлуу курчунан.
Өткүр экен Шырдакбек,
Жалпы бурут журтунан.
Каргашалуу бул катын,
Жашырып минип качкандыр.
Атынан Шырдак айрылып,
Азыр жөө жаткандыр.
Атын алып баргын деп,
Өз колуна салгын деп.
Өлтүрдүм келген катынды.
Не деп алып жүрдү экен,
Кесепеттүү капырды.
Боз жоргону коштотуп,
Эки Дорго жиберди.
Катын бекер кор кылган,
Баатыр Шырдак бул эрди.

Экөөбүз элдин ханы деп,
Эсен жүрсүн жаны деп.
Катындан душман жок болот,
Эсиңди жыйып хан Шырдак,
Душманыңды тааны деп.
Эки Дорго жөнөдү,
Боз жоргону коштошуп,
Сыртынан Чагай Шырдакты,
Көөнү сүйүп достошуп.
Хан Чагайдын алдынан,
Капкалуу Кашкар шаарынан.
Келе жатат Дорголор,
Хан Шырдактын кашына.
Боз жоргону көргөндө,
Баатыр Шырдак сүйүнүп,
Ордунан турду түйүлүп.
Салам айтты калмактар:
— Хома-хома ханым — деп.
Катыныңды эр Чагай,
Жазаа кылып өлтүрдү.
Убал барбы жоого,— деп.
— Боз жорго келди болду,— деп,
Иштин болор орду деп.
Хан Чагай досум сындаптыр,
Чендүү кызмат кылбаптыр,—
Боз жоргону байлатып,
Шырдак алды колуна.
Сыйлап жакшы кондуруп,
Доргону салды жолуна.
Чагай менен Шырдактын,
Жакын болду арасы.
Эрте чыгып ордодон,
Кашкарга барат салдырып.
Көргөндүн көзүн талдырып.
Чагай менен кеңешип,
Бешимде кайтат үйүнө.
Болор иштин баарысын,
Душман менен эгешип.
Бүтүрөт хандар кеңешип.
Келер ишти ойлонуп,
Адамга сөзүн салбады,
Аялдан чочуп калган эр,

Арданып катын албады.
Көөнү келсе Шырдабек,
Боз жоргону салдырып,
Салып кумар кандырып,
Көк-Арт ашып таш басып,
Күнүн барат Өзгөнгө.
Сурагын кылып бүтүрүп,
Душманга сырын алдырбай,
Жоо-жарагын күтүнүп.
Кайтып келет ордого,
Тарсылдатып салдырып,
Кубаныч кылып жоргого.
Бир жыл тамам болгончо,
Шырдакбек катын алган жок.
Алмак турсун катындын,
Жанына жакын барган жок.
Бир жыл бүтүн бүтүптүр,
Катын албай койгону.
Досум катын алса деп,
Хан Чагай муну ойлоду.
Анжиянда Алыпбек,
Баары журтка калыс бек.
Алыпбек кызы алыс калды,
Атадан калган нускаңды.
Айым кылып алгын деп.
Кадыр салып кеп айтып.
Кан Төлөк мындай деп айтып.
Айтып сөзүн төндүрүп,
Хан Шырдакты көндүрүп.
Оён Төлөк өбөктү,
Оюна албай бөлөктү.
Жуучу кылып эр Шырдак,
Хан Төлөктү жөнөттү.
Төлөк барды шаттанып,
Өзгөндөн чыгып атганып.
Анжияндын шаарына,
Калбайын деп Шырдактын.
Капа болгон каарына.
Алыпбектин үйүнө,
Кабар салып хан Төлөк
Кара, төрө бийине,
— Анжиянда ага-ини,
Өзүм келдим алыстан.

Эби келсе сүйлөшүп,
Убада сөздү чийлешип.
Баарыбыз туруп бийлешип,
Ушуну алып берели.
Кылалык жакшы кеңеш деп,
Кыз Атасы Алыпбек,
Кызын бербейм дебес деп,
Чондордун баары кошулуп,
Алыпбектин алдына,
Баары барды озунуп.
Сөздүн жөнүн байкаган.
Чечендер кирди жарышка:
— Биз келдик деп калыска.
Хан Шырдак кабар алыптыр,
Алыпбектин баласы,
Кыз Мыскалды алышка.
Мал алар болсоң аныңды айт,
Балаңа толук калыңды айт.
Сөз бүтүрүп кетебиз,
Көпкө олтуруп нетебиз.
Алыпбек сенин алдыңа,
Жуучу келди кетебиз.
Хан Төлөк айтып токтолду,
Төлөктүн сөзү макул деп,
Кыз Мыскалды берүүгө,
Баштан аяк кеңешип.
Максатына токтолду.
Кеңешке келген бийлерден,
Чечендик кылып сүйлөрдөн.
Калыңдан кабар кеп баштап,
Калк нускасы деп баштап:
— Төөдөн жүздү берсин деп,
Ынтымакка келсин деп.
Жылкыдан жүздү берсин деп.
Хан Төлөк буга көнсүн деп.
Оёндон миңди берсин деп,
Коротпой алып келсин деп.
Кеңешке чыккан бийлери,
Келтирип сөзүн сүйлөдү.
— Бул малың мага көп эмес,
Тартынганым эп эмес.
Менин эп болбой турган ишим
бар,

Башы бошоп бул жерге,
Келбей турган кишим бар.
Өзүм камдап бүтүргөм,
Бул ишице күтүнөм.
Өзгөндөн малың аласың,
Мыскалды берип колума.
Мени жолго саласың.
Бейли-куюң оң болсо,
Анжияндан Алыпбек,
Азыр берсин баласын.
Өпкө кылба, Алыпбек,
Өзүм табам жарасын.
Төлөктүн сөзү эп болуп,
Ылайыктуу кеп болуп.
Алыпбектин алдында,
Кеңеш-кеби токтолуп.
Хан Төлөктүн бул сөзүн.
Бекер деген жок болуп.
Алыпбектин Мыскалы,
Бар шайманын келтирип.
Төлөктүн берди колуна,
Төлөктү салды жолуна.
Хан Шырдакка барамын,
Ханымдан кабар аламын.
Аманатын тапшырып,
Алып барып берген соң,
Мыскалды Шырдак көргөн соң,
Хан Шырдакка кеңешип,
Кайрылып үйгө келген соң,
Кабар берем өзүңө.
Кабардар болгун сөзүмө.
Өзгөнүмө барасың,
Калыңга айткан малыңды,
Колумдан санап аласың.
Менин сөзүм эки эмес,
Төлөктүн сөзү чеки эмес.
Эр Төлөктүн өнөрү,
Мыскалды алып жөнөдү.
Эр азамат жигиттен,
Нечени кошо барыптыр.
Каада билген келинден,
Канчаны кошуп алыптыр.
Санжыргалуу эр Төлөк,

Хан Ширдактын алдына,
Салтанат менен барыптыр.
Мыскалды алып барган сөң,
— Мына баатыр Төлөк деп,
Төлөк мага жөлөк деп.
Хан Ширдак калды шаттанып,
Катын алып кубанып.
Кадырлуу Төлөк баатыр деп,
Хан Төлөккө ынанып.

Айткан: **ТОГОЛОК МОЛДО.**

## ЭР ЭШИМ

### ТҮГӨЛДҮН БАЙЛЫГЫ

Илгерки өткөн заманда,
Түгөл деген бай болгон.
Түрүлүп малы эсепсиз,
Төрт түлүгү шай болгон.
Күнгөйдөгү кашка суу,
Жумгалга куйган сай болгон.
Жазы, күзү кыштоосу,
Сайды бойлоп бай конгон.
«Түгөл сай» деп аталып,
Белги калган элине.
Батпаптыр малы жаздаса,
Мандай-тескей жээгине.
Окторкой, Кызарт, Сандыкта,
Уй менен төөсү жатчу экен.
Кокту сайын короолоп,
Койлору жайыт алчу экен.
Жер сереси Соң-Көлгө,
Жылдырып жылкы салчу экен.
Айлана көчүп көлүнө,
Журт жаңыртып барчу экен.
Жылдан-жылга дүркүрөп,
Төлүнө-төлү кошулган,
Мал жайыты түгөнүп,
Оттогон чөбү тосулган.
Бир күнү Түгөл ойлонуп,
Ала шалбырт жаз менен,
Боору жазы кең жерге,
Көчөмүн деп нас менен..

Суусамырга бет алып,
Сүрдү малын жылдырып,
Кабактын кайың-талынан.
Укуругун кыйдырып.
Учаң-теңиз көп малын,
Уландарга жыйдырып.
Үрүң-бараң таң менен,
Үйдүн үстү сыйрылып,
Алмач өркөч төөлөрдү,
Аркы-терки чөгөрүп,
Уук-учтугун борумдап,
Казан кабын көмөртүп.
Жаңы тууган уйлардын,
Музоолорун өңөртүп.
Жаш кулунун телчитип,
Энелерин ээрчитип.
Суусамырды өрдөтүп,
Суу-сууга малын төлдөтүп.
Адам да жыргал, мал жыргал,
Айран-кымыз көлдөтүп.
Торолгондо улагы,
Жылып көчү чубады.
Айдаганда көңүл жай,
Оюн салып куланы.
Жал, куйругун тепкилеп,
Таркабайт ойноп кумары.
Аңгилер төрдү бербеген,
Айдаса асоо келбеген,
Алтымыш отоо жылкы бар,
Күлүгү күндө жем жеген.
Алардын барын имерип,
Айгырын минсе тердеген.
Алтоо-жетөө күнүгө,
Сууп турат кермеден.
Даакылуу кула бышты бар,
Алтымыш чапса желбеген.
Аны минсе жылкыны,
Айдамга койбой имерген.
Сырын билбей кээ бирөө,
Качышат кармап минерден.
Түгөл бай аны жактырат,
Шарп кула деген ушу деп,
Сөөгү тунса бир кезде,

Эр жигиттин кушу деп.
Жайы-кышы куланын,
Даакысы түшпөйт жонунан.
Тулпар го деп баа берет,
Туякта тура жогунан,
Жылкычылар элебейт,
Чапса желбес тогунан.
Суусамыр оттоп жайын жеп,
Жылкысы жеңдей жал алды.
Картаңы карыш казылуу,
Кулуну кучак сан алды.
Койлору чың семирип,
Эшик эндүү жон алды.
Уйлары онтоп тура албай,
Төөлөрү жардай ком алды.
Күзгө жуук болгондо,
Таласка барып түшүүгө,
Ниет кылды Түгөлбай.
Ашмара, Мерки түзүнө,
Кополуу жерге күздөтүп,
Жайсам деди барысын.
Аягы Талас, башы Чүй,
Чыгыптыр чөбү алысын.
Мындай сонун жерлерге,
Ээн жаткан төрлөргө.
Сугарсам да жылкыны,
Суук башат көлдөргө,
Көчүп түштү Таласка,
Көз жеткис мейкин чөлдөргө.
Мал борумун байкасаң,
Жердин көркү дүңгүрөп,
Салаа-салаа жылга суу,
Мөңгүдөн түшөт күңгүрөп.
Суусамырды оттогон,
Суу-суунга өрдөп токтогон.
Таналары бир бөлөк,
Тай букалар козголоң.
Чоң букалар жер чапчып,
Буртага майын топтогон.
Тартынып буйла созбогон,
Тайлагы ээрчип боздогон.
Иңгени келип эшикке,
Жетеленип ноктодон.

Атандар оттоп шородо,
Койлору жаткан короодо.
Козулары ирик болуп,
Куйругу кучак келгендей.
Улагы эркеч сыяктуу,
Ташка чыгат мергендей.
Тарсылдашып сүзүшсө,
Такымынан челгендей.
Башындагы мүйүзү,
Найза аштап бергендей.
Малдын бары жайдары,
Баш аягы көп жерде.
Көркүнө чыгып талаанын
Көңүлүнө төп жерде.
Жата берсин Түгөлбай,
Жайып малын откоруп.
Субайларын төрлөрдөн,
Эч ким барбайт жоктошуп.
Ээн-жайкын жатышты,
Жылкычы, койчу, уйчулар.
Олуя-ата, Таласта,
Кыпчактын калың журту бар,
Элин тамам башкарган,
Эр Эшимдей ханы бар.
Тоо туруштук бергисиз,
Толкуну күчтүү шаңы бар.
Жортуучусун жиберип,
Жол туудурат күнүнө.
Кайгууга киши чыгарып,
Кароол коёт түнүндө.
Кайгуулчудан кеп угуп,
Калың мал келди деп угуп.
Ушакчыдан кеп угуп,
Душман келди деп угуп.
Эр Эшим катуу оолугуп,
Буйрук кылды элине.
Жылкы тийип ал деди,
Көргөн-билгендерине.
— Жеримди, суумду боктогон,
Желеге кулун топтогон,
Кандай адам ал өзү,
Кабарлашпай оттогон.
Четинен тийип алыңар,

Малына колду салыңар.
Душман болсо чалыңар,
Түп көтөрө чабыңар.
Ата-атанын уулунан,
Бирден киши барыңар.
Азаматтар жигиттер,
Айтканымды угуңар.
Кайдан келген эмесиң,
Жарабайт де мунуңар.
Жаагын жарып талкалап,
Сакалдарын жулуңар.
Колго чокмор кармаңар,
Коркпой кирип байкаңар.
Колот толгон жылкынын,
Субайынан айдаңар.
Кой деп келген жан болсо,
Колу-бутун байлаңар.
Уруксатсыз бул жерге
Учан-теңиз мал менен,
Эч болбосо учташып,
Эр Эшимдей хан менен.
Анан мында келүүчү,
Алманын[1] кабат берүүчү.
Адамдын бары маакул деп,
Айтканына көнүчү.
Аны кылбас бейбаштын,
Айдап малын бөлүчү.
Деп ошентип кордуктап,
Жылкы тийип келгиле.
Канчалык эл болду экен
Маани жайын билгиле.
Деп Эр Эшим айтканда,
Эли карап турбады,
Буулугуп жүргөн жигиттер,
Буйругун эки кылбады.
Чапкан бойдон жарышып,
Тизгин колдо карышып
Тийме-тийме жылкыдан,
Четинен бөлүп алышып,
Талаа менен чаңдатып,
Таластын ичин шаңдантып.

[1] Алман — алым, салым төлөө.

Каскак менен кубалап,
Капталга чаап койгулап.
Айыл сайын кур эмес,
Алып келип сойгулап.
Кемпир ашы өндөнтүп,
Кемегесин ойгулап.
Келин-кызы чогулуп.
Келгендин бары тойгулап.
Жата берди бир топ күн,
Эр Эшимдин доорунда.
Эртели-кеч жигиттер,
Эки колу боорунда.
Тийип кеткен жылкынын,
Суроо салып артынан,
Эч кимиси келген жок,
Түгөлбайдын калкынан,
Жылкычылар башта эле,
Айтса Түгөл мейли дейт.
Кайгырбаңар балдарым,
Калганын багып жейли дейт.
Жок сурап хандын айлына,
Бастырып бириң барба дейт.
Койчу, уйчу жылкычы,
Кордук көрүп калба дейт.
Элдин ээси эр болот,
Амалы көп анда дейт.
Топук кылып Түгөлбай,
Кеткен малга кейибейт.
Канаат каарын тойгузат,
Калганы болот деги дейт.
Арадан бир ай өткөн соң,
Эр Эшим туруп таң калды.
Жок сурап мага бир келбейт,
Кайта кетип калганбы?
Же болбосо көп малын,
Дагы башка эл алганбы?
Кокустан душман кол салса,
Берели буга жардамды.
— Ой обозгер, жигиттер,
Жүртүлө байга баралы.
Ким экенин текшерип,
Абдан сөзгө каналы.
Билеселүү жан болсо,

Берген сайын алалы.
Билимсиз душман ал болсо,
Бириндетип чабалы.
Ченчи болсо калмактан,
Мойнуна зоолу салалы.
Укуругун сындырып,
Уугун отко жагалы.
Керегесин кыйратып,
Келин-кызын ыйлатып,
Төөлөрүн тизип матайлы,
Төрт түлүгүн жыйнатып.
Агерде жакшы бай болсо,
Келели абдан сыйлашып.
Дос бололу ант менен,
Алтын-жездей чырмашып.
Деп аттанып жол менен,
Чекене чабуул кол менен.
Тандалмалуу баары бар,
Тазып алган кары бар.
Таңдайы таңшып сүйлөгөн,
Талыкпаган чечен бар.
Кырк жигити кырк бөлөк,
Кыргыздан башка нечен бар.
Обозгер бар — бары бар,
Оюнга шуттуу дагы бар.
Найзакерден эри бар,
Баатырлары деги бар.
Ак баран атып маш болгон,
Адис мергендери бар.
Ашта-тойдо ырдаган,
Адамдан шайыр ырчы бар.
Айбандын түрүн тааныган,
Жанында аяр сынчы бар.
Анча-мынча эл менен,
Бастырып калды шарт этип.
Эңчегер бойлуу эр Эшим,
Ителгидей барк этип.
Барычу жери Түгөлдүн,
Айлына жакын калганда.
Көп жылкыны аралап,
Көрүп назар салганда.
Эр Эшим айтып сынчыдан,
Тандагын деди жылкыдан.

Күлүгү болсо көрүп бер,
Бууданын байкап билип бер.
Тулпарын тандап белгилеп,
Көңүлүмө илип бер.
Дегенинде сынчысы,
Байкап назар салганда,
Баштан-аяк аралап,
Айылга жакын калганда.
Көзү түштү байкады,
Даакылуу кула быштыга.
Желеден алыс кетпеген,
Такымдан алса теппеген.
Камчыланса баспаган,
Кармап минсе аксаган.
Даакы жүнү түшпөгөн,
Кум сирке басып биттеген.
Желедеги куланы,
Сынчысы тоорул тиктеген.
Эр Эшимдей бегине,
Маани-жайын билдирген.
Тулпар ушу экен деп,
Көнүлүнө түйдүрдү.
— Көп жылкынын ээси,
Марттык кылса мал берер,
Хан үйүмө келди деп,
Кара куйрук нар берер.
Же болбосо жылкыдан,
Тандамалын апкелер.
Үйдөн куру чыкпа деп,
Мингизүүгө ат берер.
Андайын коюп куланы,
Алсаңыз сизге чак келер.
Минсеңиз жолуң ачылып,
Алда таала бак берер.
Дегенинде Эр Эшим,
Көңүлүндө кымылдап,
Барды байдын үйүнө
Ичтен тынып жымылдап,
Эр Эшим салам берди эле,
Эшигине келди эле.
Аттарын алып уландар,
Аса байлап кермеге
Эшик ачып киргизди,

Төтөгөлүү чоң үйгө.
Сейилдикке тигүүчү
Сегиз канат боз үйгө,
Орун алды келген эл.
Катарлашып эр жакка,
Көпчүлүгү байкашып,
Көз салышты төр жакка.
Көз имерип караса,
Кара кашка ыпчалар[1]
Катар-катар жыйылган
Капка салган күмүшү.
Капшытында үйүлгөн
Кырмандагы буудайдын,
Кызылындай үйүргөн.
Жүгөрүдөй шурулар,
Жүк бурчунда төгүлгөн.
Кабаттап тизген бермети
Берекелүү көрүнгөн.
Бутагы сайын кур эмес,
Бакандарга илинген.
Машрөө[2], Манат[3] Макмалым[4]
Башайы менен барча[5] бар.
Көпчүлүктүн көзүнө,
Көрүнбөгөн канча бар.
Буулум менен бултун бар
Буулган канча куржун бар.
Жибектен эшкен аркан бар,
Урушка кийчү калкан бар.
Шурудан кылган буйла бар,
Аруудан кыйла буюм бар.
Көргөндүн көзү талгандай,
Көрбөгөнтө жалгандай.
Телегейи тептегиз,
Бар сарамжал колунда
Байбичеси байланган.
Бапиктүү чачпак жонунда,
Желбегей ичик жамынган.
Желбирөөч сөйкө тагынган.

---

1 Ыпчалар — байыркы кымбат баалуу товар.
2 Ич кийимдин баалуусу.
3 Кызыл нооту.
4 Баркут.
5 Башайынын бир түрү.

Түгөлбай өзү картайган,
Түлөк куштай багылган.
Тотудай күндө таранып,
Кунудан постек салынган.
Байбичеси ылайык
Бактысына табылган.
Жайланышып олтуруп,
Жай сурады Эр Эшим.
Арва-парва сөз менен,
Ал сурады эр Эшим.
Баштан-аяк билгенин,
Айтып абдан таанышты.
Эр Эшим менен Түгөлбай,
Эзилип сөзгө канышты.
Кымыз ичип кызышып,
Чекеден тер сызышып.
Бейилдери түшүшүп,
Бир-бирине ысыпшып.
А дегенде эр Эшим,
Жылкы тийип алганын.
Козголбогон көп малга,
Суук колун салганын.
Душманбы же элби деп,
Туюк сыноо кылганын.
Жылкы издеп жок сурап,
Барбаганын козгоду.
Элден анын жообун.
Албаганын козгоду.
Анда Түгөл кеп айтат
Таң калчуу сөздү эми айтат.
— Ой эр Эшим, каным ай,
Ой-тоодо менин малым ай.
Кайсы бирин жоктоймун,
Кайгыртып азиз жанымды.
Жетишет го өмүргө,
Калган-каткан дүнүйөм,
Карышкыр жесе канчасын,
Кай бирине күйүнөм.
Сурабай бирөө мал алса,
Каткырып, күлүп сүйүнөм.
Мейман келсе куштаймын,
Берекелүү үйүмдөн.
Бала-чака жеп турсун

Байталдардан карматып.
Эриккенде жигиттер,
Эшик алдын кандатып.
Керек болсо алыңыз,
Өспүрүмдөн тандатып.
Деп Түгөлбай айтканда
Эр Эшим катуу уялды,
«Баса бекер кылыпмын,
Бет карагыс зыянды»
Деп ичинде ойлонуп,
Эшик жакка чыгышты.
Ээн жайкын басышып,
Бир-бирине шыбышты.
Күбүрөшүп сүйлөшүп,
Байлыгына көз салды.
Сынчы кирип үйүнө,
Байбичеге сөз салды.
— О... байбиче, байбиче,
Айып көрбөй жооп айт
Сөз сурайын деп кирдим.
Эркин тоодон келипсиз,
Эсеби көп мал менен.
Көчүрпсүңөр жазында,
Ала шалбырт кар менен.
Керме тоонун сар өзөн,
Келипсиңер шаң менен.
Эчен сонун төрлөргө,
Мал откозгон даң менен.
Эми сизден сурайын,
Жылкы канча, уй канча?
Кумурскадай жайылат,
Коюң канча, пул канча?
Кут үйүңөн куюлат,
Айры өркөчтөн төө канча?
Кызыл куйрук нар канча?
Кызыктырган адамды,
Төрт түлүктүү мал канча?
Дегенинде байбиче,
Жооп берди сынчыга.
Хан алдында биргелеш,
Каадыр таап тургуча.
— Айланайын мейманым,
Кайсы бирин айтамын.

Айдап жүргөн бу малдын,
Аз-көбүн шундан байкагын.
Башы Базар-Турукта.
Аягы Кептеш-Кудукта.
Туурасы Соң-Көл, Окторкой,
Жеримди байка унутпа.
Ошонун бары калың мал,
Сырымды суруп курутпа.
Байлыгы менен адамдын,
Жетеби башы булутка.
Сырымды кантип айтайын,
Бет жуубаган жунупка.
Жумгал-ата мекеним,
Айтпаймын сөздүн бекерин.
Ээн калган көп малдын
Эсебин билбейт экемин.
Тиги журттан көчөрдө,
Кара кашка торпоктон,
Бир күндө үч жүз бииттеттим,
Мурдуна татып боркоктон.
Андан кийин алты кап,
Арчадан чүлүк буудурдум,
Мурдун көзөп алатын,
Самындатып жуудурдум.
Ала торпок андан көп,
Алты кап чүлүк жетпеди.
Айдаганга баш бербей,
Айылдын үстүн тепседи.
Кызылынан кыйла бар,
Карасынан канча бар.
Сараласы сандан көп,
Ала бөйрөк андан көп.
Көгаласы мындан көп,
Күрөндөрү кумдан көп.
Жылкынын жайын сурасаң,
Жебелеп баскан буудан көп.
Торусунан кара көп,
Карасынан ала көп.
Жээрдеси жаңа көп,
Көпчүлүгү кара көк,
Сарысынан кула көп,
Балдактуусу жуда көп.
Тууну жыккан күлүк көп,

Толуп жаткан мүлүк көп.
Короо-короо койлор бар,
Козусунан ирик көп,
Атанынан буура көп,
Буулуп жаткан чууда көп,
Бууpaсынан инген көп,
Булкулдатып минген көп.
Тубар малдан төлү көп,
Тирүүсүнөн өлүү көп.
Айланайын мейманым,
Кайсы бирин сурайсың,
Канчалык эсеп биле албайм,
Кандай айтсам ынайсың.
Балдарым бар, малым бар,
Байбиче болгон чагым бар.
Амандыгын тилеймин,
Алда таала, барыңдан.
Деп ошентип басылды
Кыздарбек аттуу байбиче.
Кайра суроо сурады,
Сынчы мейман аңгыча:
— Ушунчалык көп малга,
Тоёт бекен көзүңүз?
Төркүнүң ким, төзүң ким,
Не жаштасыз өзүңүз?
Дегенинде сынчыга,
Жооп берди Кыздарбек:
— Адамгерлик белгиси,
Айткан сөзүн куштар деп.
Айланайын мейманым,
Жашым элүү бирдемин.
Жайсыз үйгө кирбедим.
Жайылып жаткан көп малга,
Көз тойгонун билбедим.
Төркүнүм төмөн саруулар,
Түрүлгөн малдын баары бар.
Адам көзү курусун,
Тойбойт экен дүйнөгө.
Кайра-кайра көп малды,
Каратым келет күндө эле:
Жалганда жалгыз малы жок,
Жардылар жүрөт тим да эле.
Ошолор байдан топуктуу,

Деп ойлоймун мен да эле.
Айланайын мейманым,
Адам көзү курусун.
Мендеби, ач көз кимдеби?
Ким билиптир мунусун.
Өз көзүмдү сынадым,
Тойгондун жайын сурадың.
Угуп тургун мейманым,
Укмуштун жайын улайын.
Былтыркы жылы Түгөлбай,
Бастырыптыр эригип,
Ал аңгыча алдынан,
Жылкычылар кезигип.
Бир үйүр тоодак көргөнү,
Түгөлбайга сезилип.
Угары менен токтобой,
Көңүлү катуу берилип.
Атып келди бир тоодак,
Казы алган экен семирип.
Жүнүн жулуп баканга,
Шилисинен илгемин.
Учуп жүргөн канаттуу,
Семирерин билбедим.
Чаткаяктан майлары,
Таамп турду чыпылдап.
Тогуз карыш чараны,
Алдына тостум кыпылдап.
Ошо чарам үч толду,
Бир тоодактын майына.
Анда көзүм бир тойгон.
Айттым Түгөл байыма,
Учан-теңиз көп малга
Тойбогон көз бир күнү,
Топуракка тоёр деп,
Тообо кылам күн-түнү.
Туулгандан бер жакка,
Дөөлөт башка орноду.
Төрт түлүк мал биригип,
Бир тоодакча болбоду.
Айланайын мейманым,
Менин сырым мына ушу.
Көргөн-билген укмушту,
Айттым сизге чыны ушу.

Дегенде угуп сынчысы,
Чери сөзгө жазылды.
Атын буруп коём деп,
Ал өндөнгөн асылды.
— Кыздарбек деп айтпаймын,
Түгөлбайга түбөлүк,
Жарашып калган себептен,
Мен калысмын күбөлүк.
Атың Жараш болсун деп,
Тукумуң жүзгө толсун деп,
Чын сырыңды сен айттың,
Уугуңдун учу узарар,
Жергең өсүп көбөйүп,
Уулуң, уруудан чыккан кыз
алар.
Деп батасын берди эле,
Эр Эшимдин сынчысы,
Дүнгүрөп жатат талаада,
Түгөлбайдын жылкысы.
Ал байбиче балдарын,
Жараштар деп атаган.
Аңгемеси чечилет,
Арт жагында катаган.
Не себептен болгону,
Таралат Түгөл атадан.
Эшиктеги меймандар,
Үйгө кирип наар ичип.
Казандатып эт салып,
Кымызын чардап дагы ичип.
Түштүгүнө тай жешип,
Казы кертип май жешип.
Аттанарда аларга,
Кээжимден кымкап кийгизип,
Тогуздап торко тон коюп,
Байлыгын Түгөл билгизип.
Эр Эшимге жылкыдан,
Тандап күлүк мингизип.
Узасын деп үйүмдөн,
Жылкычылар чап деди.
Баш-аягын аралап,
Күлүгүн ылгап тап деди.
Анда Эр Эшим сүйлөдү,
Түгөлбайга бурулуп.

Отургандын барына
Айткан сөзү угулуп:
— Ой, Түгөлбай, Түгөлбай,
Мен эр-Эшим болгону,
Алты атамдан бер жакка
Баатыр аткан конгону.
Бир арманым ичимде,
Тулпар атка жетпедим.
Түн уйкумду үч бөлүп,
Жүрөгүм туйлап дегдедим.
Алдымда минген кадиктүү,
Бир тулпардын жогунан,
Чын колду баштап бир жакка
Чыкпадым кыпчак тобунан.
Катылып жүргөн калмакты,
Кайра чаап албадым.
Кыргызды чилдей тараткан,
Кытайга бүлүк салбадым.
Эч болбосо береки,
Казакка чалгын чалбадым.
Бизден мурун өтүптүр,
Канча баатыр, канча хан.
Ошолорду бир-бирден
Болгон экен ач буудан.
Мисалы тулпар Ак кула,
Манас минсе чак кула.
Семетейде Тайбуурул,
Таалайга бүткөн мал тура.
Ээсинин баркын көтөргөн,
Арбактуу жылкы ал тура.
Ошолордун атындай,
Мартабамды арттыра.
Алып учуп жүргөндөй,
Бар экен сизде Шарп кула.
Желеңизден көргөмүн,
Көрүп көңүл бөлгөмүн.
Эби келсе бериңиз,
Күчү болсун кулаңын.
Башы менен дегенге,
Бек уялып турамын.
Жаныңдагы элдерге,
Сарпай жаап сыйладың.
Жана да күлүк берем деп,

Уялтып мени кыйнадың.
Жылкыңызга кол салган,
Айып менде болуучу
Кайтып анын үстүнө,
Алганда кантип оңуучу.
Ыраазымын Түгөл бай,
Тандап берген атыңа.
Шарп куланын күчүн бер,
Душманымдан сак болуп,
Өз оюма чак болуп,
Кытай келсе барайын,
Кызыл кыргын салайын.
Калмак келсе камынып,
Калкымды аман багайын.
Мойуна тумар тагайын,
Жолборс үртүк жабайын
Тушума байлап алайын.
Душман изин чалайын.
Туйгун жаткан элиме,
Туюнтпай басып жоо келсе,
Туу көтөрүп жөнөйүн.
Тулпар жайын көрөйүн.
Душман канын төгөйүн.
Агыны катуу суу келсе,
Байлагандай бөгөйүн.
Жыргап жаткан элимдин,
Жыгылганын жөлөйүн.
Акыреттик сөз менен,
Аяш-адам болоюн.
Ага-иннидей сыйлашып,
Арка бериш коноюн.
Дегенде жооп кайтарбай,
Бербеймин деп айта албай.
Шарп куланын маанисин,
Эр Эшимге туюнтуп,
Кармап алып келгин деп,
Жылкычыга буюртуп,
Тулпарлыгын белгилеп,
Айтып турган жери ушу.
Угуп турган Эр Эшим
Кыпчактардын беги ушу.

**Түгөл байдын сөзү:**

— Ой Эр Эшим берениm,
Элди баккан кененим.
Мен Жумгалда турганда,
Бээ байлаган желенин.
Жанына барып бир күнү,
Жайылсын бээлер дегеним.
Нак ошондо мен сизге
Көргөнүмдү айтып беремин.
Базар-Турук чатында,
Марал оңдуу сур неме,
Күндүн көзү чачырап,
Чыккан кезде турду эле.
Жылкыларды аралап
Бир бээни бөлүп кууду эле.
Карап турсам капталдап,
Айдап кетти туура эле.
Темгил-темгил чаары бар,
Келте куйрук эшек жал.
Төрт аягы балдактуу
Мен көрбөгөн сонун мал.
Кайкы кара бээмди,
Кууган бойдон жоголду.
Издебедим артынан,
Ансайын ишим оңолду.
Ошо түнү карасам,
Ай төбөдөн тоголду.
Жылдыз жайнап жаркырап
Каадыр түн үйгө оролду.
Ай туяктап бээ союп,
Ак сарбашыл кой союп,
Ага-иниге түлөө деп
Айыл-апага той союп,
Түштө түтүн булаттым.
Түтүнгө түтүн улаттым,
Базар-Турук өөнүнө,
Жылкымды айдап чубаттым.
Келерки жылы кышында,
Келди кайтып кара бээ.
Үйүрүнө кошулуп,
Нысап болду адам ээ.
Эрте токтоп калыптыр,

Тубарына чукулдап.
Чидерип басып турган соң,
Алдынан чыктым утурлап.
Атайын аңдып мен барып,
Карамалап жаткамын.
Таңдын үрүл-бүрүлдө,
Шыйрагынан тарткамын.
Тунгагын жарып таштагам,
Турары менен шактаган.
Энесинин үстүнөн,
Каршы-терши аттаган.
Жаныбарым кулундун,
Жанына барсам качпаган.
Сур кула болчу ыраңы.
Тилик түшкөн кулагы.
Көргөндөргө бир кызык,
Куйругу жок кулун деп,
Аң-таң калып жүрүчү.
Алда кандай ырым деп,
Чыктага байлап чатылбай,
Башына нокто катылбай.
Жыл маалына бүт эмген,
Тайында да сүт эмген.
Кунанында кур болуп
Үч жыл удаа үч эмген.
Ушул быйыл бышты эле,
Ноктолоп аркан сүйрөттүм,
Жибектен чылбыр эштирип
Жылкычыга үйрөттүм.
Туулгандан бер жакка,
Үстүнөн даакы түшпөдү.
Куйругу өсүп чубалып,
Бакайына түшкөнү.
Араң эле чычаңы,
Төрт элиге толду бейм.
Карчыты кең жайылып,
Куйругу кулач болду бейм.
Биз Жумгалда турганда
Жалгыз өзү кетчү эле,
Базар-Турук суусуна,
Көз ачканда жетчү эле.
Кайра келип желеден
Нары-бери аттачу.

Үч жылдан бери байкаймын,
Жылкыдай жуушап жатпаачу.
Жайы-кышы дебестен,
Бөлөк суудан татпачу.
Соң-Көлгө барса Шарп кула,
Жылкы менен жайылат.
Күндүз көрсө, түндө жок,
Туулган жерге кайрылат.
Көрүнбөйт деп издесе,
Желедеи кайта табылат.
Анда-санда көргөн ал
Базар-Турук суусунан,
Таңга маал ичет деп,
Айтышат жайы-кышынан.
Кармап минсе куланы
Кашаңдыгы дагы бар.
Каршы-терши камчы уруп,
Таякты жейт жаныбар.
Суусамыр менен бу жерге,
Келгенден бери ойлосом,
Агын суунун башынан,
Барып ичет болжосом,
Анткен менен семирбейт,
Аңгилерче элирбейт.
Желеден алыс кете албайт,
Качааган кууса жете албайт.
Кармап минип жылкыны,
Жыйнамакка камынса
Аш бышымда топтолуп,
Ыраагы жакын табылса,
Таң калбас адам эркиби.
Караанын көргөн жерлерден,
Кайрылып жылкы чогулса
Колот-колот төрлөрдөн
Касиет бардай билемин,
Тулпар го деп жүрөмүн.
Эки жакка бастырып,
Эрикенде минемин.
Биздин Базар-Туруктан!
Суусу таза тунуктан,
Ичкен айгыр караса,
Тулпар чыгат уруктан.
Дешчүү эле мурунку,

Өтүп кеткен карылар.
Мактады деп ойлобоң,
Ар кимдин сүйгөн малы бар.
Баам кылып утуңуз,
Ой Эр Эшим, бегим ай;
Кара бээни айдаган,
Кандай эме дедим ай.
Темгил чаар тайкы жал,
Тегерек туяк кайкы мал.
Тоо кайыбы көрүнөт,
Тотудай жүнү бөлүнөт.
Тобурчак сыны көрүнөт
Томукка жалы төгүлөт.
Куланбы дейм кумдагы
Куулганбы бу дагы.
Ойноп түшүп келгенби
Ой менен тоо кырдагы.
Нак ошондон туулуп,
Тулпар болуп калганбы.
Туягында тура жок,
Кантип айтам жалганды.
Каалсаңыз алыңыз,
Кастарлап жакшы багыңыз.
Сөөгү тунган болжолдо,
Душмандын жолун чалыңыз.
Деп Түгөлбай жылкыдан,
Алдырып келди куланы.
Эр Эшимдей баатырдын
Сөзүн эки кылабы.
Ээрин алып токутуп
Жалын тарап сылады.
Ачылгансып кабагы,
Кайчыланып кулагы.
Аттанарда кыйшайып,
Бүгө берди тизесин.
Шап Эр Эшим аттанды,
Шаркылдатып кисесин.
Бастырганда чатынан
Суурула түшүп жорголоп.
Жалт-жулт этип каранып,
Жүрүшүн түрдүү формолоп,
Кыялданып кылтылдап,
Кубулуп жүнү жылтылдап.

Кош элим деп Эр Эшим,
Бастыра берип кеткенде,
Бай Түгөл менен турган эл
Көңүлүн атка бурган эл.
Түштөндүрүп сый берип
Ызат-урмат кылган эл.
Жарданышып таң калып
Байкап калды Түгөл бай.
Ат ээсин тапкан экен деп,
Дембе-дем сылап сакалын
Жайкап калды Түгөл бай.
Жүрүшүнө кубанып,
Сөзү сөзгө уланып.
Жылкычылар токмоктоп
Жытыгып калган эмедей,
Алмак-салмак минүүчү
Кешик жок эле кенедей
Эми багың ачылды.
Эрдин аты атанып,
Суратпай бербей куланы
Менден өткөн катаалык.
Жаныбарым Шарп кула
Аркырасын араның
Суук душман көзүнө,
Сүрдүү болсун караның.
Эр канаты жаныбар,
Ак жолтой бол Эшимге
Мал да болсоң бактуу бол
Намызыңды кетирбе.
Деп жөнөттү Түгөлбай,
Шарп куланы мингизип
Эр Эшимге бир катар,
Манат чепкен кийгизип.
Эр Эшим барып үйүнө,
Эл эскирткен бийине.
Куланын жайын билдирип.
Арпа түктөп илдирип,
Аземдетип бактырып,
Алтын мамы кактырып.
Жолборс үртүк жаптырып.
Салтанатын арттырып
Көбүк карга агытты,
Сынчынын сөзү боюнча,

Жанына үч ат коштурду.
Жайдары бол деп оюнча,
Жыл маалында бир атты.
Сойду Эр Эшим согумга.
Кара кемик чучугу,
Бар экен эки колунда.
Жыйырма төрт ай өткөндө,
Жана сойду бирөөнү
Жиликтердин баш-башы,
Агара элек сөөгү.
Отуз алты ай болгондо,
Үч жылга жур толгондо.
Калган бир атты соём деп,
Сынчысы айткан болжолго.
Толду эми деп сойгондо,
Кемиктин башын ойгондо.
Кенедей жерде кара жок,
Сөөгү тунуп агарып.
Кара эти жок май болуп,
Калгандыгы бары анык.
Эми көөнүм тынды деп
Шарп кула сөөгү тунду деп.
Колго байлап кайтартып,
Куйругун кучак жайкалтып.
Жалын тарап бөлдүрүп,
Жакшы сылап көндүрүп.
Сууган сайын суналып,
Мамыда турат кыналып.
Сыны чыгып сыртына
Шаңына шаң уланып.
Даакы жүнү жоголуп
Так секирип оңолуп.
Мамынын башын кемирип
Кайтарган сайын семирип.
Жогор жагын көп тиктеп,
Жоо көргөндөй элирип.
Жети күнгө чөп жебей,
Жерди чапчып койгулайт.
Музду бузуп талкалап,
Буту менен ойгулайт.
Бактысына табылган
Маңдайдагы жылдызы.

Жата берсин Эшимдин
Жергелүү калың кыргызы.

Эмки сөз суук душман Ажаан деген калмактын кыргызга кол салышынан башталат.

Калмактардын Ажааны,
Калк куруткан тажаалы.
Курачысын көп кылып,
Төлгөчүсүн төп кылып,
Балчыларын баш кылып,
Бал китебин ачтырып.
Сыйкырчысын жүрмөлөп
Ак чопкутун бүрмөлөп.
Азууларын кайрашып,
Кара курттай жайнашып.
Кечилдерин ногултуп,
Кесирлүүсүн тоорултуп.
Кыргыздарды кырам деп,
Кыяматтай кылам деп.
Жайчыларын жайлатып,
Жай ташын суута байлатып.
Асманда булут бүркөлтүп,
Айланасын чүмкөлтүп.
Көнөктүн оозун алдырып,
Көктөн мөндүр жаадырып.
Тескери шамал шыбыргак,
Кара бороон дырылдап,
Учуруп кетчү немедей,
Утур-тетир ырылдап.
Сегиз сай мөндүр куюлуп,
Уйгу-туйгу шырылдап.
Асмандагы канаттуу,
Жерге түшүп чырылдап.
Кумдуу шагыл майда таш,
Учуп жатат зырылдап.
Жерден жети таш алып
Ого бетер ырымдап.
Кара суута салдырып,
Кардан изди чалдырып.
Булактын көзүн муздатып,
Музда жүрсө сыздатып.
Бөксөгө туман курчатып
Сел жүргүздү каптатып.

Арыбы көп аярлар,
Өздөрү көзгө көрүнбөй,
Кара калмак амалкөй,
Каптап келет бөлүнбөй
Каркыранын башынан
Буурул түндүн сазынан,
Жалпы калмак жол ашып
Жол түшө элек жон ашып.
Жай саратан күнүндө,
Кыяматтай жут болуп.
Жердин жүзү көк айкы,
Кар аралаш муз болуп.
Жайкалтан шибер көрүнбөй
Жайдын күнү кыш болуп.
Көл башында көп кыргыз,
А дегенде туш болуп.
Калмактын кара дубасын,
Күндү жайлап окуган.
Кээчилдердин амалын
Эр Эшим угуп чочуган.
Калың элди аралап,
Каптап келген жери ушу.
Калмак каны кол башы,
Канкор Ажаан эр ушу.
Көл башында кыргызды,
Талгардагы казакты
Такыр чаап кыйратып
Тарттырыптыр азапты.
Тандалмалуу жерди алып,
Тарпын койбой элди алып.
Ырыскы көктөн куюлган
Ысык-Көлдөй көлдү алып.
Тукум курут кылам деп,
Туудурбастан кырам деп.
Боюнда бар аялды
Жара тартып өлтүргөн.
Керээз айтпай арманда
Коштошо албай төркүндөн,
Чабылгандар чачылган.
Асманга күлдү сапырган.
Кайчы тулга казанды
Каршы-терши талкалап,
Басып алган кыргыздын,

Башын жарган балталап.
Ажаан деген жаяны,
Азуусу өткүр чаяны.
Жыргап жаткан кыргызга
Жылыга тийген залалы.
Мына ошондо далай эл,
Туш-туш жакка тарады.
Кабарчыдан кеп угуп,
Калмак келди деп угуп.
Ак кагаздан кеп угуп,
Анжиян арка эл угуп.
Айтпай элди кууруп
Ажаан келди деп угуп
Кыпчактардын эр Эшим,
Элине айтып кеңешин.
Баатыр кыпчак кайда деп,
Барыңар жер чайла деп,
Эсебин алып эл жыйып
Эшигине топтотуп.
Арбын кошун алууга,
Акыл кеңеш токтотуп.
Элинен алды миң киши,
Калганы жок билгичи.
Ошон үчүн кат берип,
Доол байлап ат берип.
Катагандын ханына,
Кабар берди чакырып.
Эркин жаткан жыргашып,
Эли минтип чачылып.
Достошомун деп ойлоп
Душман келип кыскандан.
Аскери колдо аз үчүн
Айлын калмак бузгандан.
Кабыргалаш жатуучу,
Катагандын элдери.
Калкы көчмөн аралаш,
Катарлаш эле жерлери.
Кыпчактын төмөн жагында
Күркүрөөнүн сайында
Катаганды башкарган
Хан Турсун бар тагында.
Бир чекеси элинин
Ташкендин кыйдам тушунда.

Бир чекеси Сайрандын
Талас жакка тышында.
Ортосу Түлкү-Башында
Орчуну турат ушунда.
Ойрокто дайын катаган,
Отурат жайы-кышында.
Хан Турсунду чакырып
Үлүш берди эр Эшим.
Этке аралаш тарттырып,
Күрүч берди эр Эшим.
Алтымыш жамбы куржундап,
Күмүш берди эр Эшим.
Достугу үчүн тогуздап,
Жорго берди эр Эшим.
Ойротту чаап келгендей
Олжо берди эр Эшим.
Кунан чабыш, ат чабыш,
Мөрөйү көп эр сайыш.
Ар санатын арттырып,
Көкбөрүсүн тарттырып.
Хан Турсун менен дос болуп,
Эзилип көңүл кош болуп.
Кылычтын мизин жалашып,
Мылтык оозун өбүшүп.
Ант кылышып турганда,
Катаган, Кыпчак көрүшүп.
Эр Эшим элин тапшырып,
Хан Турсундай досуна.
Акыретте күйбө деп,
Антташкан достун отуна.
— Мен кетемин калмакка,
Намызымды алмакка.
Айлымды сага тапшырдым.
Сени коюсом арбакка. —
Дедим эле оюмда.
Талап кылып бармакка.
Ошон үчүн чакырдым,
Кеңешимди салмакка.
Каарың төккөн катуу жоо,
Камап кирип келиптир.
Казак менен кыргыздын
Каныц суудай төгүптүр.
Намыз үчүн нар жакка

Кетирели кубалап.
Бир четинен кыргызды,
Чапкан экен будалап.
Жерге туман салыптыр,
Жай жайлатып дубалап,
Угуп карап турбаймын,
Урушка-уруш уланат.
Буга досум не дейсиң?
Билгениңди сүйлөгүн
Айтарым ушу мен сага.
Калган элди бийлегин.
Журтум сенде аманат
Кайтаргын жоодон саламат.
Каары катуу калмакка
Карышкырдай аралап
Кара курттай кээчилди,
Каптайын барып камалап.
Кайрылып андан келгиче
Калбасын журтум талаалап.
Канаттууга как тырбай
Кас душманга чаптырба.
Катын, бала алсызды
Кул-күң кылып саттырба.
Тумшуктуута чокутпа,
Тырмактууга тыттырба.
Түрү суук жоо келсе,
Түшүрбөгүн туткунга.
Үй түгүндөй көп калмак,
Уйпалайын мен барып.
Эсен-аман келгиче,
Эл башкаргын сен калып.
Анда досу Хан Турсун
Эр Эшимге ант кылып:
— Ой жан досум, жан досум,
Оюнда күмөн болбосун.
Ишиңди кудай оңдосун.
Кошо-Асаным колдосун.
Жолуңду Кошой жолдосун.
Бул сапарга барып кел,
Чек араны чалып кел.
Ары-бери аралап,
Намызыңды алып кел.
Ак карлуу тоону түптөп кел,

Ак жамбысын жүктөп кел.
Мөөсүлүмө чыгарып,
Кыз-кыркынын тизип кел.
Кыйыры бөлөк душмандын
Кымыздай канын ичип кел.
Элден убаа жебегин,
Балан-бакун дебегин.
Алым-алман албаймын,
Андай чыгым салбаймын.
Чекесине чертпеймин,
Элиңе ыдык көрсөтсөм,
Кантип сага беттеймин.
Акыретке барганча,
Анты-шерттен кетпеймин.
Элиң менде аманат,
Жергесинде сактаймын.
Эсен-аман келгиче,
Берген тузуң актаймын.
Катаганга иргелеш,
Катар конуп биргелеш.
Тура берет айылын,
Мейманчылап кез-кезде,
Барып турсун зайыбың.
Балдарыңа айтып кет,
Катташканын үзбөсүн.
Казан-аяк аралаш,
Болгондугун күчөтсүн.
Аман келсең уруштан
Конушарбыз короолош,
Кышынкысы болгондо,
Бозо ичербиз жороолош.
Куда сөөк болорбуз,
Курчалышып конорбуз.
Мен — катаган, сен — кыпчак,
Деген сөзүм жок болор.
Анты-шерттен мен жылсам,
Аксак сары ат козголор.
Калкыңа кара санаган
Канеткенде дос болор.
Арам пикир ойлогон,
Достун түбү жок болор.
Кайыр энди эр Эшим,
Жеңил барып оор кел.

Эриш бузуп жылкы алып,
Эсен-аман соо кел.
Деп жөнөттү кошунду.
Эр Эшимден көрдү эле.
Эл кылбаган озурду.
Бир-биринен эки дос,
Ажырашты коштошуп.
Айыл-апасы аялдар,
Айланышып топтошуп.
Асман ачык күн болуп,
Ай жарыгы түн болуп.
Улуу кошуун жүргөнү,
Урулуу журтка дүң болуп.
Алтын айчык кызылтуу,
Алда канча шаң болуп.
Желпилдеген желектер,
Жердин жүзү чаң болуп.
Күндүз жүрүп түн катып,
Күүгүм талаш үн катып.
Жалындаган оёндор,
Жан казандар байланган.
Жалаң кылыч колго алып,
Жаа тарткычтар шайланган.
Эр жүрөктөр баатырлар,
Эр Эшимге айланган.
Сары өзөн Чүйдү чаңдатып,
Самсып өттү сайлардан.
Эки Кемин жер менен,
Калмак ашуу бел менен.
Тоо түгөнгөн чөл менен
Толкуган Ысык-Көл менен.
Кызыл-Кыя, Сын-Таштан,
Бетегелүү Кой-Таштан.
Үч-Каркыра, Кегенден.
Текес-Кыяс дегенден.
Калмактардын колуна,
Аралашкан жери ошо.
Ал жердеген көп кыргыз
Чабылып калган эл ошо.
Туу көтөргөн кош башы,
Тулпар минген шумдары,
Аламан коюп, ат коюп,
Качырып найза сунганы.

Эр Эшим ураан чакырып,
Эр Үрбүм деп бакырып.
Эки жактап калың кол
Каптап калды качырып.
Кудай бетин көрсөтпө,
Куйкаланып жер бети.
Куу качырган туйгундай,
Кулага минген келбети.
Эрдин эри качырса,
Жыгылды калмак желдети.
Ач кыйкырык, жуу сүрөөн,
Жердин жүзү тумандан.
Ат боорунан кан болуп,
Ажалдуулар бурандап.
Колго түшкөн жайчысын,
Санына чылбыр салганы.
Суу-суунун башын издетип,
Төрдөн чалгын чалганы.
Колго түшкөн калмактар,
Кордук көрсө тил билбейт,
Алдап-соолап сураса,
Айткан сөзду бир билбейт.
Ылачын тийген каргадай,
Калмактарды үркүтүп,
Каптап куруп баратат.
Кайра нары дүргүтүп,
Жайчыларын жаткырып,
Бооруп ташка бастырып.
Кээчилдерин карматып,
Бал китебин ачтырып.
Барын кылган ушу деп,
Барактарын чачтырып,
Бакылдатып сабатып,
Башын жарып канатып.
Орчундары кез болсо,
Орго салып каматып,
Арыптуу нечен аяры
Колго түшүп кокуйлап,
Кордук көрүп байланып.
Курачылар кошо ыйлап,
Дубакөйдүн барысын,
Кармап алып бычактап,
Каргы тилди далысын.

Күндүн көзүн алгандар,
Жай ташын сууга салгандар.
Уңгусу болот найзалуу,
Уруудан чыккан балбандар.
Жер союлган калмактар,
Кара курттай лыкылдап,
Карама-каршы атышып,
Кайнагандай быкылдап.
Эки кошуун бет болуп,
Эсеби жок көп болуп.
Мылтыкчандар атышып,
Жерге сулап жатышып.
Найзалуулар сайышып,
Ат үстүнөн майышып.
Чарайналар чака-чак,
Айбалталар така-так.
Кылычтуулар чабышып,
Кызыл канды агызып.
Кыйма-чийме кагышып,
Кый сүбөөгө малышып.
Очогор, Гүлдүр, Мамайга,
Оозунан окту урушуп.
Милтелерин түтөтүп,
Окчо кармап турушуп.
Түтүндөн киши көрүнбөй,
Ачкан көздү жумушуп.
Бет алдынан келгенин,
Бирин-бири куушуп.
Нары карай качырып,
Найзаларын сунушуп.
Жаанын огу чыпылдап,
Кадалса каны тыпылдап.
Ат боорунан кызыл кан,
Агып жаткан андан көп.
Жарадар болуп кээ бирөө,
Талып жаткан андан көп.
Өжөр калмак өз ичин,
Жарып жаткан андан көп.
Өзүн-өзү өрттөшүп,
Күйүп жаткан андан көп.
Өлүктөрүн чуңкурга,
Үйүп жаткан андан көп.
Калмактардын Ажааны,

Темиңөөрү карк алтын.
Төңөлүгү куймалуу
Үзөңгүсү чылк алтын.
Тели шалкы бууданын
Теминип койсо жеткендей
Анча-мынча жылкыны
Тебелетип кеткендей.
Темир найза колунда
Тепчий сайса тешкендей.
Жаалданып кыйкырса,
Жанынан адам кечкендей.
Ошо күндөн ушу күн,
Эр Эшим экөө бет келбей.
Аламан уруш үстүндө
Бир-бирине кез келбей.
Дөө экенин билгизип,
Төбөгө кылыч кезгербей.
Түртүшүп найза сунушпай,
Ат үстүнөн урушпай,
Биринен-бири күч сынап,
Билектерин жулушпай.
Эр Эшим, Ажаан эки дос,
Маңдай-тескей болгулап
Эки жак элди беттешип.
Баатырлары кол курап.
Тулпарларын түйүлтүп,
Толорсукка койгулап.
Калмактардын Ажааны,
Кыйкырыгы таш жарат.
Патманатын[1] чакырса,
Бакырыгы баш жарат.
Ат ойнотуп алыстан,
Алганы колдо барыскан.
Турбай туйлап тулпары,
Кол сыйрылып карышкан.
Коё берсе кокустан,
Аңды-дөңдү ылгабай,
Ала качып кетчүдөй,
Артынан кууган кишини,
Аңтара салып тепчүүдөй.
Кайда бурут, кайда деп,

[1] Патманатын — калмактардын кудайы.

Карап турган кезинде,
Шарп куланы бир сынаш.
Эр Эшимдин эсинде,
Үртүтүн алып жайдактап.
Көкүлүн көккө түйдүртүп,
Кулангдан тууган куланын
Куйругун кайра шүйдүрүп.
Анжыяндын акканкы
Шарп кулага чак канкы.
Кош басмайыл — кош олоң
Бурма бугу чылбыры.
Алты айдан бери калмактын,
Болуп жаткан кыргыны
Чылбырын белге курчанып,
Бөктөргөсүн бек таңып,
Кол канжыга бокчолоп,
Кош булдүргө төңөлүк.
Качыра турган өңдөнүп,
Карагай, найза өңөрүп.
Кара сур өңү көгөрүп.
Ызырканып тиштенип,
Кызарып көзүн тиктенип.
Эңчегер бойлуу эр Эшим,
Бук болуп ичи зиттенип.
Бою турна тарамыш,
Кармаса колу темирдей.
Баса минген кулага,
Балтыры өгүз белиндей.
Тоо туруштук бергисиз,
Толкуну көлдүн илебиндей.
Алгыр бүркүт кабактуу
Жаткан иттей кашы бар,
Чүйлүсү жолборс мойнундай,
Жан казандай башы бар.
Каргылуу найза кармаган
Кадалган жери ырбаган.
Сок билектей чочмору,
Тийген жерин кандаган.
Ак кайында илинүү,
Ай балтасы шыңгырап.
Шарп кулага аттанып,
Бастырып чыкты зыңгырап.

Тулпар кула мингени,
Туулга башка кийгени.
Чарайнасы чапталуу,
Сооту жынжыр илмелүү.
Муздай темир курчанып,
Мурунураак жер чалып.
Шарп куланы жулкунтуп,
Тарттырбай оозун булкунтуп.
Такымына камчы уруп,
Тарсылдатып карс уруп.
Качырышкан жери ошо.
Үңгүлүү найза учу курч,
Учу болот кара курч.
Карагайга каптаган,
Каршы-терши тарамыш.
Камчыга-камчы үзүлбөй,
Качырышты түтүндөй,
Акырекке болжошуп,
Үңгүсүна орнотуп.
Жандын ээси жүрөктү,
Жара сайып өтөм деп.
Тели шалкы үстүнөн,
Тегеретип кетем деп.
Суук душман Ажаанды,
Сойбогонум бекер деп.
Өлөсөлүү жерге болжосом,
Өлбөгөндө нетер деп.
Өпкөсүнөн тешер деп.
Сайганда найза мылк этти,
Азгана башы шылк этти.
Жыгыла турган өңдөнүп,
Оой түшүп жөндөнүп.
Кайра баштан толгонуп,
Аттан түшпөй оңдонуп,
Эки жактан эки адам,
Жөлөмөлөп алды эми.
Камбылды көздөй бет алып,
Салгар жолго салды эми.
Ортого алып калмактар,
Касканактап калды эми.
Кайнатма кара дарысын
Кырма кызыл абуусун,
Кырып-сүртүп жарага.

Айыктырды анысын.
Байкап калды чочунуп,
Эр Эшимдин сайышын.
Жаранын оозу карттанып,
Чып-чып сары суу болуп.
Каны катып айыгып.
Каршы жерге куу коюп.
Качып калды калмактар,
Кайра нары дуу коюп.
Качкан жоонун артынан,
Сайып барат сабалап,
Калың калмак кээчилди,
Карышкырдай аралап.
Кыйдамына келгенде,
Кырып кетип баратат.
Жолугуша келгенде,
Жоюп кетип баратат.
Ортосунан эр Эшим,
Оюп кетип баратат.
Колу коонуп неченди,
Союп кетип баратат.
Жаанын огу жамгырдай,
Жаап кетип баратат.
Чочморлуулар чокуга,
Чаап кетип баратат.
Кылыччандар кыймалап,
Кесип кетип баратат.
Иче-кардын имерип,
Эшип кетип баратат.
Кайрыларга айла жок,
Качып кетип баратат.
Капкасына кирүүгө,
Шашып кетип баратат.
Чилдей тарап туш-тушка,
Уй түгүндөй көп калмак,
Уйпаланып бириндеп.
Учу-түбү бек калмак.
Турпан менен Камбылга,
Үйүлдү барып чеп кармап.
Таштамырчак каласын,
Талкалатып Эр Эшим.
Дарбазасын чактырып,
Балталатып Эр Эшим.

Баатырларын чогултуп,
Барына айтып кеңешин,
Касташканым калмактын,
Ажааны эле журтум ай.
Канакарап кылалы,
Мокобосун курчуң ай.
Ажаан колго тийбесе,
Эл алдым деп айтканым
Баатырлыктын иши эмес.
Мактанып үйгө кайтканым.
Барың тегиз угуңар,
Жашың менен улууңар.
Ажаан калмак капырдын,
Шаарын тегиз бузуңар.
Ажаан колго тийгиче,
Эми бир жыл туруңар.
Бастырып жерин чайлаңар,
Курачысын байлаңар,
Төрөлөрүн кармаңар,
Ханы колго тийбесе,
Кантип үйгө барабыз.
Ажаанынан өч алып,
Түп көтөрө чабабыз.
Каныбызга кан алып,
Жаныбызга жан алып,
Анан үйгө кайталы.
Узун аяк мал алып,
Казак, кыргыз чектеги,
Калган экен таланып.
Анан үйгө кайталы.
Эрдикти элге айталы.
Шаарга кирди бекинип,
Ажаан деген шайтанды.
Аны кармап алалы,
Мойнуна күндө салалы.
Чапкыла журтум, чапкыла,
Жабыла издеп тапкыла.
Казанын чагып талкалап,
Сапырып күлүн чачкыла.
Зыяндуусун жоготуп,
Дарга мойнун аскыла.
Сыйкырчысын муунтуп,
Сыйыртмак салып тарткыла.

Кара даба билгенин,
Какшатып сөөгүн чаккыла.
Кар жилигин сындырып
Жерге кийре каккыла.
Өтүн жарып сыртынан
Эстен кеткис кылгыла.
Санына чылбыр бургула.
Санат кылып тургула.
Сакалдарын жулгула.
Жалпы аман киргиле,
Жаагын жара тилгиле.
Жайы-кышы тартынбай,
Жагалмайдай тийгиле.
Мени-мени дегендер,
Менин камым жегендер.
Жүрөтүнө курч байла,
Уруудан чыккан кеменгер.
Деп Эр Эшим турганда,
Намыз жолун кууганда.
Кара шаар камбылдан,
Кара жылга балгындан.
Калмактардын Ажааны
Качып чыкты тажаалы.
Калың кыргыз тосмолоп,
Кармай албай калды эле.
Кашкар жакка бет алып,
Кара жолго салды эле.
Эр Эшим карап турабы.
Камчыланып Куланы
Качкан Ажаан артынан
Каакым болуп чурады.
Каршы алдынан келгенин
Каттап кетип баратат.
Карма-карма-карма деп,
Какшап кетип баратат.
Тели шалкы союлтур,
Көрүнгөндө көрүнөт.
Көрүнбөсө түгөнгүр,
Көккө чаңы бөлүнөт.
Шашкаландап эр Эшим,
Шарп куланы теминет.
Чу деп койсо жаныбар,
Канаттуудай зуулдайт.

Қара көздөн жаш ыргып,
Этек-жеңи дуулдайт.
Кырда сурнай тарткансып,
Жал-куйругу чуулдайт.
Жар урунса алдынан.
Жаадай ыргып чуратат.
Жабык бою бийикти,
Жапырылтып уратат.
Көрө-көрө жакындап,
Көккө чаңды буратат.
Тоголотуп буттары,
Топудай таш кулатат.
Буртулдатып көбүктү,
Буттарына жабылтат.
Такымына куйругун,
Тарсылдатып чабылтат.
Кемегедей жерлерди,
Төрт туягы ойгулайт.
Калмактардын Ажааны,
Каршы-терши койгулайт.
Ада тулпар закымдайт
Буда тулпар такымдайт.
Кээде кызып тер чачып,
Куйрук улаш жакындайт.
Анткен менен карматпайт.
Далы ортосун кандатпайт.
Кашкар барды алдырбай,
Карагай найза салдырбай.
Турпан барды алдырбай,
Туурадан найза сайдырбай.
Челек менен Чарымды,
Уланбатур, Талтарды,
Үч айланып карматпай,
Канат жасап алганбы.
Кайта тосуп кубалап,
Текес-Кыяс белине,
Тегеректеп курчаган.
Жолукту кыргыз элине,
Туш-тушунан тосмолоп,
Тоссо кайдан козголот.
Элди жара качканда,
Эр канаты Шарп кула
Ошондо кулак жапырып •

Үстүндөгү эр Эшим,
Эр Үрбүм деп бакырып.
Эңкейип найза салды эле.
Кыр арканын тоому деп,
Кый сүбөөгө малды эле.
Демитип дагы жетти эле,
Уңгусунча жетти эле.
Тебетей сайган эмедей,
Тегеретип кетти эле.
Кооно түшүп колдору,
Өпкөгө найза орноду.
Калмактардын Ажааны,
Кандеке жатып сойлоду.
Кайра-кайра сайгылап,
Кара көзүн ойгону.
Карга-кузгун жесин деп,
Кабакка сүйрөп койгону.
Каны менен жинине,
Карышкыр, түлкү жойлоду.
Айыгышып эр Эшим,
Акырында койбоду.
Үч жылы толук урушуп,
Намызын алды ойдогу.

Эр Эшимдин Ажаанды алып, душманын жеңип кайтканы жана хан Турсун досунун аңгемеси:

Көп калмакты олжолоп,
Айры төөдөн нар алды.
Калгандарын багынтып,
Узун аяк мал алды.
Кайра тартып эр Эшим,
Келе жатат жол менен.
Өриш бузуп жоо алган;
Эчен баатыр кол менен.
Таң атардын буурул түн,
Үч каркыра, Текеске,
Келип конду кошууну.
Көкө кулдун бекетке,
Эр Эшим элге кеп айтат.
Эл сагындым деп айтат:
— Ой кошуунум угуңар,
Барың маакул дегиле.
Үч жылдан бери жолдобуз,
Мен барайын жериме.

Гөйкашкалар чогулуп,
Маакулдукту бериңер.
Силер аста, жай жүрүп,
Ат өргүтө келиңер.
Мени менен биригип!
Жолдош болчуу кимиңер.
Аты мыктуу азамат,
Тандагыла бириңер.
Кимдер калат, ким барат,
Ылгап атты миниңер.
Эл аманын билейин,
Эрте Чүйгө кирейин.
Ушу бүгүн Таласка,
Ура жүрүп барайын.
Күн батканча мен жетип,
Элден кабар алайын.
Мени менен бир жүрүп
Арыбасын атыңар.
Атка ишенбей турганың
Аскер менен жатыңар.
Таңдын эре-середе,
Кошко жүктү артыңар.
Кужулдашып кокустан,
Козголбосун батыңар.
Кол башчыга багынбай,
Жол иретин бузбаңар.
Ыктуу жерге түнөшүп,
Жай баракат уктаңар.
Дегенинде козголуп
Эки түгөй сур минген.
Аттарына ишенип,
Эшим менен бир жүргөн.
Эки кара буурулчан,
Экөө бирдей куудул чал.
Жана да бир жоргочон,
Жолдош болгон болжосом.
Артынан бир тору айгыр,
Минген жигит кошулду.
Чатырашып жүргөндө,
Чаң асманга созулду.
Шарп кулага эр Эшим,
Баса минип отурду.
Жаныбарым Шарп кула,

Такымга тери чачылып
Шайбыр жүрүш салганда.
Жердин бети казылып
Кемеге болуп оюлуп.
Кергенде колтук чоюлуп.
Кайчылашып кулагы
Кыялданып кылт этип
Бура тарта бергендей.
Буйтагансып булт этип,
Жорголой түшүп жебээлеп
Эки жакка керээлеп.
Туяктан кумдар серпилет,
Жол боюна себээлеп.
Алдына тура калганда
Кетүүчүдөй тебээлеп.
Жүрө-жүрө кызыган,
Турасы оттой ысыган.
Октос берип түйүлөт,
Оозунан көбүк үйүлөт.
Ыкчырылып ылдыйда,
Ылаачындай түйүлөт.
Үстүндөгү эр Эшим
Өз алдынча сүйүнөт.
Кээде киши карсылдайт,
Таманы жерге тарсылдайт.
Дүбүртүнөн бөлөк ат,
Тең жүрө албай салпылдайт.
Артындагы алты адам,
Карамалап келейтат.
Кылчайып артын эр Эшим,
Жана карап келейтат.
Катар бирге жүрө албай,
А дегенде баягы
Жорго минген азамат
Белде калган сыягы.
«Жоргонун бели» аталып,
Белги болгон туягы.
Андан бери келейтат
Эки сур ат мингендер,
Калган экен талаада,
Ишенип бирге жүргөндөр,
«Эки ак сур» деп ан үчүн
Атаган өлгөн мал үчүн

Андан кийин кош буурул
Калып калган жерине.
«Эки кара буурул» деп,
Атап койгон элиме.
Тору айгырчан кишиси,
Чөлдүн күнгөй учунда,
Келгенинде калыптыр.
Тозордун кыйдам тушуна,
«Тору айгыр» деп ат коюп,
Атаган экен илгери.
Эмгиче айтып сөз кылат.
Карылардын билгени,
Шарп кула менен жүрө албай,
Өлүптүр алты ат зоругуп.
Тулпарга кантип тең келет,
А турмак, канаттуу өтпөйт
корунуп.
Көкө кулсун бекетте
Колдо калган турбайбы.
Кошо жүрүп бир топ ат,
Жолдо калган турбайбы.
(Буга окшогон тулпарга,
Кубангандан ырдайлы.
Жалганбы же чынбы экен,
Кел көпчүлүк сындайлы.)
Тулпар менен эр Эшим,
Аларга карап турбады.
Аксы менен Таласка,
Жетмейинче тынбады.
Боом ылдый Шарп кула,
Буулуккандай баратат.
Мойнунан жаңы тер чыгып,
Сууткандай баратат.
Сары-Өзөн Чүй талаада
Самсыгандай баратат.
Каңтара тартып оозун,
Камчыланбай баратат.
Ашмаранын оюна,
Аккан суунун боюна,
Оздугун чыгарып,
Агын суудан сугарып.
Чылбырын кармап откоруп,
Чырым уйку жок болуп.

Араң эле ал жерге,
Аш бышымдай токтолуп.
Ура жүрүп олтуруп,
Ошо күнү бешимде,
Таластын чаты-жайыкка,
Намаз дигер кечинде.
Барган экен эр Эшим,
Суу боюнда боз селки,
Ага чыгып караса,
Айраң азыр таң калды.
Айландырып санаса
Қак эткенден карга жок,
Қарарып чыккан малда жок.
Қук эткенден кузгун жок,
Куркулдаган жытчыл жок.
Же болбосо асманда,
Канаттуудан учкул жок.
Карааңда эме көрүнбөйт,
Қай кеткени билинбейт,
Калкы кайда, мал кайда,
Караса көзгө илинбейт.
Қай кеткени белгисиз,
Калың кыпчак эли жок.
Серепчилеп көз салса,
Жакын жерде шеги жок.
Журту калган ит улуп,
Жолбун иттер бүт улуп.
Аны көрүп эр Эшим,
Айланып көөнү бузулуп,
Кандай жорук болду деп,
Элим кайда конду деп.
Акылы тарап бириндеп,
Боз селкинин жонунда,
Сыр найзасын таянып.
Таластын тасма жолунда
Не кыларын биле албай,
Андан ары жүрө албай.
Айланып башы тел болуп,
Көзүнүн жашы сел болуп.
Санадар болуп турганда,
Арт жагында бир аттын
Дүбүртү чыгат шырпылдап.
Қылчайып аны караса,

Бир абышка шылкылдап.
Арман ырын айткансып,
Анда-санда кыңкылдап.
Келип салам берди эле
Алик алып эр Эшим,
Жол болсун деп турду эле.
Анда абышка мындай дейт:
— Кол аттанып калмакка
Козголоңду саларда.
Камындым эле мен дагы,
Камбылдар чалгын чаларда.
Көп аскерге аралаш,
Кошулдум эле аларга.
Караан тартып баргамын,
Кайыптан олжо табарга.
Байкабаган окшойсуз,
Көпчүлүктүн ичинде,
Отоо башы мен элем
Түгөл байга жылкычы.
Отурбайлы үйүмдө,
Козголгон жүрөк курч ушу,
Минген атым кара бээ.
Шарп куланын энеси
Артыңыздан келатам.
Ач буудандын деги өзү.
Дегенинде таң калып,
Кеп-кеңешин бүтүрүп.
Эр Эшим менен абышка,
Эл табууга кутүнүп.
Ээн калып жерлери,
Эчак үркүп элдери.
Кайыры чыгып бат эле,
Калмакты барып жеңгени.
Күн чыгышка бет алып,
Кайра тарткан жери ошо.
Каңырыгы баш жарып,
Капа болгон кези ошо.
Мал сүрдөөнү кетиптир
Күн чыгышты жүздөнүп.
Эч айласыз эр Эшим,
Ээрдин кесе тиштенип.
Таластын башы Суусамыр,
Гөй-гөй ашып, тоо менен

Ат изине чөп салып,
Ак карлуу бийик зоо менен
Айылдын дайнын таба албай.
Алтымыш катмар коо менен
Ала-Бел, Өтмөк бел менен,
Алтыгана төр менен.
Суусамырдан өзөндөп,
Жумгал ата чөл менен
Келсе Түгөл жеринде
Жыргап жаткан убагы.
Сураса дайны билинбейт,
Кыпчактардан дубаары,
Тамактанып наар ичип,
Бир азга чыдап турабы.
Элдин ээси эр Эшим
Элин таппай тынабы.
Абышкасын ээрчитип
Тыным албай түн жүрүп.
Төбөдөн үркөр ооганда,
Конушту токой бууганга.
Таң атканда абышка,
Эр Эшимге көрсөтөт.
Мына муну көрдүңбү?
Барын чала мүлжүгөн
Сөөктөр бар үйүлгөн.
Табалы барып күндүүдөн.
Тескейди көздөй кеткендир,
Барыга кайгы жеткендир.
Элиң ачарчылыкта,
Болгон окшойт чамасы.
Дегенинде эр Эшим
Бөлүндү нечен санаасы.
Чын эле элим ток болсо,
Тазалайт эле сөөктү
Такырайтып кетмекчи
Тал чыккан токой жээкти.
Мал сүрдөөнүн кубалап,
Тескей менен жүрөлү.
Буйгалап күндүз тим жатып,
Түндө айылга кирели.
Жакын жерден эл дайнын
Жатып андып угарбыз.
Жакалап көлдү бойлойлу,

Жатарда барып бугарбыз.
Кимдин эли болсо да,
Чалгын чалып турабыз.
Эгерде душман эл болсо,
Качырып найза сунарбыз.
Хан Турсун дос табылса,
Кайрылып салам кыларбыз.
Алда эмине болду экен
Калган го журтум талаалап.
Хан Турсундай досума
Калтырдым эле аманат.
Досумду душман чалган го,
Тоздуруп бүгүн сайган го.
Катаганга катарлаш,
Кыпчакты кошо алган го.
Биз камбылда экенде
Каттап калмак барган го.
Катаганга, Кыпчакка
Каран түндү салган го.
Касаптап барып айдаса,
Жеген эт чала калган го.
Ак калпактуу кыргызга,
Ачарчылык жааган го.
Сары изине чөп салып,
Таба албасак арман го.
Деп аттанып тескейлеп,
Ылаколду бойлогон.
Тоону түптөп төш менен
Эл барбы деп ойлогон.
Күндүз кечке тим жатып,
Кечинде бугуп үн катып,
Караанын көрүп айылдын,
Карышкырча түн катып,
Жылдыз каркап толгондо,
Жатар мезгил болгондо.
Түндөсү кабар алмакка
Айылга жакын бармакка
Нээти кетип Эр Эшим
Короого чабуул салмакка.
Кимдин эли болсо да,
Тилин тартып көрөйүн.
Сен абышкам тура тур,
Мен айылга жөнөйүн.

Атайын душман бу болсо,
Атышып жатып өлөйүн
Же аттын терин кайтарып,
Айдап жылкы бөлөйүн.
Деп баягы жолдошу,
Абышканы аңдытып.
Тура бер деп колотко,
Санадар кылып каңгытып,
Жөнөп кетти эр Эшим
Куланын оозун баргытып,
Жабык бою бийиктен
Жайын билип каргытып.

### Эр Эшим айылга барды

Айылга жакын барганда
Байкады аңдып абайлап.
Душманбы же элби деп,
Туруп алды карайлап.
Ал аңгыча бир катын,
Шаңкылдап короо кайтарат.
Айтуунда бир укмуш,
Болгондугу байкалат.
Тыңшаганда бу сөздү
Көйкөлөйгө чамалаш.
Айтып жатат ал катын,
Арман ырын аралаш.
— А... көйкөлөй, көйкөлөй
Кайтардым хандын субайын.
Кайгылуу кылдың кудайым.
Капысынан келсечи
Казатка кеткен жубайым.
Катагандын хан Турсун
Хан Турсун сени ант урсун.
Хан балдарын кул кылдың
Кайгыга салып муң кылдың.
Кантип чыдап жан турсун.
Отун алган биздин кыз,
Отун жаккан биздин кыз.
Кой кайтарган биздин кыз,
Козу баккан биздин кыз.
Эңчегер бойлуу эр Эшим,
Эсен келсе калмактан.

Биздин кыздай болор бекен
сиздин кыз.—
деп озондоп кыйкырат.
Короодогу бир катын,
Мундууларга абалтан,
Ким ыраакта ким жакын,
Кызматында байкалат.
Эки достун ортосу,
Ээси жокто элине
Тийген окшойт жолтоосу.
Эр Эшим барып короого,
Катынды алды билектен.
Катын айтат: — сен кимсиң,
Караңгыда жүдөткөн.
Кутула албай турганда,
Кул-күң болгон дүбөктөн.
Жылкычы кул сенсиңби?
Укуругун сүйрөткөн.
Койсоңчу кандай немесиң
Жылкычы болсоң малга бар,
Жолто кылбай сен мага.
Жортуулчу болсоң жолго бар.
Касапчыга мал кайгы,
ара эчкиге жан кайгы.
урубуз чыгып билинип,
Уят болуп калбайлы.
Кайгысы көп катынмын,
Түнүндө короо кайтарган.
Күндүз отун, суу алып,
Жүрөктү ханым майтарган.
Менин жаным кайгыда,
Санаасыз көпкөн ким элең.
Ар жакка турчу кантесиң
Атчан мурдуң жиреген.
Десе дагы болобу,
Ак каңкынын кашына,
Коюп алып жөнөдү.
Көк бөрү тарткан эмедей,
Кой дегенге көнөбү.
Алып келип катынды,
Абышканын жанына,
Сыр сурады эр Эшим.
Ар түрлүү көңүл чагыла,

— Көйкөлөйдү айтпай,
Муздуу сөздү бек айттың.
Отун алган кыздарды,
Кайра-кайра көп айттың.
Катаган хан Турсунду,
Ант урсун деп неге айттың.
Арт жагында атымды,
Айтып ырдап мени айттың.
Бекбекейдин ордуна,
Эмне үчүн сен айттың.
Сырдашалы барын айт,
Сыздаган жабыр алыңы айт.
Калктын башын кармаган,
Калмакпы жокпу каныңды айт.
Жаакты жанып ырдайсың,
Жабыр көргөн жаныңды айт.
Караңгыда озондоп,
Кайтарып турган малыңды айт.
Катын да болсоң угайын,
Кандай түрлүү сырыңды айт.
Калпын коюп жашырбай,
Калтырбастан чыныңды айт.
Дегенде катын сыр айтат.
Ичи толгон муң айтат:
— Мен жеримде экенде,
Кер маралдай керилген,
Келберсиген жан элем,
Кеп айтардан эринген.
Эр Эшим эле ханыбыз.
Эсепсиз болчу малыбыз.
Эрден да жок, жерден жок,
Эндиреп турат алыбыз.
Күлдү — бала-чакабыз,
Күң болуппуз барыбыз.
Отун алып мал багып,
Мусапыр болгон чагыбыз.
Кайыр сурап ар кимден,
Кетип барат шайыбыз.
Короо толгон корумдар,
Эр Эшимдин койлору.
Кара көздү кал басты,
Болор бекен ойдогу.
Талаа толгон көп жылкы,

Эр Эшимдин жылкысы.
Ээси жок кор болгон,
Эсил кыпчак журт ушу.
Олуя-Ата, Таласты,
Жердечү эле эр Эшим.
Жалгыз досум жалганда,
Сен дечү эле эр Эшим.
Катагандын хан Турсун,
Анттуу досу болучу,
Түлкү-Башы, Таласта,
Аралаш эле конушу.
Ажаандын жолун тосом деп,
Эр Эшим кеткен жол ушу.
Элинин баарын аманат,
Хан Турсунга тапшырган.
Бөрүгө койду кайтартып,
Бөлүндүрүп чаптырган.
Эр Эшим эми келбейт деп,
Элин талап хан Турсун,
Уугун жагып күл кылган
Уулун уй кайтартып кул
кылган.
Кызын кызалактай күң кылган
Катынын кара салып тул
кылган.
Талаадан тезек тердирип,
Тамандарын чор кылган.
Элинин барын иштетип,
Бириндетип кор кылган.
Узун аяк мал койбой,
Тамам-такыр жыйнаган.
Жергеси менен кыпчакты,
Желдеттер уруп кыйнаган.
Келин-кыздар ыйлаган,
Керегеси кыйраган.
Өлгөндөрү мындан көп,
Керээзин айтып кыйла адам.
Көргөн күнүм курусун,
Көзүмдүн жашы көл болду.
Күнүгө кейип жол карап,
Кайгырып башым тел болду.
Жергелүү кыпчак бузулуп,
Ээси жок караан эл болду.

Ошон үчүн мен карып,
Түнүндө короо кайтарып,
Ичтен муңум таркалып,
Калабы деп ырдадым.
Кирин жууйм күнүгө,
Казанына кар салып.
Хан Турсундун катыны,
Касаптап урат балта алып.
Өтөмбү жалган дүйнөдөн,
Өмүрүмчө тапталып.
Аябай урат жулмалап,
Айдай бетке так салып.
Мусапыр болгон мен шордуу,
Мунум жүргөн сакталып.
Озоондогон үнүмдү,
Угуп келген окшойсуң.
Ого бетер кордуктап,
Бугуп келген окшойсуң.
Жылкычы деп байкасам,
Чын сырымды сурадың.
Мен ырдаган сөзүмдүн,
Баш-аягын уладың.
Аңтара карап байкаймын,
Алда ким деп турамын.
Деп бүшүркөп басылды.
Баштан өткөн кордугун,
Калтырбай бүтүн өткөрдү,
Хан Турсундун кордугун.
Анда Эр Эшим сурады:
— Кимдин жары болосуң?
Төркүн-төсүң кайда эле?
Жакын жерде бар беле?
Үстү-башың карасам,
Үйрүп салар кийимиң жок.
Жарды белең, бай белең?
Башында кандай жайда элең?
Эр Эшимдей баатырдын,
Катын, бала-чакасы.
Кандай күндө турушат?
Жокпу кайгы-капасы?
Анда катын муну айтат:
Ан сайын катуу муң айтат:
— Эр Эшимдей баатырдын,

Үч катыны бар эле.
Ортончусу мен элем,
Кичүүсү сулуу жан эле.
Үчөөнү тең алам деп,
Өкүм кылган хан Турсун.
Дос туруп душман болгонду,
Аксак сары ат ант урсун.
Тил алган эмес эжебиз
Тийгенден көрө өлөм деп,
Мен да тийбей койгомун
Тирүүлөй кордук көрөм деп,
Экөөбүздү тең уруп,
Тикенекке жаткырган.
Камчылатып күнүгө
Каршы-терши так кылган.
Чачымды кырккан кайчылап
Такырайтып тайкылап
Дагынкысы дагы көп
Уялам кантип айтылат.
Балдарыбыз кулдукта,
Айласыз минтип турдук да.
Кыздарыбыз күң болуп,
Кыйноону тарткан шумдук да.
Кичи токол сулуусун,
Алып алган хан Турсун.
Энчисине бир кыйла,
Малымды алган хан Турсун.
Өрүшүмдү аралап,
Жылкымды союп той берген,
Энчисине эки миң,
Иргемден бөлүп кой берген.
Ал көрөр көз койнунда,
Хан Турсун менен жаткан чак.
Тай-Кунандай ойношуп,
Тамашага баткан чак.
Көчүп келип жеринен,
Көлдү бойлоп турган чак.
Күлбагын бийик чеп кылып,
Айланасын бек кылып,
Алты кат коргон урган чак.
Алтымыш бакса бийиги,
Ичинде ойноит кийиги:
Алганы менен хан Турсун,

Атилес булгун кийими.
Күндө союш жегени,
Эр Эшимдин иригн.
Көргөндө какшайт зыркырап.
Көкөйдөн кетпейт күйүгү.
Тамчыласа көз жашым,
Көрдүңбү деп тигини.
Таш ташытса алжаят,
Таманымдын тилиги.
Көргөн күнүм курусун
Менден нени сурайсың.
Карангыда сүйрөтүп,
Кандайлыктан сынайсың?
Кайдан келген адамсың,
Өз жайыңды айта көр,
Хан Турсунга көрүнбөй,
Ылдамыраак кайта көр.
Көрүп калса кокустан,
Жер чайлаган ченчи дээр,
Же болбосо Кашкардан
Хандан келген элчи дээр.
Карматып алып желдетке,
Кара башын кесчи дээр.
Каадасына сайдырып,
Ээрдинен тешкилер.
Эшимдин эли болбо деп,
Эс ооганча тепкилер.
Ачуусун бизден чыгарып,
Албарс менен бет тилер.
Түн уурусун кылды деп,
Тилекке шакар септирер.
Таалайы жок шордуурга,
Таң атпайт да кеч кирер.
Айланайын жолоочу —
Тур аттанып жөнөгүн.
Туткунга башым чырмалды,
Кудай кылса көрөмүн.
Дегенинде эр Эшим:
— Тааныйсыңбы мени?—дейт.
Анда катын бүшүркөп,
Таң атат го эми дейт.
— Кокуй, төрөм болбогун?
Козгоп улам торгодуң.

Хан эр Эшим өзүңбү?
Кал баскан тура көзүмдү.
Аман-эсен көрдүмбү,
Караңгыда жүзүңдү.
Деп кайгырып кучактап,
Төгүлүп жашы бурчактап
Аташкан жары Эшимди,
Аткарбастан кучактап.
Төрөсүн таанып төп болуп,
Арманы башта көп болуп.
Ичи жалын өрт болуп.
Эки көзү төрт болуп.
Акырын ыйлап бек солуп,
Амансыңбы деп солуп.
Кайта-кайта муңдарын,
Хан Турсундун кылганын,
Калтырбай айтып:—мындагын,
Тирүүлүктө турушат.
Тим эле үйдө жатпастан,
Азапка башты чырмадың.
Деп ошентип өпкөлөп,
Ээсин көргөн күчүктөй,
Эзилишип бир кыйла,
Буу чыгарып түтүктөй.
Болгон ишти сүйлөшүп,
Кайра басты короого.
Эр Эшим тез аттанды,
Эмки жолун тороого.

Эр Эшим абышкасын ээрчитип алып, кайта жээктеп күңгөй менен өзүнүн келе жаткан аскеринин алдынан утурлап, Өрүктүн талаасында жолукту. Беш жүз төөгө эки миң колду жүктөтүп, үстүнө чатыр жаап чүмкөтүп алып, түн жарымында хан Турсундун Тозордогу чебине киргени.

**Эр Эшимдин амалы**

Жылдыз каркап толгондо,
Намаз куптан болгондо.
Эңчегер бойлуу эр Эшим
Чеп оозуна келди эле.
Караңгыда кайтарган
Короолго салам берди эле:
— Ассалоому алейкум,
Сакчыларым арбанар,

Алыскы жолдон келатам,
Аадаштырып салбаңар,
Кербен башы мен болом,
Беш жүз төөнү башкарган,
Кирээ тартып баратам.
Кетте шаар Кашгардан,
Караңгыда жол таппай,
Кабылдым келип чебиңе.
Кадырлуу мейман экен деп,
Кабар бергин бегиңе.
Тышка жатсам кокустан,
Ууру келип албасын.
Аруу буюм көп эле,
Аңдып жатып албасын.
Чептин оозун ачыңар
Түшүрүп жүктү үйөмүн.
Алымын берип ханыңа,
Эртең эрте жүрөмүн.
Кабарлашып жооп бер,
Кароолдогу сакчылар,
Куру койбойм силерди,
Сөз депкирин тапчуулар.
Дегенде сакчы түйүлдү,
Ханды көздөй жүгүрдү.
Салам айтып Турсунга,
Таазим кылып бүгүлдү.
Соодагер жайын айткан соң,
Хан Турсун абдан сүйүндү:
— Андай болсо киргизгин,
Түшүрүп жатсын жүктөрүн.
Ууру-төгүн болбосун,
Уктабай жакшы тиктегин.
Олжону кудай жеткирип,
Берген тура асмандан.
Кербен келсе үйүмө,
Кенен шаар жактардан.
Аруудан буюм аларбыз,
Башайы менен макмалдан.
Сөзүн сурап канарбыз,
Суук душман жактардан.
Турбагыла, басыңар,
Дарбазаны ачыңар.—
Деп жөнөттү сакчыны,

Дарбазачы башчыны.
Чептин оозун ачтырып,
Беш жүз төөнү киргизип
Чатырларын тиктирип,
Сарамжалын билгизип.
Милтелерге от коюп,
Кыстармага илгизип.
Бар жарагын камдатып,
Турган кезде таң атып.
Кулан өөгү болгондо,
Ураан тартып кыйкырып,
Кулак түрүп үн чыгып.
Удаа-мудаа күн чыгып.
Чаң аралаш буу чыгып,
Эр Эмиш деп чуу чыгып.
Дарбазасын чаккылап,
Тарсылдатып аткылап.
Тополону тоз түшүп,
Түтүнү турман боз түшүп.
Тозордун ичи өрт болуп,
Топудай кызыл чок түшүп.
Бырын-чырын козголуп,
Капилеттен бастырып
Катагандын хан Турсун,
Алдатып чебин ачтырып.
Алты күнү урушуп,
Айбалтасын суурушуп
Кыяматтай урушуп,
Кылыч кындан суурушуп,
Баш көтөртпөй багынтып,
Баласындай жалынтып,
Өз торуна чалынтып.
Албарстыдай жалынтып,
Ханын колго түшүрүп,
Камынтпай ишин бүтүрүп.
Колу-бутун байлатып,
Кордук менен айдатып,
Эс алдырбай тыным жок,
Эки көзүн жайнатып.
Улам жолун тозоттоп,
Үйга кошуп кошоктоп.
Туурдагы куштарын,
Туйгун менен шумкарын.

Жоо келгенде минүүчү,
Жорго, күлүк тулпарын.
Келберсиген сулуудан,
Келин менен кыздарын.
Жайыттагы малдарын,
Жаңы өспүрүм балдарын.
Кайыры жок байларын
Каргылуу күлүк тайганын.
Алдына салып шаңдатып,
Сары өзөн Чүйдү чаңдатып.
Кыз көчүргөн эмедей,
Элин жыйып жамгарып.
Өчүн алып душмандан,
Элине кошуп малды алып.
Калкын толук көчүрүп,
Хан Турсун атын өчүрүп.
Калган экен армансыз,
Ант ургурду өлтүрүп,
Акыры келип конуптур.
Аман-эсен Таласка,
Эртели-кеч колдо деп,
Дуба кылып Манаска.

Ошону менен Эр Эшим туулуп өскөн жери Олуя-Ата, Таласка келип, өзүнүн элин жана барлык кыргызды душмандан коргоп жата берди. Эр Эшим деген атак кыргыз элине куучу болуп эсептелди. Эр Эшимдин эркин жүрбөгөн жери калган жок. Мисал үчүн Бадик оорусу менен ооруган кишилерге эм салып дарымчылар мындай деп Бадик айтат:

**Бадик:**

Көч-көч бадик, көч бадик көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.
Кыйырчактын кызыл түлкү сен болуп,
Качсаң сыра,
Кабактын карала барчын мен болуп
Койбойм сыра,
Канча жерден мант таптырып бассаң
дагы,
Кармап алып каныңды ичип тойбойм
сыра,
Эр Эшимдин жайлоосу Эдил, Нура,
Эрегиштим сен менен койбойм сыра.

Арал-арал, аралга көч,
Арал отун оттогон, маралга көч,
Кыйыр-кыйыр, кыйырга көч,
Кыйыр отун оттогон сыйырга көч.
Кытай менен калмак төрөсүнө
Кырдуусунган отоголуу кыйынга көч.

Эр Эшимдин жайлоосу Эдил, Нура,
Элим көчүп сайрандап конгон тура.
Найза кармап, качырып саймак болду,
Мингени Түгөл байдын тулпар кула.
Элиңе кет, көч бадик турба мында
Эрегиштим сен менен койбойм сыра.

Эдилден Эр Эшимдин көчү келет
Көч алдына Эр Эшим өзү келет.
Өзү келип сыртындан өтүнду алат.
Кордук көрбөй өзүнчө көчкүн тарап,
Көч-көк бадик көч бадик көчүрөйүн,
Бадик болгон атыңды өчүрөйүн.
Жики таруу сен болуп калың чөпкө,
Чачылсаң да койбоймун сени көпкө.
Чөжөлүү төок мен болуп терип кирем
Эр Эшимге кабар берип ээликтирем.
Сулуу десең нойгуттун кызына көч,
Тунук десең беш көлдүн тузуна көч.
Эр Эшимдин жайлоосу Эдил, Нура,
Элим көчүп сайрандап көчкөн тура.
Найза кармап качырып саймак болду
Мингени Түгөл-байдын тулпар кула.
Элиңе кет, көч бадик турба мында,
Эрегиштим сен менен койбойм сыра.

Мына ушундай түрдө байыркы кыргыз бир катар ооруларды да Эр Эшим келет деп, Эр Эшимди куучу кылып, элдин ээси деп эсептеген.

**Айткан: ШАПАК ЫРЫСМЕНДЕЕВ**

## МЕНДИРМАН

Эдик хан деген хан чыккан,
Айбатынан жан чыккан.
Тогуз уулу бар экен,
Тогузу бирдей эр экен.
Эң кичүүсү Күлтебер,
Көрүшкөндө ким жеңер?
Улуусу Асыл дээр экен,
Акылга дыйкан эр экен.
Бир аялдан жалгызы,
Мендирман деген бар экен.
Өзү жалгыз бала экен,
Кайраты артык жан экен.
Ата-энеси өлүптүр,
Энеден жалгыз калыптыр.
Атасынын тушунда,
Бир сулуу кыз алыптыр.
Алганы сулуу болуптур,
Арамдык ойлоп тууганы.
Келинге көңүл буруптур.
Кеңешип тогуз агасы,
Бузулуп ага санаасы.
Мендирманды өлтүрмөк,
Келер болсо чамасы.
Асыл деген агасы,
Барысынын бабасы.
Жеткилең амал табууга,
Жетиптир ой-санаасы.
Бир күнү Асыл той кылып,

Топурата эл жыйып.
Эдик хандын айылын
Дөөлөтүн көрсүн деп жыйып.
Мал семизин союптур,
Мамыратып коюптур.
Арак менен бозого,
Конок үйү толуптур.
Келген кезде эл жайнап,
Ат байланды жер жайнап.
Толукшуйт тогуз бир бир тууган,
Бир-бирине бел байлап.
Күлтеберди карасаң,
Той башталган жагында.
Турган экен шыкаалап,
Ашкананын жанында,
Мендирмандын аялы,
Кирип-чыгып кылтылдап.
Алдыртан сөзүн айтышкан,
Ар кимиси сыр тыңдап.
Жаткан жери ак мыя,
Жалтылдаган бейбак-а.
Көргөндө көөнү бузулган,
Мендирманды кыйбаган.
Эдик хандын арбагын,
Асыл уулу сыйлаган.
Жалгызын эстеп ыйлаган.
Мендирманды карасаң,
Эки көзү кылгырып,
Берген ашын иче албай,
Арт жагына жылдырып.
Күлтеберди карасаң,
Бозону бийлеп күпүлдөп.
Ардемени бир айтып,
Ачууланып күпүлдөп.
Аны көрүп Асылдын,
Эт жүрөгү түрсүлдөп.
Ичкени арак аш болуп,
Асыл элге баш болуп.
Асыл бийлеп куйдуруп;
Ачкасына сундуруп,
Ары-бери караса,
Калкынын баары мас болуп,
Акылдары аз болуп,

Алсырашып калыптыр,
Асыл көзүн салыптыр.
Комузду колго алыптыр,
Каңгыр-куңгур чалыптыр,
Мендирманды карата,
Месел айтып салыптыр:
— Айланайын жалгызым,
Асыл деген байкушуң,
Айтып турат кулак сал,
Айтканымды угуп ал.
Акылың болсо андагын,
Эсиң болсо тыңдагын.
Эмилден таяк кыяйын,
Атын Каныш коеюун.
Кое бергин Канышты,
Мен бир ыраазы болоюн.
Канышың жаман киши экен,
Кудайдын кылган иши экен.
Кайыңдан таяк кыяйын,
Калкыман сулуу жыяйын.
Эгер сүйсөң ал кызды,
Атын Каныш коеюн,
Кое бергин Канышты,
Тогуз бөрү бир койду,
Таласа тарпын коебу?
Жан алгычтар качырса,
Жалгызым сага тоебу?
Ичип антка тойбоду,
Илешип сени койбоду.
Ич күйгөндө жалгызым,
Кебим ушул ойдогу.
Көп ичинде калкылдап,
Айтып турам уялбай.
Канткен менен ойлонуп,
Бир жалгыз сени кыя албай.
Ушул кепти укканда,
Эки көзү ачылды.
Мас болгону басылды,
Айтып турган Асылдын.
Ыргып туруп Мендирман,
Комузуна асылды:
— Айланайын аба деп,
Раазымын сага деп,

Мен салайын добушту,
Бул өңдөнгөн доңузду,
Мен жаралуу каманмын,
Чалып өтүп кетейин.
Асыл сени нетейин.
Комузуңду алайын,
Каңгыр-күңгүр салайын.
Ичимди ачып алайын,
Канчалык балаа келсе да,
Ашык атсам уттурбайм.
Аманат жандын барында,
Айганышты туттурбайм.
Тоорушуп кимдер келсе да,
Топ ойносом уттурбайм.
Тоголок башым аманда,
Толгон айым туттурбайм.
Тоону тоолой учкан турнамын,
Тоютум канбай конбоймун.
Тогузуң бирге мен жалгыз,
Тоотсом бүгүн оңбоймун.—
Ошону айтып турду эми,
Күлтеберге берди эми.
Комузду колго алды эми,
Өкүмсүнүп Күлтебер,
Өөдө-төмөн чалды эми.
— Келгиле журтум, келгиле,
Жалгызды кармап бергиле.
Көшөгөнү тартайын,
Көрүнөө алып жатайын.
Күчү барбы ушунун!
Көз көрүнөө союн.
Кыйынсыган эмени,
Канын ичип коюн.
Күлтебериң күрсүлдөп,
Бүгүн кордук көрдүң деп.
Бир тууганым кайда деп,
Эки колун байла деп.
Эмчектешим кайда деп,
Эбирикти жайла деп.
Көптүгүнө мактанып,
Күрсүлдөдү Култебер.
Ал-аңгыча Асылы,
Мендирманга асылды.

Жүргүн жалгыз, тургун деп,
Көп айтышты койгун деп,
Мендирманды көтөрүп,
Эшикти көздөй сүйрөдү.
Жамандардын барысы,
Баш-аламан сүйлөдү.
Асыл үйдөн чыгарып,
Атын тарта берди эми.
Айлантып турган азаптан,
Куткаргысы келди эми.
Сен өңдөнгөн менде жок,
Сендей шордуу элде жок.
Эдик кандай атаңдын,
Арбагына сыйынгын.
Кайрылбай качып кетпесең,
Тал чыбыктай кыйылдың.
Аманат жандын азабын,
Асыл дагы билди эми.
Аман-эсен Мендирман,
Өз атына минди эми.
Аман жолго кирди эми.
Кылчайып артын караса,
Жакшынакай Канышай,
Жалтылдады карады,
Аттанып калган Мендирман,
Айылга бөлдү санааны.
Айганышты көргөндө,
Кайра тартып турду эми.
Баягы турган үйүнө,
Демитип кирип келди эми.
Тогузуң бирге мен жалгыз,
Токтоно албай мен келдим:
Мыкты болсоң бери чык,
Өнөрүңдү көрөмүн
Бириңди бүгүн өлтүрүп,
Анан кийин жөнөйүн.
Жамандар сага жендирбейм,
Айганышты алдырбайм.
Ажалым окус жетпесе,
Асты сага калтырбайм.
Мыкты болсоң мындай чык,
Айтканымды азыр ук.
Албарсын колго алды эми,

Босогонун бир жагын,
Тосуп карап турду эми.
Атандын көрү жамандар,
Атышсаң да алдырбайм.
Айганышты калтырбайм.
Кудай алган жамандар,
Куруп кеткен арамдар.
Мыкты болсоң турушкун,
Мындай чыгып урушкун.
Балбан болсоң жүрүшкүн,
Майданга чыгып күрөшкүн.
Сенден калсам оңбосмун,
Мындан кийин жамандар,
Кошулуп айыл конбосмун.
Жана мындай караса,
Жакшынакай Канышай,
Түлкүдөй болуп кылтылдайт,
Мөлтүрөгөн түгөнгүр,
Жылдыздай болуп
жылтылдайт.
Канышайга кайрылып,
Мендирман белден алды эми.
Эңе качып калды эми.
Аламын деген Күлтебер,
Аңырып карап калды эми.
Асылдан артык тууган жок,
Артынан киши кууган жок.
Ачык күнү тутулуп,
Ала качып кутулуп,
Ал талаага барды эми,
Арманын айтып ыйлады,
Айганышты кыйнады.
Ат сооруга салыптыр
Ала качып барыптыр.
Айганыштай сулуунун,
Куймулчагын союлтуп,
Эки көзүн оюлтуп
Азабын колго бериптир.
— Аттан ыргып түш — деди.
Жандан үмүт үз — деди.
Өзүң кылган кеп бекен,
Сөзүм сага эп бекен.
Же Күлтебердин ишиби.

Күйгүзөр күнүң ушубу?
Атаң жакшы киши эле,
Алданын кылган иши эле.
Энең жакшы киши эле,
Эгемдин кылган иши эле.
Карга менен кузгунга,
Жем кылайын өзүңдү.
Көрсөтөйүн укмушту,
Жалдыратып өзүңдү.
Күлтебериң мында жок,
Күйөр киши сенде жок.
Ага-иниңден азгырдың,
Арбак урган жазгырдың.
Бычакты сууруп алды эми,
Жанына жакын барды эми.
Ичин жарып салууга,
Даярданып калды эми.
Айганыш коркуп жалынат,
Эки көзү балбылдап.
— Айланайын жалгызым,
Адамдан шайтан байкушмун.
Жаңылыпмын бир жолу!
Кечип койчу сен муну.
Кыйла асыл ташта бар,
Кызыл алма бакта бар.
Кызды шайтан азгырмак,
Байыркыдан наркта бар.
Какшанган булбул бакта бар,
Кара түлкү шакта бар.
Катынды шайтан азгырмак,
Калк ичинде наркта бар.
Сундум моюн кулак сал,
Султан болсоң угуп ал.
Арстан элең андагы,
Айтканымды баамдагын.
Туйгун болсоң тура тур,
Айтканымды уга тур.
Буудан болсоң кулак сал,
Арманымды угуп ал.
Айтканы деп кургурдун,
Көңүлүнө түйүп ал.
Жаш жанымды кыйбагын,
Жайымды айтып ыйладым.

Мындан ары карата,
Жалгызым сени сыйлайын.
Кырчын элем кыйбаган
Курдаш элем сыйлаган.
Кыямат кайым болгуча,
Кызматындан тынбайын.
Ошентип моюн кучактап,
Көзүнөн жашы бурчактап.
Курган жандын айынан,
Коркуп турду жалтактап,
Көк көйнөгүн силкинтип,
Көзүнүн жашын илгиртип.
Эт бышымга зыркырап,
Ыйлап турду буркурап.
Жакшынакай Канышай,
Жайын айтып ыйлады.
Ачуусу келген Мендирман,
Өлтүрүүгө кыйбады.
Бычагын алган сууруп,
Заманасын куурул:
— Мындан кийин тек жүргүн,
Мындай кылбай шүк жүргүн.
Эр эшиги сом темир,
Эритмекке эр керек.
Азаптуу башка түшкөндө,
Айтып, айтпай не керек.
Сенин кылган шумдугун,
Кылымдан чыккан кар болдун.
Кылчайып элди карабай,
Кыйналып жүрүп кор болдум.
Эми алдыбыздан бууган жок,
Артыбыздан кууган жок.
Ааламды артып издесек,
Бизге Асыл өндүү тууган жок.
Бу дүйнөдө көрбөйбүз,
Кайтып элге келбейбиз.
Бир башынды тыйып жүр,
Басар жолуң билип жүр.
Мындан ары коюп жүр,
Ойдолобой сылык жүр.
Ичигин чечип бөктөрүп,
Бул кылыгын өткөрүп.
Учкаштырып жөнөдү,

Күн батышты бет алып.
Күндөп-түндөп жол салып,
Айланып эчен тоолорду.
Тууганы менен кас болуп,
Элинен чыгып жоголду.
Бир шаарга кез болуп,
Өңү сары жез болуп.
Эл четине барды эми.
Бир адамдан кеп сурап,
Жолоочумун деп сурап.
Андан жообун алды эми.
Ошол адам кеп айтты,
Адыл кандын эли деп,
Ар жагы Жамбыл бели деп.
Өзү түркмен эли деп,
Адыл деген кан эле,
Жалгыз кызы бар эле.
Жок эле эркек баласы,
Жакшы эле журтка санаасы.
Кырк аялы бар эле,
Өзү карган жан эле.
Муну угуп сүйүнүп,
Бир кудайга сыйынып
Ушуга бала бололу,
Башты сала кирели,
Тынбай кызмат кылалы.
Аялы менен кеңешип,
Токтолгон соң кептерн.
Аялдабай жетти эми.
Аралашып кетти эми.
Кан сөөлөтүн таштады,
Карыпчылык баштады.
Зайыбын тышка калтырды,
Атын кармап олтурду,
Ал Мендирман барды эми
Кары ханга кирди эми.
Салам берди Мендирман,
Алик алды тургандар,
Адыл кан көзүн салды эми.
Жайын сурай калды эми,
—Жолоочумун, баатыр — деп,
Атым арып азгамын.
Алыс жолду баскамын,

Атым Жоро дегенмин
Алда кайдан келемин.
Адыл кан туруп кеп айтат
— Эми кайда барасың.
Кимге барып турасың?
Жолоочу болсоң жол мына,
Бадачы болсоң мал мына
Базарчы болсоң эл мына.
Туруучу болсоң жер мына,
Туура жооп бер бала,
Өңүң жакшы көрүнөт,
Өз атаң аты ким болот?
Турган жериң кайсы жер,
Теги жайың айтып бер.
— Теги жайым сурасаң,
Ногой уруу элинен,
Адашып чыккан эр элем,
Бир жолдошум бар эле,
Өзү аял жан эле.
Баласы жок жан болсо,
Башты сала кирмекке.
Бала болуп жүрмөккө,
Ошенетип эл таппай,
Бир жакшыраак жер таппай.
Күн чыгыштан келемин
Көңүлүм тындап эр болсо,
Сырымды айтып беремин.
Ата-эне да менде жок,
Бир туушкан менде жок.
Карагай башың буугамын,
Кайрылчуу жок тууганым.
Долоно башын буугамын,
Толгонор жок тууганым.
Жээрдени минип желгемин,
Жер түбүнөн келгемин.
Ушуну айтып муңайып,
Алдында турду буралып,
Андай болсо жолоочу,
Чоро болгун өзүмө.
Жооп берчи сен балам,
Ушул айткан сөзүмө.
Адыл атаң эп деди,
Ушул жакшы кеп деди.

Адыл кандын астына;
Башка жакка кетпеди.
Адылга шондо кеп айтып;
Чоро болдум деп айтып.
Колдон келген кызматты,
Өлгөнчө иштейм деп айтып.
— Мейманкана беш үй бар,
Сүйгөнүңө кирип ал.
Айбан үчүн алты үй бар,
Атыңды байлап жатып ал.
Жакшы болсоң уулумсуң,
Жаман болсоң кулумсуң.
Ошону айтып Адыл кан,
Жайын берип чыгарып,
Абыдан сыйлап жиберип.
Сүйүнгөн соң Мендирман,
Ошо бойдон барды эми.
Аты менен Капышты,
Алып жетип келди эми.
Ошол айткан жайларга,
Алып келди үйлөргө,
Сарамжалын билгизип,
Сарайларга киргизип.
Сырдуу үйгө тургузуп,
Сыйланганын билгизип.
Алтын үйгө кирди эми,
Ар сөөлөтүн көрдү эми.
Беш-алты күн Мендирман,
Белин чечпей жүрдү эми.
Алардан эч талбастан,
Аянбай кызмат кылды эми.
Капышайын кадырлап,
Канча кызмат кылды эми.
Эртең менен болгондо,
Орок, жиби колунда,
Отун мунун мойнунда.
Колоолу кумган колго алып,
Колу-бутун жуудуруп.
Бедерлүү кумган колго алып,
Бети, колун жуудуруп.
Белендетип турду эми,
Самоорун бат-бат койдуруп,
Баркы менен күттү эми.

Чогулуша келгенде,
Чечен чоро болду эми.
Душманын көргөн алыстан,
Көсөм чоро болду эми.
Түн ичинде болгондо,
Жер кыдырган бул чоро.
Отун алып от жагып,
Кызмат кылган бул чоро.
Күлүк атын жаратып,
Минген чоро болду эми.
Келе жаткан душманды,
Билген чоро болду эми.
Баскан сайын жөнөдү,
Малы жакшы төлдөдү.
Басташкандын колуна,
Асты тизгин бербеди.
Ушул чоро келгени,
Келиндер тайлак байлады,
Кемпирлер куйрук чайнады.
Адыл ханды карасаң,
Көңүлү өсүп жайнады.
Өзөн суусу май болду,
Өтө кедей бай болду.
Жабагысы тай болду,
Жалпы журту бай болду.
Томогосун кайытты,
Томаягын байытты.
Күндөн күнгө бул чоро,
Күч кайраты ташыды.
Күчаладай ачыды.
Адыл хандын ошондо,
Ар душманы жалтанды.
Ак сакалдын баарынан.
Ошо чоро бата алды.
Жер кайырчу келгенде,
Жеке чыкты бул чоро.
Топ жыйында сайраган,
Чечен чыкты бул чоро.
Түндө уктабай чалгындап,
Коргоп жүрдү бул чоро.
Алда кандай болом деп,
Ойлоп жүрдү бул чоро.
Эки кайыш, бир тизгин,

Илип жүрдү бул чоро.
Ошол элдин баарысын,
Билип жүрдү бул чоро.
Адыл хандын күлүгүн,
Минип жүрдү бул чоро.
Адыл хандын акылын,
Билип жүрдү бул чоро.
Добул келсе тийгизбес,
Караңгы токой болду го.
Доочу келсе, мал бербес,
Кайраттуу баатыр болду го.
Карагай найза ыргады,
Душмандан тынып Адыл хан,
Так түшүнүп жыргады.
Күндөн күнгө күчөгөн
Күчтүү болду ошондо.
Элинин баарын бийлеген,
Эптүү болду ошондо.
Барган сайын оңолду,
Басташканын жоготту.
Өрүшү жайык миң болду,
Өз элине дүң болду.
Ак сакалы карысы,
Ошол элдин баарысы.
Жакын болду чорого.
Айткан кептин баарысы,
Акыл болду ошондо.
Күндүз күлкү болбоду,
Түндө уйку албады.
Адыл ханды карасаң,
Эч калбады арманы.
Бет алганын жалмады.
Ит аягын мис кылды,
Туурдугун киш[1] кылды.
Душмандарын мыш кылды.
Адыл ханды карасаң,
Түнүн жарык түш кылды.
Орундарын киш кылды,
Ок атуучу душманды,
Орду менен жайлады.
Ошенстин Адыл хан,

[1] Киш — баалуу тери.

Жүрө берди жайдары.
Адыл ханга карата,
Ок атар киши калбады.
Ок атуучу душманды,
Орду менен жалмады.
Чоро ошондой болду эми,
Чоюлуп элди билди эми.
Чоюн башты колго алып,
Чоюн баштап жүрдү эми.
Найзаны колго алды эми,
Аймактын жайын билди эми.
Ошенетип бул чоро,
Жыл маалына келди эми.
Айганышы кайкалап,
Атка минип чалкалап.
А да ушундай болду эми.
Ал аңгыча бул элден,
Абжөр кемпир чыкты эми.
Үйгө жатып бул кемпир,
Ушул ишти укту эми.
Ошо мастен жез кемпир,
Айганышты көрдү эми.
Сулуусуна чыдабай,
Суктанып жатып калды эми.
Эчендн кылган куу кемпир,
Талып жатты далайга.
Куулук кылмак Канышка,
Бул желмогуз алдастап,
Алактады жан жакка.
Кемпир турду ойлонуп,
Ок жыландай толгонуп.
Сулуусуна мас болуп,
Ичинен ойлоп чок болуп.
Жорго эшекке минди эми.
Жорголотуп жүрдү эми.
Адыл хандын астына,
Жобурап сүйлөп барды эми.
Ой, Адыл хан акетай,
Менин жайым билбейсиң.
Чороңдун жайын ким дейсиң.
Чороңду мындай чоң кылган,
Барган сайын оң кылган,
Айдай сулуу жан экен,

Бир аялы бар экен.
Как ошондо көрбөгөн,
Сизде арман көп экен.
Ак перинин кызындай,
Адам болбойт ушундай.
Бейиштен чыгып келбесе,
Андай адам мында жок.
Көрүп күйүп болдум жок,
Көрсөң көөнүң бөлүнөт.
Оозунан шекер төгүлөт.
Ошол жанды көрбөсөң,
Заманаң акыр бөлүнөт.
Ал өндөнгөн бээрде жок,
Жерге кирсин дүйнө бок.
Кырк аялың бар эле,
Баарысы сулуу жан эле.
Бирөө да ага тең келбейт,
Алтынга сүйүп ким келбейт.
Алтын күмүш эгешет.
Кандай аял теңешет,
Көрсөң калат арманың,
Көрбөй кантип каласың.
Ал өңдөнгөн асылдан,
Кантип кабар аласың.
Деди дагы куу кемпир,
Токтолбой кетип калганы.
Адыл хан муну ойлонуп,
Көрүүгө көңүл салганы.
Көрөйүн деп уялбай,
Чоросу жакшы кыя албай,
Уул болуп калды эле.
Ушул кемпир балакет,
Ай жарымы ойлоном,
Мунун өзү кандай кеп,
Өзү кыйды куу кемпир,
Аялды да алдады.
Ой-боюна койбоду,
Өйдө-ылдый толгоду.
Кыяр кемпир оңбоду,
Андай болсо бармакка,
Кемпир менен көрмөккө.
Сарайына барды эми,
Сарамжалын көрдү эми.

Айганышты көргөндө,
Айтканындай таң калды.
Акылы кетип сандалды,
Көргөнү барган ханыңдын,
Көңүлү жаман бөлүндү.
Жоодураган Айганыш,
Нур кызындай көрүндү.
Ханды кудай урду эми,
Көңүлү айнып турду эми.
Өңү сулуу кызылдуу,
Көйкөлүп Каныш турду эми.
Адыл ханды ардактап,
Ар түрдүү аш бергенди.
Тамак-ашын ичкенче,
Сүрдөп ханың терделди.
Эртели-кеч эрмектеп,
Кемпир ондоп кеп айтып,
Айганышты көндүрүп,
Ашык болду деп айтып.
Адыл ханга дагы айтып,
Жакын кылып салды эми.
Бир-бирине бул ишти,
Макул кылып алды эми.
Мастан кемпир оңбоду,
Буйрук менен сомдоду.
Адыл менен Каныштьг,
Ысык кылып койгону.
Аяк жагын түгөнгүс,
Ыр кылыптыр бул кемпир.
Оңой менен айрылгыс,
Чыр кылыптыр бул кемпир.
Ханды кудай урду эми,
Аламын деп турду эми.
Кемпирге Адыл кеп айтат,
Керегиң эмне деп айтат.
Кааланганың тандап ал,
Айткының мага деп айтат.
Кемпирди хан балкытып,
Көңүлүн ачып жаркытып.
Кубандырып турду эми.
Кемпирди кудай урду эми.
— Оюмда бар ар неме,
Айтам Адыл тим эле.

Ичимде муңум бар эле,
Айтып берем сага эле.
Көтөрөм десең көңүлдү,
Көздүн жашын өзүң тый:
Он бештеги уулду,
Так өзүмө нике кый.
Анда менде арман жок,
Так ошондо көңүлүм ток.
Кемпирдин көөнүн жай кылды,
Адылдыктан бай кылды.
Канышайды алууга,
Чындап ханың камынды.
Он чакты жыл болду эми,
Бул чоронун келгени,
Көргөн жерде Адыл хан,
Муну ойлоп калды эми:
Эки-үч күнү баргын деп,
Марал-кийик аткын деп,
Эриккениң сен жазып,
Абыдан ойноп кайткын деп.
Сүйүнүп жүрдү Адыл хан,
Жумшаган жакка барат деп,
Жал-жал көз сулуу Айганыш,
Ээндеп мага калат деп.
Элиндеги карасын,
Узун кулак сарысын.
Уламанын баарысын.
Жыйып алды Адыл хан.
Акыл салды Адыл хан:
Бул чорону кантебиз,
Аялын кантип алабыз?
Өлтүрүүгө кол барбайт,
Мындай жакшы жан болбойт.
Аялы асыл жан экен,
Дүйнөдө жалгыз өзү экен.
Бул чорону чоң кылган,
Айганыштын иши экен.
Обозгер жакшы, хан жакшы,
Аял жакшы, эр жакшы.
Акылын ойлоп эл тапчы.
Сурады элден акылды,
Айла-акылын эл таппай,
Айласы кетип турду эми.

Акылман чечен кээ бирөө,
Жерди чукуп калды эми.
Алтын менен күмүштү,
Таап келип берчү эле.
Уйкусун коюп жумшасаң,
Иш бүтүрүп келчү эле.
Бала болуп калды эле,
Кылган иши чоң эле.
Же болбосо өлтүрүп,
Жок кылууга оң эле.
Жалгыз кызым Билерик,
Билерикти жиберип.
Билгизбестен чорого,
Сырын сурап билелик.
Деп ошентип кеңешип,
Сен айтчыга келишип.
Сөз таба албай көп эли,
Жерди чукуп калышып.
Анда Адыл дейт экен:
Бир карыя бар экен.
Сексенге чыккан жан экен.
Буту, колу шал экен.
Акылга дыйкан жан экен.
Ошол акыл табат деп,
Ошону мында алам деп,
Акылдашып чал менен,
Айтканына көнөм деп,
Акылга элим келели,
Ошону мында алалы.
Ошого акыл салалы.
Айтканына көнөлү,
Өлтүр десе өлтүрүп,
Билгизбей жерге көмдүрүп.
Койгун десе коёлу,
Же болбосо ошондо,
Кармап алып соёлу.
Андай болсо ошого,
Араба алып баралы.
Өзү карыган киши го,
Арабага салалы,
Көңүлүн абдан жайлагын,
Жайын жумшак камдагын.
Тула бою жумшасын,

Сары май менен майлагын.
Эмесе макул куп дешип,
Араба кошуп айдашып.
Айтканындай ошону,
Үйөр башын май кылып,
Алып келди кашына,
Адыл хан көөнүн жай кылып.
А күнү конуп таң атты,
Чоро баатыр кийик атты.
Тамашага көп батты.
Маралдын этин арттырып,
Аркан менен бек тартты:
Чоро жолго чыкты эми,
Үйүнө келип түштү эми.
Эртең менен болду эми,
Элдин баары турду эми.
Адыл хандын чоң үйдө,
Барып түшүп калды эми.
Адыл хандын үйүндө,
Арак тартып, кой союп,
Кымыз жыйып, бээ союп,
Эл чогулуп дүң болуп,
Кыйналган киши миң болуп,
Кеңеш кылып чорого,
Акылдашты ошого.
Ал карыя кеп айтат:
— Түбү түптүү жан болсо,
Кебин сурап билели.
Андан кийин көрөлү,
Оптун көлү бар эле,
Барса келбес дээр эле.
Как ошого жумшайлы,
Барса келбес жол эле,
Тирүүлөй казган көр эле.
Жолдо нечен ушундай,
Ажыдаары укмуштай.
Ажыдаар менен арбашып,
Кетсин саат чырмашып.
Ошондон ары жоголсун,
Андыган кишиң жок болсун.
Аман алгын катынын,
Жыргап аман жаткынын.
Өлтүрөм деп уулуңду,

Ойлодуң беле баатырым.
Уул болуп башында,
Урмат кылды жашында.
Кызматына тойбодуң,
Адыл хан сен да оңбодуң.
Кызыгып алып катынын,
Аламын деп ойлодуң.
Уулуң болсо ошол кул,
Айтар сөзүм мына бул:
Сөзүндү угуп алуучу,
Анан жолго салуучу.
Жаман болсо ошол кул,
Макул болот, куп болот,
Падыша сөзүң эп болот.
Деп ошентип жүрүүчү,
Барса келбес жол ашып,
Атаңдын акын доолашып,
Ошентип өлүп калуучу.
Ала турган аялды
Анан кийин алуучу.
Ала көөдөк кул болсо,
Ошондон ары жоголчу.
Айланып келбес болгон соң,
Абыдан ишиң оңолчу.
Сыркоо кары кеп айтты,
Ушул жакшы деп айтты.
Анык мыкты кул болсо,
Сөз айтышып жанашат.
Комузуң колдон талашат
Жаакташып салышат,
Аялынан кеп сура,
Кандай жайы деп сура,
Ишу жакшы кеп дешип,
Андай болсо эп дешип,
Калыстан киши жиберди,
Сыр сурап калыс турду эми,
Жүзү кара Канышын,
Көңүлүн ханга бурду эми:
— Мунум качкан качкын деп,
Акылынан шашкан деп,
Тогуз байы бар эле,
Өлтүрөмүн деди эле,
Чогулушуп келгенде,

Атка мин деп качырдым.
Тогузун өзүм жазгырдым.
Аман-эсен куткарып,
Элиңе келдим мен алып.
Өзү качкын киши деп,
Айткан кебим ушу деп,
Қанышты кудай урду эми,
Ханга көөнүн бурду эми.
Түбү-жайы ушу деп,
Жамандап айтып берди эми.
Арачысы келди эми,
Айтып баарын берди эми.
Үстүнө хандын чакырып,
Чорого киши келди эми.
Барып айтты жүр деди,
Хан үйүнө кел деди.
Қана чоро жүр деди.
Қалктын баары ошондо,
Макул болуп жүрдү эми.
Қантээр экен деген эл,
Чорону көрүп дүрбөдү.
Үстү-үстүнө тыгылып,
Жалгыздын жайын билгени.
Кымыз берип кызытып,
Ичегисин ысытып.
Кылмак болду Адыл хан,
Кымызы жок чорого,
Көзүн арткан залим хан,
Шыпыроо кары кеп айтып:
— Балам, чоро — деп айтып,
Адыл хандын сөзү бар.
Айта турган өзү бар.
Ушул сөзгө кулак сал.
Мен айтайын угуп ал,
Бир кызматым кылсын дейт,
Кыйын жолго барсын дейт.
Төгүн болсо калсын дейт,
Төрө болсо барсын дейт.
Боз адам болсо калсын дейт,
Баатыр болсо барсын дейт.
Анык болсо барсын дейт,
Арсар болсо калсын дейт.
Чоро болсо барсын дейт,

Чоочун болсо калсын дейт.
Ак сакал антип айтканда,
Үшкүрүп чоро толгонуп.
Эт бышымга эңгиреп,
Турган экен ойлонуп.
Эч бир жооп бербеди,
Чоро жаман тердеди.
Көптү көрүп камалды,
Кантип табат амалды.
Адыл туруп ошондо,
Колуна комуз алды эми,
Каңгыр-күңгүр чалды эми.
Хандын черткен күүсүнө,
Чоро кулак салды эми.
Ал аңгыча чорого,
Арак менен шараптын.
Аралашын берди эми.
Тартынбай чоро ичти эми,
Жан дүйнөдөн кечти эми.
Кымыз ичип кызыды,
Сөөктүн баары ысыды.
Арак менен мас кылды.
Алдап туруп азгырды,
Каныш менен кас кылды.
Чоочубастан эр чоро,
Ыргып турду ордунан.
Адыл хандын колунан,
Комузун жулуп алды эми:
— Ичимди ачып алайын,
Атамдын жайын айтайын.
Элимдеги жакшыны,
Атам деп атын сатпайын.
Чоро эмесмин Мендирман,
Чогоол тууган эрдирмен.
Өзүм деген эренге,
Өзөгүн үзгөн эрдирман.
Өзүм дебес арамга,
Эмил чокмор бердирман.
Өз атакем Өзүбек,
Өзүң менен тендирман.
Түп атакем Шыгайдан,
Кай уулунан кемдирман.
Ичтен ийри түшкөнмүн,

Тезге салсаң түзөлбөйм.
Ынды кара болгомун,
Самындап жуусаң агарбайм.
Доочу келсе мал бербес,
Жүгүрүк чечен Мендирман.
Добул келсе жел тийбес,
Караңгы токой эрдирман.
Уча келсең канатмын,
Ар жыйында санатмын.
Коноруңа куйрукмун
Кокусунан колуңа,
Түшүп калган туйгунмун.
Колду чапкан Мендирман,
Колум сынбай жеңдирбейм,
Ак жакалуу Мендирман,
Асты сага жеңдирбейм.
Ашык атсам уттурбайм,
Алганым сага жуттурбайм.
Тоголок башым тирүүмдө,
Жолдошумду тарттырбайм.
Төшүм тайкы турнамын,
Тийген жерди жуламын.
Коктуга кирип оттогон,
Коңур ала бугумун.
Кол жабыла ок тийип,
Ыңгыранып турамын.
Мен элимде чоголмун,
Эми кимди урамын.
Ичим оттой жанамын,
Эми кайда барамын.
Ала-Тоону кемирип,
Тоо түгөткөн баламын.
Агың сууну шимирип,
Суу түгөткөн баламын.
Алсам болду бир сайып,
Жоо түгөткөн баламын.
Адыл хан тилиң аламын.
Ажыдаарга барамын.
Тубаса да тутунган,
Как өзүндүн баланмын.
Качыргандан кайтпаган,
Кара чаар кабыланмын.
Кайсаганы мүрт кеткен,

Кара болот албарсмын.
Ирмегенин куткарбас,
Илеби кыйын албарсмын.
Ийсегенин куткарбас,
Үңкүрдө жаткан илбирсмин.
Темингенин куткарбас,
Текөөрү болот шумкармын.
Жети күнү жүгүрсө,
Жел жетпеген тулпармын.
Деги сенин сөзүнө,
Ичим күйүп муңдандым.—
Өөдө карай черткени,
Өкүмдүгү ушундай.
Ылдый карай черткени,
Ылдамдыгы ушундай.
Мен барайын калаага,
Учурайын балаага.
Ушу кезде ойлосом,
Ар нерсе бар санаамда.
Мен калаага барганча,
Кар жаабасын, нур жаасын.
Мен калаадан келгенде,
Мага десе уу жаасын.
Эки семиз ат бергин,
Арыбаган ат болсун.
Эки жолдош кошуп бер,
Эрикпеген эр болсун.
Бара жаткан казаным,
Барса келбес жол болсун.
Тобокелге салайын,
Токтолбой эми барайын.
Айдай кашым керейин,
Атаңдын көрү Каныштты,
Кудай кылып берейин.
Кырк аялың бар экен,
Кырк биринчи кылып ал,
Айтканыма кулак сал.
Сен аялдан жүдөсөң,
Ушул кепти угуп ал.
Аялым чиркин ит экен,
Ичтен жеген курт экен.
Сенин элиң Адыл хан,
Атаңы жакшы журт экен.

Бул ишимде арман жок,
Барбас жерим калган жок.
Мендирман атка конгону,
Бет алган жагым оңгон жок.
Айганышты нетейин,
Адыл сенден кетейин.
Чорону кандай кыйнадың,
Канышты кандай сыйладың.
Жүзү кара Канышай,
Дагы бузук ойлоду.
Ичип антка тойбоду.
Ушул ишин койбоду.
Ушул өңдүү аялды,
Аламын деп ойлодуң.
Напсиңди тыйып койбодуң,
Адыл-Адыл дечү эле,
Адыл сендей болобу,
Ушул өңдүү аялды,
Алган киши оңорбу,
Ишенгеним Канышым,
Ичтен жеген курт экен.
Баракелде Адыл хан,
Элиң жакшы журт экен.
Мынча каалап калган соң,
Мен барайын калаага,
Ойлоп турсам Адыл хан,
Ар нерсе бар санаада.
Ажыдаар менен арбашам,
Алптар менен кармашам.
Каман менен чалышам,
Жолборс менен алышам.
Бир жарым жыл жатышам,
Жез кемпир менен атышам.
Жети жылы турушам,
Желмогуз менен урушам.
Адам көрбөс жоо менен,
Ким кол салып катышса,
Катышамын, Адыл хан,
Атышамын, Адыл хан,
Мен Мендирман келгени,
Берекелүү бай кылдым,
Бет алган жоон жай кылдым.
Бери кара, Адыл хан,

Кай жериңден тайгылдым.
Өрүшүңдү миң кылдым,
Өз арбагың дүң кылдым,
Адыл хан деген сенсиңби
Акылы жок кемсиңби?
Адыл сендей болобу?
Уулу менен айтышкан,
Урумда сендей болобу?
Келини менен дос болгон,
Ошенткен киши оңобу?
Бул дүнүйө жалганда,
Бар мөрөйдү ким алган.
Башыңа кыйын иш түшсө,
Кимдер өлбөй, ким калган.
Бир энеден мен жалгыз,
Абайлабай мен байкуш,
Түшүп калдым торуңа,
Маңдайымдын шоруна.
Кана, Адыл сен болсоң,
Салгын мени жолуңа.
Адамың бергин колума.
Келсе менин колуман,
Казанасын алайын.
Алып келип Адыл хан,
Колуңузга салайын.
Тура калып Мендирман,
Комузун колдон таштады.
Кечтим мына үйдөн деп,
Жарагын ала баштады.
Бармак болуп калаага,
Албарс кылыч байланды.
Жолборстой эрдин сүрүнө,
Чубуртуп айткан кебине.
Чогулган журту таң калды.
Карыясы ошондо:
— Ушу кандай кеп деди,
Али да болсо ойлонгун,
Чороңдун сөзү эп деди.
Мендирмандын сөзүнө,
Акылым менин жетпеди.
Абайлап муну көрдүңбү,
Өрт жалындай көзүнө,
Арстандын сүрү өзүндө.

Байкап карап көрдүңбү,
Айтышам деп жеңдирдиң,
Атка минбей эндирдиң.
Байкабай туруп Адыл хан,
Жаман жерден жыгылдың.
Өөдөсүп жүрүп Адыл хан,
Өзүңдү өзүң сыйырдың.
Өөдө экениң билдиңби!
Көп ичинде өлдүңбү?
Айтышам деп жыгылып,
Жанындан үмүт үздүңбү?
Эй, Адыл хан, өзүң бил!
Айтам сөзүм көзүңө ил.
Аялын таштап сен өзүң,
Алдап-соолап жайын бил.
Аялына бузулуп,
Кара тер бойдон сызылып,
Кандай болду Адыл хан,
Айткан сөзүң бузулуп.
Азамат экен Мендирман,
Айткан жооно дегдеди.
Айтышам деп Адыл хан,
Тула боюң терледи.
Баракелде Мендирман,
Атадан туулган эр, деди.
Биздин тилди алсаңыз,
Билерикти бер, деди.
— Баракелде куп, деди,
Элдин сөзүн эп деди.
Ушу жакшы кеп деди,
Мендирмандай баатырга,
Тегеле киши жетпеди.
Адыл хан чыгып кыйкырып,
Элдин баарын чакырып,
Мастан кемпир кайда деп,
Буту-колун байла деп,
Ошону бери айда деп,
Ушунун кылган иши деп,
Ушул бузук киши деп.
Желдет жетип айдады,
Буту-колун байлады.
Эки көзү жайнады.
Хан алдында сайрады.

Кагылайын бегим деп,
Тындай тургун кебим деп.
Өзүнүн кылган иши деп,
Айтыштырып көргүн деп,
Анан кийин өлтүр деп.
Алтын дарга курду эми,
Калайыктын баарысы,
Айран-таң болуп турду эми.
Бир мамыны орнотуп,
Башына темир сайды эми,
— Кана бирөөң баргын деп,
Канышайды бул жерге,
Айдап алып келгин деп.
Сулуусуна суктанба,
Кызылына кызыкпа.
Ырайым кылсаң өлөсүң,
Өзүң кордук көрөсүң.
Барбаймын десе ошондо,
Мойнунан кысып байлап кел.
Жалтылдаган бейбакты,
Шакылдатып айдап кел.
Желдет турбай жөнөдү.
Салган бойдон барды эми,
Барган жерден жүр деди.
Кашында турат кыз-келин,
Баары бирдей дүрбөдү.
Кыздар менен кылтылдап,
Жаткан экен шыңкылдап.
Хандан жигит барганда,
Каары катуу көргөндө.
Калтырады бул шордуу,
Эки көзү алайып,
Жалдырады бул шордуу.
Сийдиги булут айланып,
Айтарга тили байланып.
Эмне экенин биле албай,
Туруп калды делдейип.
Кандай шумдук болду деп,
Кыздын баары селдейип.
Бир кезде эсин жыйды эми.
Булбулдай үндү салды эми,
Ботосу өлгөн ингенче,
Буркурап ыйлап турду эми.

— Бул сөзүңө көнбөймүн,
Ырайым кылсам оңбоймун,
Өзүң кылган кеп экен,
Өлүм сага эп экен.
Мендирмандай чорону.
Алдоого оюң бар экен.
Ар жагынан кеп салсак,
Атаңдан калган иш экен.
Ал Мендирман жолдошуң,
Атайы жакшы киши экен.
Жүзү кара болгун, деп,
Басып жолго киргин деп.
Камчы менен бир салып,
Айдап алды жүргүн деп.
Ыс-мысына келтирбей,
Айдап алып жөнөдү.
Кыз-келиндин баарысы,
Көргөндө көөнү бөлүндү.
Көбү жандан түңүлдү,
Эркелеткен Канышай,
Эбелектеп жүгүрдү.
Этеги жерге тийбеди,
Не болорун билбеди.
Эрке үйрөнгөн түгөнгүр,
Эки бети карарып,
Эл ичине барды эми.
Бир желдети келди эми,
Жоолугун жулуп алды эми.
Мойнуна кендир салды эми.
Эки көзү алаңдап,
Эки буту салаңдап.
Эт бышымда өлдү эми.
Ар жагында кемпирге,
Жаңы дөөлөт келди эми.
Безеленип безилдеп,
Ыйлады кемпир тызылдап.
Көп жалынды карылдап,
Жалынса да болбоду,
Адыл ханың оңбоду.
Чалкасынан салды эми,
Жер мамыны сайды эми.
Баягы кемпир сороюп,
Жез мамынын башына,

Турду мастен короюп.
Он беш күнү тим койду,
Эсеби жок эл жыйды.
Ар тараптын баарына,
Ат чаптырып той кылды.
Так ошондой ой кылды.
Керней-сурнай тарттырып,
Келбегендин баарысын,
Бээсин камап сойдуруп,
Желдеттерди чаптырып,
Асемин журттан арттырып,
Келген элдин баарысын,
Сырдуу үйгө киргизип.
Сый-сыпатын көрсөтүп,
Экиден табак тарттырып,
Ар сөөлөтүн арттырып.
Тамаша менен таң атып,
Күлкү менен күн батып.
Алты күнү той кылып,
Ар бир түрлүү ой кылып.
Калкына кабар берди эми,
Билериктей кызым деп,
Кабыл көрсө Чоромо,
Кызымды берем өзүм деп,
Мендирман макул десин деп.
Адыл ханын айтты кеп.
Добул кагып дүңгүрөп,
Тоо көчкөндөй күлдүрөп.
Хан күйөөсү дедирип,
Казы менен картаны,
Калкына бүгүн бердирип.
Кырк кыз менен кылкылдап,
Адыл хандын Билерик,
Асыл чыкты шыңкылдап.
Перинин кызы өңдөнүп,
Мендирманга көөндөнүп.
Жигит кызга кошулуп,
Жибек болду эшилип.
Аралашып тамаша,
Сөөлөтүнө караса,
Күндө күлкү тамаша,
Аны менен тим турбай,
Алтын такка мингизди:

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . 5
Карагул ботом . . . . . . . . . 16
Кулмырза менен Аксаткын . . . . . 23
Шырдакбек . . . . . . . . . 30
Эр Эшим . . . . . . . . . 63
Мендирман . . . . . . . . . . 122

*АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР*
*ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ*

**НАРОДНЫЕ ПОЭМЫ**

(на киргизском языке)

Редактор *С. Өмүрбаев*
Худ. редактор *И. Бульба*
Тех. редактор *Г. Шаршекеева*
Корректор *Ж. Исакова*

Терүүгө 2/X-1973-ж. берилди. Басууга 16/XI-1973-ж. кол коюлду. Д—02047. Кагазы типографская № 1, форматы 84×108$^1/_{32}$, 4,87 физ. басма табак, 7,18 шарттуу басма табак, 7,25 учеттук табак. Тиражы 5000. Заказ № 3642.
Баасы 80 т.

720461, ГСП, Фрунзе, 5, ул. Жигулевская, 102,
Киргизполиграфкомбинат Госкомитета Совета Министров Киргизской ССР по делам издательств, полиграфии и книжной торговли.

